Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Конституциялык палатасынын 2016-жылга карата

# ЖЫЛДЫК ДОКЛАДЫ



Кыргыз Республикасынын
Жогорку Сотунун
Конституциялык палатасынын
2016-жылга карата

# ЖЫЛДЫК ДОКЛАДЫ

Бишкек – 2017



Бул доклад Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ишмерлигинин жыйынтыктарын чыгаруу боюнча 2017-жылдын 31-январында өткөн жылдык жыйынында каралган жана жактырылган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2016-жылга карата жылдык доклады кыргыз жана орус тилдеринде басылды, ал эми электрондук варианты www.constpalata.kg расмий сайтында жайгаштырылган.

Басылма Европа биримдигинин “Кыргыз Республикасында укук үстөмдүгүн бекемдөөгө колдоо көрсөтүү” долбоорунун жардамы менен жарыяланды. Долбоор Европа биримдиги тарабынан каржыланып, Deutsche Gesellschaft für Internationale Zusammenarbeit (GIZ) GmbH (Эл аралык Кызматташтык боюнча Германия Коому) тарабынан ишке ашырылууда.

Бул басылмадагы пикирлер Европа биримдигинин, GIZ, алардын программа/долбоорлорунун же өкмөттөрдүн көз-караштарын кескин түрдө чагылдырууга тийиш эмес. Колдонулган белгилөөлөр кандайдыр бир өлкөнүн, территориянын же аймактын, же алардын чек араларынын укуктук статусуна тиешелүү көз-караштарды чагылдырбайт.

Долбоор Европа Биримдиги тарабынан каржыланат

Rule of Law

german cooperation
DEUTSCHE ZUSAMMENARBEIT

Аткаруучу:
giz Deutsche Gesellschaft für Internationale Zusammenarbeit (GIZ) GmbH

# МАЗМУНУ

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын кайрылуусу ... 5**

**Жарандардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо жагында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ролу ... 7**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын курамы ... 11**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы 2016-жылы ... 13**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы 2016-жылы кабыл алган актылардын кыска баяндамасы ... 13

**Сот адилеттигинин жогорку сапатын камсыз кылуу ... 17**

Кайрылуулардын статистикасы ... 19

Кайрылуулардын мазмуну ... 21

Кайрылууларды кароонун жыйынтыктары ... 22

Өндүрүшүнө кабыл алуудан баш тартуунун себептери жөнүндө ... 23

Конституциялык палатанын чечимдеринин аткарылышынын сереби ... 24

Эл аралык кызматташтык ... 25

Эл аралык уюмдар ... 33

Эл аралык конференциялар ... 34

**Конституциялык палатанын ишмерлигинин ачыктыгы жана айкындыгы ... 37**

Укуктук көз караштардын сереби ... 37

**Коомчулук менен байланыш ... 38**

“Конституция – өлкөнүн баш мыйзамы” темасында республикалык сынак ... 38

Студенттер үчүн лекциялар ... 40

Ачык эшиктер күнү ... 42

Конституционализмдин жайкы мектептери ... 43

**Натыйжалуу жана жеткиликтүү конституциялык сот адилеттиги ... 45**

Конституциялык палатанын жарчысы ... 45

Конституциялык палатанын аппарат корреспонденциясы ... 46

Конституциялык палатанын дареметин арттыруу ... 48

Конституциялык палатанын техникалык жабдылуусу ... 50

# ТИРКЕМЕ

**1-тиркеме ........ 51**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2016-жылга карата келип түшкөн кайрылуулар менен иштөө абалы тууралуу маалыматтар

**2-тиркеме. ........ 52**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2016-жылга карата келип түшкөн кайрылуулардын мазмуну (субъекттер, предмет, регион жана гендер боюнча)

**3-тиркеме. ........ 54**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2016-жылга карата судьялары тарабынан изилдөөнү талап кылбаган жарандардын кайрылуулары менен иштөө абалы тууралуу маалыматтар

**4-тиркеме. ........ 55**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдерин аткарылуусунун анализи

**5-тиркеме. ........ 65**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын укуктук көз караштарынын базасы



# Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын кайрылуусу

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы Конституциянын сакчысы катары, мамлекеттик бийлик органдар тутумунда өзгөчө орунду ээлеп жана Кыргыз Республикасынын Конституциясы берген ыйгарымдар алкагында иштеп, өлкөдө укуктук, демократиялык мамлекеттин калыптануусуна жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын үстөмдүгүн камсыз кылууга көмөктөшүүдө.

Конституциялык палатанын жигердүү көз карашы гана Конституциянын үстөмдүк принцибин чындап жүзөгө ашырылуусун камсыз кылат. Мындай принципти камсыз кылуу Конституциялык палата үчүн негизделүүчү болуп саналат.

Конституциялык сот адилеттиги органынын ишмерлигин баалоонун негизги критерийи болуп, анын ишмерлиги коомдук процесстерге, коомдук тең салмактуулуктун конституциялык баланстын сакталуусуна, коомдо демократиялык процесстерди омоктуу өнүктүрүүгө жана тереңдетүүгө канчалык чындап таасирин тийгизүүсү эсеп.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы 2016-жылы өз ыйгарымдар алкагында, конституциялык мыйзамдуулукту камсыз кылып, адам менен жарандын өзөктүү укуктары менен эркиндиктерине, алардын чектелүүсүнүн мүмкүндүгүнө, ошондой эле демократиялык, укуктук, дин башкаруусу аралашпаган мамлекеттин принциптерине жана бийлик бутактарынын ажырым принциптерине шайкештик предмети болгон Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөр долбооруна карата өзүнүн корутундусун сунуштады.

Өлкөдөгү конституциялык мыйзамдуулуктун абалын талдоодо, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдери ченемдик укуктук актылардын

кемчиликтерин жарандык жол менен четтетүүгө, ченем чыгаруучулук жана укук колдонуучулук ишмерлик үчүн так конституциялык багыттарды белгилөөгө жардам берерин айта кетүү зарыл. Албетте бул жагдай шексиз, өлкөдө конституциялык мыйзамдуулукту бекемдөө үчүн мамлекеттик бийликтин бардык органы бул маселеге кызыкдар болушу зарыл.

Конституциялык палатанын жүргүзгөн анализи бул жагдайдын оңолушун көрсөтүүдө. Бирок бул маселе Конституциялык палата үчүн да, башка ченемдик органдар үчүн да көйгөлүү болуп кала берүүдө.

Конституциялык палатанын чыгарган чечимдери жалпыга милдеттүү мүнөзүнө эгедер, тике иштейт, кайталап кабыл алынган акт менен жокко чыгарылышы мүмкүн эмес, акыркы болуп саналат. Ага карабастан, Конституциялык палатанын чечимдерин аткарууда мамлекеттик органдардын иш-аракеттеринде актоого мүмкүн болгон создуктуруу байкалууда, юридикалык коомчулук бул жагдайды конституциялык көзөмөл органынын актыларын тоготпогондук катары кабыл алууда. Ушуга байланыштуу Конституциялык палатанын чечимдеринин аткарылуусу механизмин күчөтүү жагында мыйзам чыгаруучулук өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылдыгы келип чыкты.

Конституциялык платанын чечимдерин аткаруу деген Конституциялык палатанын чечимдеринде мамлекеттик бийликтин мыйзам чыгаруучу жана аткаруучу органдарынын баяндалган укуктук көз карашына ылайык ченемдик укуктук актыларды келтирүү деп түшүнүү керек. Конституциялык палатанын укуктук көз карашы мыйзам чыгаруучулук регламентациясына чейин конституциялык көзөмөлдүн предмети болгон ченемдер Конституциялык палатанын актыларында конституциялык-укуктук түшүндүрмөсү болуп колдонулууга тийиш экендигин белгилеп кетүү керек.

Конституциялык палатанын чечимдери акыркы жана даттанылууга жатпай тургандыгын эске алып, кабыл алынган кайрылууларды ар тараптуу жана объективдүү карап чыгуу үчүн Конституциялык палата кызыкдар тарап катары ар кандай мамлекеттик органдардын өкүлдөрүн жана белгилүү укук жаатында адис болуп саналган дагы башка кишилерди көп чакыра баштады.

Бирок конституциялык сот өндүрүшүнө чакырылган мамлекеттик органдардын өкүлдөрүнүн кызматтык деңгээли талап кылынгандай болбой жатат, бул жагдай Конституциялык палатада ушул мамлекеттик органдардын жетекчилеринде каралып жаткан маселенин маанилүү экендиги тууралуу түшүнүк жок экендиги жөнүндө гана кабар берет.

Конституциялык палата кабыл алып жаткан актылардын маанилүүлүгүн жана андан келип чыгуучу натыйжаларды эске алганда конституциялык сот өндүрүшүндө мамлекеттик органдардын өкүл болуп келгендердин кызматтык деңгээли мамлекеттик органдын жетекчисинин орунбасары деңгээлинен төмөн болбошу керек.

Бул маселеде Конституциялык палатада каралып жаткан иштердин адистешүүсүн жана өзгөчө татаалдыгын эске алуу менен бирге өкүл болуу акысы бар кишилерге жогорку талаптарды коюу мезгили мыйзам чыгаруучулук деңгээлге келип жетти.

Конституциялык палата сунуштаган доклад коомчулуктун кеңири чөйрөсүндө түшүнүккө ээ болот жана туура деп кабыл алгандар чыгып, жарандардын конституционализмди өнүктүрүүгө болгон жалпы умтулуусун ойготуп, биздин ишмерлигибизге кызыкчылыгын арттырат деген ниеттебиз.

Ушул доклад Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2016-жылга карата калкты жана коомчулукту ачык маалымдоо боюнча салтыбызды уланткан кезектеги маалымат документи болуп саналат.

**Конституциялык палатанын төрагасы**
**Эркинбек Мамыров**

# Жарандардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо жагындагы Конституциялык палатанын ролу

Конституциялык көзөмөл ар кандай укуктук демократиялык мамлекеттин зарыл болгон белгиси. Конституциянын корголушун, адамдын укуктары менен эркиндиктерин сакталышын камсыз кылууга жөндөмү бар конституциялык көзөмөл кылуучу натыйжалуу ишчил орган түзүлмөйүн укуктук мамлекеттин курулушу, анын принциптерин жүзөгө ашыруу мүмкүн эмес.

Бүгүнкү күндө, конституциялык сот адилеттиги конституциялык көзөмөлдүн өзгөчө формасы сыяктуу демократиянын эл аралык таанылган стандарттарына кирет. Укуктук демократиялык мамлекеттүүлүктү куруунун жогорку эл аралык критерийлерин карап, Кыргызстан соттук конституциялык көзөмөлдүн адистешкен органын түзүү жолуна түшкөн.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык Конституциялык палата институционалдык жактан да, уюштуруучулук жактан да конституциялык сот өндүрүшүн жүргүзүү аркылуу конституциялык көзөмөлдү ишке ашырган өз алдынча жогорку соттук орган болуп саналат жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарынын тутумунда өзгөчө орунду ээлейт.

Конституциялык палата Конституциянын ээси жана сакчысы катары, биринчи кезекте, конституциялык ченем көзөмөлүн жүзөгө ашыруу боюнча абдан маанилүү ыйгарымдарга эгедер, т.а. Конституциянын талаптарына ылайык учурдагы мыйзамдардын иштешин камсыз кылат.

Конституциялык палата, башка өлкөлөрдүн ушул сыяктуу органдары сыяктуу башка соттorго салыштырмалуу кыйла азыраак чечим чыгарат. Маселен, 2013-2016-жылдары Конституциялык палата болгону 65 чечим кабыл алды. Бирок, Конституциялык палата кабыл алган чечимдер бир эле учурда миңдеген кишиге таасири бар, көбүнесе, өлкө үчүн төлгө сымал аныктооч мааниси бар.

Конституциялык палата кабыл алган ар бир чечим – бул конституциялык мыйзамдуулукту бекемдөөдө, Конституциянын өзөктүү принциптерине, конституциялык түзүлүштүн негиздерине ылайык мыйзам чыгаруу процессин өркүндөтүүдө мерчемдүү кадам.

Конституцияга жана “Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө” конституциялык Мыйзамына ылайык Конституциялык палата мыйзамдардын, дагы башка ченемдик укуктук актылардын жоболоруна абстрактуу конституциялык көзөмөлдөөнү ишке ашырат. Абстрактуу көзөмөлдөө деген ар ким мыйзамдын, дагы башка ченемдик укуктук актынын, эгер алар аркылуу Конституция тааныган укуктар менен эркиндиктер бузулса, алардын конституциялуулугун талаша алат деген сөз. Абстрактуу көзөмөлдөө менен бирге конкреттүү көзөмөлдөө да жокко чыгарылбайт, мындай учурда жарандар алардын конституциялык укуктарын камтыган маселелер боюнча Конституциялык палатага тике кайрыла алат.

Белгилеп кете турган нерсе, укуктук тутумду өркүндөтүү мезгилинде, жаңы Конституциянын жана ага киргизилген өзгөртүүлөрдүн негизинде мыйзамдар көз көрүнөө өнүгүп турган учурда абстрактуу көзөмөлдөө Кыргызстан үчүн чоң мааниге ээ болду. Көзөмөлдөөнүн бул формасы бийлик бутактарынын конституциялык балансынын сакталышына жана алардын шайкеш иштешин камсыз кылууга кепилдик болуп саналат.

Абстрактуу ченем көзөмөлдөөсү болуп турганда жаран өзүнүн конституциялык укуктарын коргоо үчүн жалпы юрисдикциядагы сотторго кайрылбастан дароо Конституциялык палатага

кайрылса болот. Бирок конкреттүү укуктук талаштын (иштин) болгондугу же болбогондугу жарандын кайрылуусун кароодон баш тартуу же кароого кабыл алуу үчүн формалдуу негиз экендигин белгилеп кетүү керек. Анткени Конституциялык палата ченемдик укуктук актыны Конституцияга ылайыктуулугун текшерип, укук маселелерин гана чечет да, кайрылуудагы негиздерге жана жүйөөлөр менен, жеке талаштын нагыз жагдайлары менен, конкреттүү жеке талаштагы тараптардын көз караштары менен байланышпайт, конституциялык көзөмөлдөө органына кайрылганга чейин башынан өткөн соттук инстанциялардын саны ченемдик укуктук актынын өзүн сынга алууда таасири болбойт.

Абстрактуу көзөмөлдөө алдын ала коргонууга мүмкүндүк берет – арызданууучу конституциялык эмес ченем менен өзүнүн конституциялык укугу бузулганга чейин корголушу мүмкүн, андан тышкары өтүнүчтү кароонун жыйынтыктары боюнча кайрылган адамдын гана бузулган конституциялык укуктары менен эркиндиктери гана корголбостон, укуктун талашылган ченеми менен укуктары жөнгө салынып, демек дал ушул ченем менен бузулушу мүмкүн болгон белгисиз адамдардын чөйрөсү да коргоого алынат.

Ошентип, абстрактуу ченем көзөмөлдөө мүмкүндүгү, көбүнесе, жарандардын укуктары менен эркиндиктеринин жүзөгө ашырылуусун жана корголушун конституциялык сот өндүрүшү жолу аркылуу кепилдейт.

Конституциялык палатанын соттук тажрыйбасына кайрылсак, жарандардын укуктары менен эркиндиктерин коргоого багытталып, чыгарылган чечимдери да аз эмес.

Конституциялык палата мазактоо үчүн жазык-укуктук жоопкерчиликти караган Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин ченемин конституцияга ылайык эмес деп тапты. Эми бул үчүн жазык жоопкерчилигине тартуу болбойт. Конституциялык палата өз чечиминде инсандын ар намысы менен кадырына шек келтирген же басмырлаган маалыматты таркатуу үчүн жазык куугунтугуна тыюу салган конституциялык ченемдерден келип чыгып инсандын ар намысы менен кадырын коргоо механизмдери жазык мыйзамдарында эмес, жарандык жана административдик мыйзамдарда каралышы керек деп белгилейт.

Турак жайдын кол тийгис деген конституциялык кепилдиктерге карай тинтүү жана алуу конституциялык эмес таанылып, андай иштер соттун санкциясы менен гана жүргүзүлүшү мүмкүн. Конституциялык палата турак жайдын кол тийгис укугун чектөөдө конституциялык маанилүү максаттарга өлчөмдөш жана шайкеш болуусу алдын ала соттук актыда чагылдырылуусу керек деп белгиледи.

Конституциялык палатанын 2015-жылдын 4-мартындагы № 03-Р чечими менен Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 325-беренесинин жобосу конституциялуу эмес деп таанылды, ага ылайык камакта болуп, акталган соттолуучу өкүм мыйзамдуу түрдө күчүнө кирери менен токтоосуз бошотулат. Конституциялык палата мындай деп белгиледи, актоо өкүмү мыйзамдуу түрдө күчүнө кирүү учуру башка тараптын соттук чечимге даттанылуу укугу менен да аныкталган, бирок жаза чарасын жокко чыгаруу жөнүндө маселени чечүүдө андай укук аныктооч мааниге ээ болбошу керек, анткени, биринчи кезекте, эркиндик жана жеке кол тийгис деген конституциялык укук артыкчылыкка эгедер. Актооч өкүмдүн укуктук жыйынтыгы катары акталган адамды камакта калтыруунун өзү кийин жагында инсанга орду толгус зыян келтирип, инсандын конституциялык укуктары менен эркиндиктерин кескин түрдө чектейт

Сот караган башка иште ден соолугуна байланыштуу альтернативалык кызмат өтөгөн жарандар прокуратура органдарында иштөөгө акысы жок деп аныкталган. Ден соолугуна байланыштуу альтернативалык кызмат өтөө үчүн негиз болгон себептин өзгөрүлүшүн эске алсак, тийиштүү оң жагдайдагы медициналык корутунду болгон күндө аны прокуратура органдарында кызматка кирүүгө тоскоол болуучу жагдай катары кароо мүмкүн эмес. Ушуга байланыштуу, Конституциялык палата мыйзам чыгаруучуга жарандардын прокуратура органдарында

кызмат кылуусун камсыз кылган тиешелүү мыйзамдарга зарыл болгон өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнү тапшырган.

Ошондой эле, ишкерчилик жаатында алектенген юридикалык жактар жана жарандар үчүн өткөзүлгөн эскирүү мөөнөтүн калыбына келтирүүгө тоскол кылуучу чектөөнү Конституциялык палата конституциялык эмес деп тапкан. Укук колдонуучу тажрыйбада кызыкдар жак эскирүү мөөнөтү аяктаган себептер боюнча, укуктары бузулган факты жөнүндө билбестен же билүүгө мүмкүнчүлүгү болбостон өз укуктарын соттук коргоо механизмдер аркылуу корголушун пайдалана албай калган кырдаалдар болот. Конституциялык палата бул жагдайды соттук коргонууга болгон укуктун жүзөгө ашырылуусуна мыйзам чыгаруучулук чектөө деп эсептеди. Эми, ишкерчилик менен алектенген юридикалык жактар жана жарандар олуттуу себептер боюнча эскирүү мөөнөтүн калыбына келтирүү укугуна ээ болушту

Конституциялык палатанын чечмелөө мүмкүнчүлүктөрү бар, ушуга байланыштуу, Палата текшерилип жаткан ченемдерди түшүндүрүүдө Конституциянын үстөмдүгүн камсыз кылууга багытталган. Бул максатка жетишүү үчүн талашылып жаткан ченемдин мазмунуна кол салынбастан, ченемдик укуктук актынын талашылып жаткан жобосунун ченемдик маанисин түшүнүү көз карашынан укук колдонуу тажрыйбасы түзөтүлөт жана аны колдонуу режими белгиленет, мына ушунун алкагында аны чечмелөөнүн жана андан ары колдонулушу жагында карама-каршылык, бирдей эместик жокко чыгып турат.

Конституциялык-соттук баамдоонун мындай ыкмасы башка бийлик бутактарынын өз алдынчалуулугуна, кадыресе, мыйзам чыгаруучулуктун өз алдынчалуулугуна Конституциялык палатанын аяр мамилеси көрүнүп турат. Талашылган ченем конституциялуу деп табылган соң, Конституциялык палата талашылган ченемдин маанисин туура түшүнүү үчүн аны жөн гана тактайт, анткени буга чейин болгон түшүнүк ченемдин мазмунундагы артыкбаштык менен шартталбастан, аны колдонуу тажрыйбасы менен шартталып, мыйзам чыгаруучунун эркин бурмалай алат. Ушундай маанилерди түзөтүү жагында Конституциялык палата бир катар чечимдерди чыгарды.

Конституциялык палатанын 2014-жылдын 19-декабрындагы № 60-Р чечиминде Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 339-беренесинин 2-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү процессинде кассациялык жана көзөмөл тартиптеринде жаза чарасын тандоо, өзгөртүү жана жокко чыгаруу жөнүндө токтомго даттануунун укуктук жол-жоболорунун өркүндөтүлбөгөнү ар кандай укук колдонуучулук тажрыйбага алып келди, кайсы бир учурларда мындай даттануулар каралып, кайсы бир учурларда кароосуз калып калган. Ушуга байланыштуу, Конституциялык палата мындай деп белгиледи, мыйзам чыгаруучу укуктары менен эркиндиктери бузулган жарандарга мыйзамда тыюу салынбаган бардык ыкмаларды колдонуп, реалдуу коргонууга жетишүү үчүн мүмкүндүк берген тийиштүү процесстик механизмдерди жаратуу боюнча чараларды убагында кабыл алуусу зарыл.

Палата өзүнүн башка чечими менен болсо, Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 329-беренесин жүзөгө ашыруудагы мурда болгон күмөндүүлүктү жойду. Ал мындай деп көрсөтүүдө, кылмыш жасалгандыгы жөнүндө маалымат каражатарында билдирүү жасоо кылмыш ишин козгоого себеп болуу менен сотко чейинки жана соттук өндүрүштүн ишке ашышына көмөктөшөт, бирок мындай билдирүүнүн чындыкка жатпагандыгы атайылап жалган билдирүү катары саналышы мүмкүн эмес жана Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 329-беренесинде каралган кылмыш курамын түзбөйт. Бул беренени башкача түшүнүү жана колдонуу ар кимдин өз пикирин билдирүү эркиндигине, сөз жана басма сөз эркиндигине болгон конституциялык укуктарын бузууга алып келет. Конституциялык палатанын бул чечими ар кимдин өз пикирин билдирүү эркиндигине, сөз жана басма сөз эркиндигине болгон укуктарын коргоого чыныгы салым болду деп бекем айтса болот.

Конституциялык палата конституциялык көзөмөлдөөнүн соттук органы катары Кыргызстандын укуктук тутумунун өнүгүшүн, анын мыйзам чыгаруучулугун жана бүтүндөй укук колдонуучулук тажрыйбаны адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин заманбап түшүнүүгө ылайыкташтырып багыттап келет. Бул жерден Конситуциялык палата башка мамлекеттердин конституциялык сотторунун тажрыйбасына да дыкат мамиле кылат, соттук конституциялык көзөмөлдөөнүн карамагына түшкөн бардык маселелер боюнча алардын иштелип чыккан укуктук көз карашын да изилдейт.

Конституциялык палата – бул мамлекеттик бийлик органдарынын жана кызмат адамдарынын да, жарандардын да өлкөнүн Негизги мыйзамына сый мамилени тарбиялоого чакырган мамлекеттик бийликтин маанилүү институту, ал конституциялык түзүлүштүн негиздерин бекемдеген, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин коргогон, бийлик бутактарынын принциптерин сакталуусунун жана тең салмактуулуктун конституциялык механизмдерин камсыз кылуунун өзөктүү элементи болуп калат. Конституциялык палата өз ишмерлигинде өзөктүү укуктук көз караштарды түзөт, ал өз кезегинде бийликтин мыйзам чыгаруучулук, аткаруучулук жана соттук бутактарына стратегиялык багыттарга жол салат. Конституциялык палата башка бийлик органдарынын иш милдеттерин өзүнө тартып албастан жана алардын ыйгарымдарына киришпестен, мамлекеттик бийлик органдарынын тутумунда маанилүү жана белгилүү ордун ээлеп турат. Бир жагынан, ал көз карандысыз, башка жагынан – өз чечимдери менен алардын ишмерлигине таасир этиши мүмкүн.

# Конституциялык палатанын курамы

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамына ылайык Конституциялык палата он бир судьядан турат. Азыркы учурда Конституциялык палатада 10 судья иштейт, 1 орун бош.

Конституцияга жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамына ылайык 2016-жылдын июнь айында төрага, төраганын орунбасары жана судья-катчы кайра шайланды.

| | |
|---|---|
| Төрага | **Мамыров Эркинбек Тобокелович** |
| Төраганын орунбасары | **Киргизбаев Куанбек Манаевич** |
| Судья-катчы | **Бобукеева Меергуль Рыскулбековна** |
| Судьялар | **Абдиев Курмантай** |
| | **Айдарбекова Чинара Аскарбековна** |
| | **Касымалиев Мукамбет Шадыканович** |
| | **Нарынбекова Айсалкын Омуралиевна** |
| | **Осконбаев Эмиль Жолдошевич** |
| | **Осмонова Чолпон Омоковна** |
| | **Саалаев Жедигер Ибраимович** |



*Төрага*
Мамыров
**Эркинбек Тобокелович**



*Төраганын орунбасары*
**Киргизбаев**
**Куанбек Манаевич**



*Судья-катчы*
**Бобукеева**
**Меергул Рыскулбековна**



**Абдиев**
**Курмантай**



**Айдарбекова**
**Чинара Аскрабековна**



**Касымалиев**
**Мукамбет Шадыканович**



**Нарынбекова**
**Айсалкын Омуралиевна**



**Осконбаев**
**Эмиль Жолдошевич**



**Осмонова**
**Чолпон Омоковна**



**Саалаев**
**Жедигер Ибраимович**



# Конституциялык палата 2016-жылы

## Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы 2016-жылы кабыл алган актылардын кыска баяндамасы

Конституциялык палата 2016-жылы 7 чечим, 1 корутунду жана 6 токтом кабыл алды. Өткөн жылы Кыргыз Республикасынын Конституцияга ылайык келүүсү жагында 5 мыйзамдын, 2 кодекстин ченемдик жоболору жана "Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" 1 Мыйзам долбоору текшерилди.

Биринчи соттук отурум 2016-жылдын 27-январында өттү. Конституциялык палата "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-беренесинин 1-бөлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келбейт деп тапты. Конституциялык палата бул чечиминде мамлекеттик кызматкерлердин кесиптик ишмерлигин укуктук жөнгө салууда тең мүмкүнчүлүктөр принциби өзгөчө мамилени жокко чыгарбайт. Бул мамлекеттик кызматтын милдеттери, уюштуруу принциптери жана иштешүүсү менен шартталган, ал мамлекеттик кызмат милдеттерин аткарып жаткан адамдардын кесиптик ишмерлигинин адистик мүнөзүнө байланыштуу алардын жогорку деңгээлде болушун максат кылат.

Кылмыш жасап, райондун аймагында аким болуп башкы мамлекеттик кызматы ордунда туруута жарандын укуктарын чектөө эл алдындагы бийлик органдарын социалдык колдоосунун жана мыйзам ченемдүүлүгүн арттырууга багытталган чара катары колдонуу орундуу. Мындай чара төмөнкүдөй конституциялык маанилүү максаттарды көздөйт: конституциялык жоопкерчиликти арттырууну жана укуктук демократиялык мамлекеттин таасирдүүлүгүн, коомдук укук тартипти тиешелүү деңгээлде иштөөсүн, бийликтин криминалдашуусун алдын алууну.

Бул жерден, Конституциялык палата мындай деп белгилейт, мыйзам чыгаруучу акимдин кызматына келүүнүн өзгөчө эрежелерин бекитүү менен жарандардын мамлекеттик кызматка келүү укугун чектеп, конституция коруган баалуулуктардын, коомдук жана жеке кызыкчылыктар ортосунда баланс табууга, ошондой эле адилеттүүлүк, теңдик жана өлчөмдөш принциптерин

сактооого милдеттүү, себеби алар укуктар менен эркиндиктердин мыйзам чыгаруучулук жөнгө салуунун бааланышынын конституциялык критерийлери катары чыгып, аша чаппаган, тек гана зарыл жана конституциялык маанилүү максаттар менен шартталган чаралар колдонгудай болуу керек.

Экинчи соттук отурум 2016-жылдын 17-февралында болду. Конституциялык палата Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 215-беренесинин 2-пунктунун биринчи абзацын Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы деп тапты. Конституциялык палата өз чечиминде, мыйзам чыгаруучунун жарандык укуктук мамилелердин субьектилеринин ар кандай топторуна ар кыл мамиле кылуусу мыйзам жана сот алдында бардыгы тең деген конституциялык принципке карама-каршы келет жана жарандык мамилелердин бардык ак ниет катышуучуларын бирдей даражада коргой албайт деп белгиледи.

Укук колдонуучу тажрыйбада кызыкдар тарап доонун эскирүү мөөнөтү өтүп кеткен себептүү өз укуктарын соттук коргонуу механизмдерден пайдалана албай калат, себеби укуктары бузулган фактысы жөнүндө билген эмес жана билүүгө чындап мүмкүнчүлүгү болгон эмес. Бул белгисиз бир чөйрө үчүн, көбүнесе, ишкерчилик менен алектенген юридикалык жактар менен жарандар үчүн жарандык мыйзамдын айрым ченемдеринде доонун эскирүү мөөнөтүн калыбына келтирүү мүмкүнчүлүгү жок болуусу менен шартталат, мындай жагдай соттук коргонууга болгон укуктун жүзөгө ашырылуусуна тоскоол болгон мыйзам чыгаруучулук чектөө болуп саналат.

Үчүнчү соттук отурум 2016-жылдын 11-майында болду. Конституциялык палата Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 259-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктун жана 335-беренесинин 1-бөлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келбейт деп тааныды. Камактагы адамдар жана башка жаза чарасы берилген башка адамдар үчүн айыптоочу өкүмгө даттанылууга жол берген күндөрдүн эсебинин башталышында мыйзам чыгаруучулук айырма теңдик принцибин сактоо обьективдүү жана орундуу актоону эске алуу менен киргизилген, анткени камакка алынган соттолуучу изоляцияда болуу жерине байланыштуу башка жазык сот өндүрүшүнүн калган катышуучуларына салыштырмалуу шарттары бирдей эмес.

Камакка алуу өзгөчө катуу жаза чарасы болуп, инсандын жүрүү эркиндигинен ажыратуу менен, адистешкен мекеменин режимдик эрежелерине баш ийүү зарылдыгы жана бир катар чектөөлөрдүн киргизилиши менен байланыштуу. Камакка алынган соттолуучулар, көбүнесе, алардын мыйзамдуу укуктарын коргоого багытталган процесстик документтерди түзүүдө укуктук жардам көрсөткөн өзүнүн коргоочуларынын убактысына көз каранды. Мына ушуга байланыштуу, мыйзам чыгаруучу өкүмгө апеляциялык даттануу мезгил санагынын башталышында айырмачылыкты караган.

Камакка алуу жаза чаранын эң катаалы болуп, инсанды жүрүү эркиндигинен ажыратуу менен, адистешкен мекеменин режимдик эрежелерине баш ийүү зарылдыгы жана бир катар чектөөлөрдүн кирүүсү менен байланыштуу. Камакка алынган соттолуучулар алардын мыйзамдуу укуктарын коргоого багытталган процесстик документтерди даярдаган коргоочулардын убактысына көз каранды болушат. Мына ушуга байланыштуу мыйзам чыгаруучу өкүмгө аппелияциялык даттануунун убактысынын санагынын башталышында айырмачылыкты караган.

Төртүнчү соттук отурум 2016-жылдын 21-сентябрында өткөрүлдү. Конституциялык палата «Автотранспорт каражаттарынын ээлеринин жарандык-укуктук жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пункту, 5-беренесинин 1, 2-бөлүктөрү, 10, 30, 31-беренелери Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келбейт деп тапты. Конституциялык палата чечими менен автомобилди камсыздандыруунун зарылдыгы жөнүндөгү талаш-тартыштарда акыркы сөзүн айтты. Конституцияда аныкталган чектерде укук менчиги жөн гана мүлккө ээлик кылуу, пайдалануу жана колдонуу мүмкүнчүлүгүнөн тышкары, ээлик болгон мүлккө кароо түйшүгү да бар деп ушул чечимде таанылган. Ал эми автотранспорт каражаттарынын ээлерине жарандык жоопкерчиликти камсыздандыруунун жалпыга бирдей жана милдеттүүлүк принцибин киргизмейин жабыр тарткан тараптын зыянынын ордун тургузуу мүмкүн эмес.

Автотранспорт каражаттарынын ээлеринин жарандык-укуктук жоопкерчилик аманатын милдеттүү камсыздандыруусун бекитүү бүткүл коом үчүн маанилүү болгон адамдын өмүрү жана саламаттыгы менен анын мүлкүн коргоо сыяктуу ажыратылгыс байгерликтерди конституцияда бекитилген өзгөчө коргоо талабын аткарбоо үчүн автотранспорт каражаттарын пайдалануу укугунун чектелишине алып келүүчү жагдай жарандын конституциялык укуктарын өлчөмсүз чектөө катары каралышы мүмкүн эмес.

Бешинчи соттук отурум 2016-жылдын 11-октябрында өткөрүлдү. Конституциялык палата «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы боюнча референдумду (бүткүл элдик добуш берүүнү) дайындоо тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбооруна тиркеме болуп Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизилген «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоору адамдын жана жарандын пайдубал укуктары менен эркиндиктерине, алардын чектөөлөрүнүн мүмкүнчүлүгүнө, демократиялык, укуктук, башкаруусуна дин аралашпаган мамлекеттин принциптерине, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 114-беренесинде каралган Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү тартибине каршы келбейт деп тааныган.

Конституциялык палата Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү жолдорунун бири деп референдумду белгилеген. Ошону менен бирге, Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча референдумду өткөрүү боюнча маселе ким тарабынан демилге болуп көтөрүлүүсү жөнүндө Конституцияда тикелей ченем жок. Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө референдумду өткөрүү жөнүндө маселе Конституциянын 114-беренесинин үчүнчү абзацына карап чечилиши керек, ага ылайык Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзам Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экисинин демилгеси менен референдумга чыгарылышы мүмкүн. Конституциялык палатага корутунду алуу үчүн тапшырылган Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө Мыйзам долбоору Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экисинин демилгеси менен Жогорку Кеңештин кароосуна киргизилген. Ушуга байланыштуу, Конституциялык палата «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоору Конституциянын 114-беренесинде белгиленген тартипти бузбастан референдумга чыгаруу үчүн демилге болду деп бүтүм чыгарды.

Алтынчы соттук отурум 2016-жылдын 18-октябрында өткөрүлдү. Конституциялык палата «Мунапыс берүүнүн жана ырайым кылуунун жалпы принциптери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесинин 1-бөлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келбейт деп тапты. Кыргыз Республикасынын Президентинин конституциялык ыйгарым укуктарын ишке ашыруунун механизмдерин конкреттештирүүсү, ырайым кылуу жөнүндө өтүнүч менен кайталап кайрылуу үчүн мөөнөттөрдү аныктоо, соттолгон адамдардын ырайым кылууну суроо жөнүндө конституциялык укугун чектөө катары каралышы мүмкүн эмес.

Конституциялык палатанын мындай көз карашы ырайым кылуу жөнүндө өтүнүч менен биринчи ирет кайрылууда мыйзам чыгаруучу ырайым кылуу же жазаны жумшартуу жөнүндө мындай өтүнүчтү киргизүү мөөнөтүн аныктабагандыгы менен шартталган. *Эгер көңүл* буруууга татыктуу жаңы жагдайлар болбосо, өтүнүчтү берүүдө мөөнөттү сактоо жөнүндө талап ырайым кылуу жөнүндө өтүнүч кайталанып тапшырылган учурда гана колдонулат. Бул жерден мыйзам чыгаруучу, көңүл буруууга татыктуу жаңы жагдайлар болгондо ырайым кылуу жөнүндө өтүнүч менен кайталап кайрылуунун мыйзам менен бекитилген укугу, мындай кайрылууга мөөнөт белгиленбестен, ар бир соттолгон адамдын ырайым кылуу же жазасын жеңилдетүүнү суроо жөнүндө конституциялык укугунун ишке ашырылуусунун кошумча кепилдигин караган.

Жетинчи соттук отурум 2016-жылдын 2-ноябрында өткөрүлдү. Конституциялык палата "Уюшкан кылмыштуулукка каршы аракет жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесинин 5-бөлүгү, 21-беренесинин 3, 5, 7-бөлүктөрү, 22-беренесинин 1-5-пункттарын Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келбейт деп тапты жана уюшкан кылмыштуулукка тиешеси бар адамдарга карата чектөө мүнөзүндөгү колдонулуучу чаралар

коомду жана анын мүчөлөрүн кооптуу кол салуудан коргоо максатында пайдаланылат да, жазык мыйзамында каралган жаза чарасы катары каралышы мүмкүн эмес.

Конституциялык палата бул жерден мындай деп белгиледи, талашылып жаткан Мыйзамда алдын алуучу чараларды колдонуу жагында сот материалдары каралып жаткан учурда адвокаттын катышуусунун мүмкүндүгүн тике көрсөткөн жобонун жоктугу, алдын алуучу чаралардын колдонулушуна дуушар болгон адамдын өзү тартылышы мүмкүн эмес дегенди билдирбейт. Квалификациялуу юридикалык жардамга зарыл болгон адам, ага анын процесстик статусуна карабастан сотто өз өкүлүн тандоо эркиндиги берилиши керек, ал адвокат же укук жаатында атайын билими болгон же болбогон башка сабаттуу адам болушу мүмкүн.

Алдын алуучу каттоого коюу жана сот тарабынан милдеттерди салуу жөнүндө маселени кароодо сот процессинин катышуучуларына мамлекеттик сырга тиешелүү болгон материалдар менен таанышуусун чектөө мүмкүн болуучу жагдай, анткени бул улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, адепти, калктын саламаттыгын, башка жактардын укуктары менен эркиндиктерин камсыз кылууга багытталган. Бул сыяктуу материалдарды жарыялоо уюшкан кылмыштуулукка каршы аракеттерде мамлекеттин кызыкчылыгына орду толгус зыян келтириши мүмкүн.

Ыкчам-алдын алуучу каттоого алуу жөнүндө соттун чечимине даттануу мүмкүнчүлүгү каралган, бул мындай каттоого алуу жөнүндө чечим чыгарылган адамдын укуктарын камсыз кылууда кошумча кепилдик болуп саналат. Ошону менен бирге, мыйзам чыгаруучу мындай категориядагы материалдарды кароо боюнча сот өндүрүшүнүн процесстик тартибин, ошондой эле ыкчам-алдын алуучу каттоого алуу жөнүндө жана сот тарабынан салынуучу милдеттердин түрлөрүн колдонуунун тартибин жөнгө салган эмес, муну мыйзамдын кенемтеси катары кароо керек.

Сегизинчи соттук отурум 2016-жылдын 16-ноябрында өткөрүлдү. Конституциялык палата «Автомобиль транспорту жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесинин 6-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келбейт деп таанызды.

Кабыл алынган чечимде төмөнкүдөй негиздме берилген, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында оң тараптуу транспорт кыймылы белгиленген, ал жүргүнчүлөрдүн коопсуздугун камсыз кылуу максатында айдоочулук орундун бет маңдай келаткан кыймылга карай сол жагында болушун болжойт. Ушуга байланыштуу, оң тараптуу кыймылдуу жолдо автомобилдин огуна карата алганда рулдук дөңгөлөгү оң тарабында жайгашкан автомобилдерди пайдалануу жол коопсуздугу үчүн артыкбаш коркунучту туудурат, бул жол коопсуздугу жана автотранспорт каражаттарын каттоо маселелерин караган ыйгарым укуктуу органдын транспорттордун катышуусу менен болгон жол кырсыктарынын анализи да ырастайт.

Конституциялык палата, бул чектөө зарылдыктын, өлчөмдөштүктүн жана пропорционалдуулуктун конституциялык критерийлерине таянып, мыйзам чыгаруучу коомдук жана жеке кызыкчылыктар ортосунда тең салмактуулукту камсыз кылып, жол кыймылынын коопсуздугу, калктын саламаттыгын сактоо, башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо үчүн зарыл болгон чектөөлөрдү киргизүүгө акылуу деп белгиледи.

Кабыл алынган чечимдер менен жакындан таанышууну каалагандар үчүн, Конституциялык палатанын бардык чечимдери www.constpalata.kg аттуу расмий интернет баракчасында жайгаштырылыган.



# Сот адилеттигинин жогорку сапатын камсыз кылуу

Буга чейинки докладдарыбызда да көрсөтүп келгенбиз, ИДЛО/ЮСАИД программасы менен ишке ашырылып жаткан Кыргыз Республикасында соттук тутумун бекемдөө боюнча Программасын колдоосу менен Электрондук документ жүгүртүү тутуму (ЭДТ) ишке киргизилип, колдонулууда, ЭДТ иш жүргүзүүнү толугу менен автоматташтырууга мүмкүнчүлүк түздү.

ЭДТнын жардамы менен кабинеттен чыкпастан Конституциялык палатадагы документтин жүрүшүнө көз салып, ошондой эле кызматкерге тапшырылган иштин көлөмүн аныктаса болот.

Сүрөттө ЭДТнын башкы бети



2016-жылы ЭДТ аркылуу конституциялык сот өндүрүшүнүн предметине айланган жана тиешелүү коллегиялар курамында Конституциялык палатанын судьялары жеке изилдеп чыккан жарандардын жана уюмдардын 66 кайрылуусу каралды.




Жарандар жана юридикалык жактар өзүнүн конституциялык укуктарын корголушу үчүн эч кандай алдын ала жол-жоболорусуз эле Конституциялык палатага тике кайрыла тургандыгын белгилеп кетүү керек.

Ал эми Европа союзунун өлкөлөрүндө конституциялык сот өндүрүшүн козгоо акыркы чара болуп саналат, ал кийинки маселе тууралуу кабар берет: талаш-тартышты чечүүнүн башка укуктук түрлөрү жарабай (жалпы юрисдикциядагы соттордун бардык инстанциялары өтүлгөн), аларды конституциялык сотто гана чечилбесе башка арга жок деген сөз.



# Кайрылуулардын статистикасы

Конституциялык палатанын коллегиясынын курамында судьялар караган кайрылуулар алардын субъектилерине жараша 3 түргө бөлүнөт: жеке жана юридикалык жактын өтүнүчү; Кыргыз Республикасынын судьясынын суроо-талабы жана мамлекеттик бийлик органынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кызмат адамынын, өкүлүнүн сунуштамасы (1-Диаграмма).

*1-Диаграмма. 2016-жылкы конституциялык сот өндүрүшүнүн кайрылууларынын түрлөрү жана алардын пайыздык өлчөмү*




Мурунку жылдары сыяктуу эле жарандар менен юридикалык жактарга таандык болуп киргизилген өтүнүчтөрдүн үлүшү арбын.

***2-таблица. Конституциялык палатага кайрылуунун субъектилери***

| № | Кайрылуунун субъектилери | 2016-жылы | |
|---|---|---|---|
| | | Саны | % |
| 1 | Жарандар | 48 | 72,72 |
| 2 | Юридикалык жактар | 7 | 10,6 |
| 3 | Судьялар | 1 | 1,51 |
| 4 | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары | 6 | 9,09 |
| 5 | Жогорку Кеңештин фракциялары | 2 | 3,03 |
| 6 | Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы | 2 | 3,03 |
| | **Бардыгы:** | **66** | **100** |

Мындан толугураак маалымат 1-тиркемеде.

2016-жылы келип түшкөн кайрылуулардын көбү (34ү, ал 51,5% ды түзөт) Бишкек борбор шаарына таандык.

Ысык-Көл (10, ал 15 %ды түзөт) жана Чүй (9, ал 13,6%ды түзөт) областтарында активдүүлүк байкалууда, Жалал-Абад жана Ош (3, ал 4,5%ды түзөт) областтарында бир аз өсүш бар (Диаграмма 2). Кыргызстандан тышкары туруп кайрылгандар да бар, маселен,

*2-диаграмма. Региондук курам*




56 адамдан 46 өтүнүч келип түштү, бул жерде жеке жана жамааттын атынан келип түшкөн арыздар катталган.

Жеке мүнөздөгү жарандардын 41 өтүнүчү бар, анын ичинен 36ны эректер тапшырды, 5 өтүнүчтү аял кишилер тапшырды.

Жамааттын атынан келген 7 кайрылуу бар, алар негизинен 15 кишиден келип түштү, алардын ичиинен 7си – эркек, 8и – аял кишилер (3-диаграмма).

*3-диаграмма*




Юридикалык жана жеке жактардын гендердик белгиси боюнча өтүнүч менен кайрылгандардын жарымынан көбү эркектер – 43, аял кишилер – 13.




Отчеттук мезгил ичинде кайрылуулардан тышкары Конституциялык палатага кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу же андан баш тартуу жөнүндө судьялар коллегиясынын аныктамасына 6 даттануу келип түштү, алардын ичинен:

- 5 даттануу жеке жактардан;
- 1 даттануу юридикалык жактан;

Бардык даттануулар каралды, алардын жыйынтыгы боюнча Конституциялык палата аларды канааттандыруусуз калтыруу жөнүндө токтомдорду чыгарды.

## Кайрылуулардын мазмуну

Конституциялык палатага 2016-жылы келип түшкө кайрылуулар кеңири чөлкөмдөгү маселелерге тишелүү болуучу.

66 кайрылууда 109 ченемдик укуктук актынын Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келүүсү жөнүндө маселелер коюлган, алар:

- ✓ конституциялык мыйзамдар - 3;
- ✓ кодекстер - 34;
- ✓ мыйзамдар - 31;
- ✓ Жогорку Кеңештин актылары - 2;
- ✓ Өкмөттүн токтомдору – 12;
- ✓ жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын актылары - 3;
- ✓ башка мамлекеттик органдардын актылары – 4;
- ✓ соттук актылар – 18;
- ✓ конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзам долбоорлор - 2.

Кеңири маалымат 2-тиркемеде берилген.

# Кайрылууларды кароонун жыйынтыктары

Келип түшкөн 66 кайрылуу (100%) боюнча Конституциялык палата төмөнкү актыларды чыгарды:

- кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө судьялар коллегиясынын 13 аныктамасын (19,7%);
- кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө судьялар коллегиясынын 46 аныктамасын (69,69%);
- 1 кайрылуу арызданууга кайтарылды (1,5%);
- 6 кайрылуу кароо стадиясында турат (9,09%).

4-диаграмманы караңыз

*4-диаграмма*




Конституциялык палата 2016-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 7 чечимин, 1 корутундусун, 6 токтомун жана иш боюнча өндүрүштү токтотуу жөнүндө 3 аныктамасын кабыл алды.

Конституциялык палатанын чечимдери жана токтомдору менен **www.constpalata.kg** расмий сайтында таанышса болот, алар мамлекеттик жана расмий тилдерде жайгаштырылган.

***Кайрылуулардын каралуусунун салыштырма таблицасы (2014-2016-жылдары)***

| | 2014-жылы | 2015-жылы | 2016-жылы |
|---|---|---|---|
| Кайрылуулардын бардыгы | 158 | 217 | 176 |
| КПнын судьялары караган кайрылуулар | 108 | 71 | 66 |
| КПнын аппараты караган кайрылуулар | 50 | 146 | 110 |
| Өндүрүшкө кабыл алынган кайрылуулар | 40 | 13 | 13 |
| Өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылган кайрылуулар | 68 | 53 | 46 |
| Чечимдер | 31 | 17 | 7 |
| Корутундулар | - | - | 1 |
| Токтомдор | 11 | 11 | 6 |

# Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын өндүрүшүнө кабыл алуудан баш тартуунун себептери жөнүндө

Конституция ар кимге, эгер мыйзамдар жана ченемдик укуктук актылар аркылуу Конституция тааныган жарандын укуктары менен мыйзамдары бузулуп жатат деп эсептесе, Конституциялык палатага кайрылуу укугун бекитип берген.

Ошону менен бирге, Конституциялык палатага кайрылуу учурунда "Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамы белгилеген кайрылуунун катуу эрежелерин сактоо зарыл.

Конституциялык палатага келип түшкө арыздар төмөнкүдөй баскычтардан өтөт:

1) алдын алуу тартибинде Конституциялык палатанын аппараты текшерет;
2) кайрылууну жогоруда аталган Мыйзамдын талаптарына туура келүүсүн текшерүү (3 судьядан турган коллегия);
3) текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча судьялар коллегиясы өндүрүшкө кабыл алуу же андан баш тартуу чечимин кабыл алат:
   а) өндүрүшкө кабыл алынган учурда – конституциялык сот өндүрүш процесси башталат;
   б) баш тартуу учурунда – кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө судьялар коллегиясынын аныктамасы кабыл алынат.

Талдоого алынган мезгил ичинде Конституциялык палатага 66 кайрылуу келип түштү, 46 кайрылуу өндүрүшкө кабыл алынган жок.

Өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун себептерии эмнеде?

Конституциялык мыйзамдын конституциялык сот өндүрүшү иштеш үчүн кайрылууга койгон сакталууга милдеттүү болгон белгилүү талаптары бар, алар:

1) кароого караштуулугу;
2) субъектке тиешелүүлүгү;
3) кайрылуунун формасы жана мазмуну;
4) кайрылуудагы маселенин конституциялуулугу тешерилүүсү фактынын жана Конституциялык палатанын күчүндөгү актынын болбогондугу.

Көрсөтүлгөн талаптар бузулган учурда судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартышат.

Судьялар коллегиясы кайрылууларды өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө чыгарган аныктамаларынын анализи көрсөткөндөй, көбүнесе, баш тартуунун себептери кайрылуунун мазмунуна талаптардын бузулуусу болуп саналат:

- коюлган маселе боюнча кайрылуучу тараптын укуктук көз карашынынын жоктугу жана Конституциянын тиешелүү ченемдерине шилтеме жасоо менен укуктук негиздемесинин мазмуну;
- Кыргыз Республикасы үчүн күчүнө кире элек мыйзам, башка ченемдик укуктук акт же Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзам долбоору Конституцияга ылайык келүүсү маселеде күмөндүүлүк катар аныкталган кайрылууну кароого негиздердин болбогондугу.

Формасы менен мазмунуна коюлган талаптардын бузулуусунун негиздери боюнча 22 учурда кайрылуу кабыл алынган жок.

Конституциялык палатанын алдына коюлган кайрылуулардагы маселенин кароого караштуулугу туура эмес 15 кайрылуу кабыл алынган жок, алардын ичинен 6да кайрылуучулар жалпы юрисдикциядагы соттордун чечимин жокко чыгарууну суранган.

5 кайрылуу боюнча тиешеси жок субъект тапшыргандыгына байланыштуу судьялар коллегиясы баш тарткан, ал эми 4 кайрылуу боюнча Конституциялык палата тарабынан кайрылуулардагы маселенин конституциялуулугу текшерилген жана күчүндөгү актыларды болгондугу үчүн судьялар коллегиясы баш тарткан.

“Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө” конституциялык Мыйзамы (28-берене) кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө судьялар коллегиясынын аныктамасын Конституциялык палатага даттанылуу мүмкүнчүлүгүн карайт. 2016-жылы 6 аныктама даттанылды, бирок бири да Конституциялык палата тарабынан канааттандырылган жок.

## Конституциялык палатанын чечимдеринин аткарылышынын сереби

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын үстөмдүгүн, анын өлкө аймагында тике иштешин камсыз кылуу, көбүнесе Конституциялык палатанын чечимдеринин аткарылуусунун сапатына жараша болот. Конституциялык палатанын чечимдеринин аткарылуусунун натыйжалуулугунун бир жагы соттук конституциялык көзөмөлдүн натыйжалуулугунун бир бөлүгү, башка жагы – анын максатка жетишүүсү.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдеринин аткарылуусунун мониторинги жүзөгө ашырылып жаткан конституциялык көзөмөлдөөнүн натыйжалуулугун аныктоо максатында ишке ашырылат, ал үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы өз чечимдеринин аткарылуусуна туруктуу негизде ченем чыгаруу органдарына серең салат. Ошентип, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы түзүлгөндөн тарта (2013-жылы) жана 2016-жылдын 31-декабрындагы абалына карата 65 чечим жана 1 корутунду кабыл алынган, алардын ичинен:

- Конституцияга карама-каршы келбейт деп ченемдик укуктук актыларды таануу жөнүндө 49 чечим, анын ичинен 15 чечимде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине талашылган ченемдердин конституциялуулугун текшерүүнүн жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына тиешелүү өзгөртүүлөр жана толуктоолор катары киргизилүүсү табылып, тапшырылган;
- Конституцияга карама-каршы келген же жарым жартылай карама-каршы келип талашылган ченемдик укуктук актылар жөнүндө 16 чечим кабыл алынган, 13ндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тапшырмасы бар.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын кароо предмети болуп саналган ченем чыгаруу органдарынын берген маалыматынын анализине караганда, 2016-жылдын 31-декабрынын абалына карата Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдеринен келип чыккан 28 тапшырманын ичинен - 18и аткарылды, 10 чечим аткаруу стадиясында турат.

Отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдерин аткарылуу тенденциясынын оңолуусу жөнүндө тыянак чыгарса болот, чечимдердин 64%ы аткарылды, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдеринин 36%ы аткарылуу стадиясында турат.




# Эл аралык кызматташтык

Конституциялык палатанын артыкчылыкка ээ болгон ишмерликтин багыттарынын бири жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн өңчөй органдары жана шайкеш институттары менен, ошондой эле эл аралык уюмдары менен эл аралык кызматташтык болуп саналат.

Конституциялык палатанын судьялары жана кызматкерлери чет өлкөлөр конституциялык соттору, ошондой эле ассоциация, комиссия жана конференция сыяктуу ар кандай эл аралык бирикмелер уюштурган эл аралык конференцияларда, семинарларда жана окуу стажировкаларда активдүү катышышат. Мындай эл аралык иш чараларга Конституциялык палатанын өкүлдөрүнүн катышуусу конституциялык сот адилеттиги көйгөйлөрү боюнча билимдер жана тажрыйбалар менен алмашууга мүмкүнчүлүк түздү, ошондой эле чет өлкөлүк конституциялык көзөмөлдөө институттары менен кызматташтыкты бекемдөө үчүн өбөлгөлөрдү түздү.

Конституциялык сот адилеттиги жаатында эки тараптуу кызматтыштыкты бекемдөө жана кеңейтүү максатында 2016-жылы Конституциялык палата Россия Федерациясынын Конституциялык соту менен кызматташтык жөнүндө Меморандум түздү. Ушул сыяктуу кызматташтык жөнүндө Меморандумдар Туркия, Молдова, Азербайжан жана Тажикистан конституциялык соттору менен түзүлгөн.

Отчеттук мезгил ичинде Конституциялык палатанын төрагасы Эркинбек Мамыровдун бир катар жумушчу жолугушуулары уюштурулду, алардын ичинен Европа союзунун өкүлдөрү Каталина Герман жана Клаудиа Хок, Европа союзунун Борбордук Азия боюнча атайын өкүлү Петер Буриан, Саха (Якутия) Республикасынын Конституциялык сотунун төрагасы Александр Ким-Кимэн, Эл аралык өнүктүрүү боюнча АКШ агенттигинин укук үстөмдүгү маселелери боюнча ага кеңешчиси (USAID) Эндрю Соломон менен болгон жолугушууларды белгилеп кетсе болот.

Жолугушуулардын жүрүшүндө эки тараптуу, региондук жана эл аралык кызматташтыктын маселелердин кеңири комплекси жана келечектери талкууланды, конституциялык сот өндүрүш маселелери боюнча пикирлер тажрыйбалар алмашуулар болду.

Кыргызстанга маанилүү иш сапарлардын ичинен Корея Республикасынын Конституциялык сотунун аппаратынын жетекчисинин орунбасары Ким Хон Жонг мырза төмөнкү курамда жетектеген делегациясын көрсөтсө болот, алар: маалымат жана материалдар боюнча башкы

директору Хванг Бёнг Иль, ага консультанты Ли Сёнхук, IT бөлүмүнүн башчысынын орунбасары Парк Мин Су.

Жолугушуунун максаты маалымат технологиялары жаатында өз ара кызматташтык маселелерин талкуу болду. Жолугушуунун жүрүшүндө корей тарап Конституциялык палатанын маалымат-коммуникация тутумун жана программалык-техникалык жабдылуусун өркүндөтүү боюнча учурдагы ишмерлик, жумуштар жөнүндө кабардар болушту. Кореянын Конституциялык палатасына Конституциялык палатанын аппарат кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатууда көмөк көрсөткөндүгү үчүн ыраазычылык билдирилди жана Корея Конституциялык палатасынын соттук өндүрүш процессине маалыматтык технологияларды ишке киргизүү боюнча тажрыйбасына Конституциялык палата кызыкчылыгын билдирди.

Өз кезегинде Кирм Хон Жонг мырза Азия конституциялык соттору жана шайкеш институттарынын ассоциациясынын алкагында өзгөчө кызматташуу маанилүү экенин белгилеп, Кореянын Конституциялык сотунда Кыргызстандык кесиптештери үчүн стажировкадан өтүүгө жана квалификациясын жогорулатууга андан ары көмөк көрсөтүүгө даярдыгын билгизди.

Жолугушуунун жыйынтыктары боюнча тараптар Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын IT инфраструктурасын өркүндөтүү максатында анданаркы кызматташууда кызыкчылыгын жана даярдыгын айтышты.



*Азия конституциялык соттору жана шайкеш институттарынын ассоциациясынын 4-жайкы мектеби (Анкара, 2016-жылдын 3-9-октябры)*




*Саха (Якутия) Республикасынын Конституциялык сотунун төрагасы Александр Ким-Кимэн менен жолугушуу (Бишкек, 2016-жылдын 7-сентябры)*



*АКШ агенттигинин эл аралык өнүктүрүү боюнча (USAID) укук үстөмдүгү маселелери боюнча ага кеңешчи Эндрю Соломон менен жолугушуу (Бишкек, 2016-жылдын 5-октябры)*



*«Заманбап дүйнөдө жарандардын негизги укуктарын коргоо жана улуттук коопсуздук» Болгария Конституциялык сотунун 25 жылдыгын белгилөөгө байланыштуу эл аралык конференция (София, 2016-жылы 21-22-сентябрда)*



*Борбордук Азия боюнча Европа Союзунун элчиси, атайын өкүлү Петер Буриан менен жолугушуу (Бишкек, 2016-жылы 1-сентябрда)*



*Корея Республикасынын Конституциялык сотунун делегациясы менен жолугушуу (Бишкек, 2016-жылы 9-декабрда)*



*Ереван эл аралык конференциясы (Ереван, 2016-жылдын 20-23-октябрында)*




*«Азыркы коомдогу конституциялык контроль жана демократиялык трансофрмация процесстери», Украина Конституциялык Сотунун 20-жылдыгын белгилөөгө байланыштуу эл аралык конференция (Киев, 2016-жылы 7-8-октябрларда)*




*«Мамлекеттик бийлик бутактары ортосунда ооздуктоо жана тең салмактуулуктун натыйжалуу иштешинде конституцилык контролдоо органыны орду жана мааниси» эл аралык конференция (Ысык-Көл, 2016-жылы 9-10-июндарда)*



*«Мамлекеттик бийлик бутактары ортосунда ооздуктоо жана тең салмактуулуктун натыйжалуу иштешинде конституцилык контролдоо органыны орду жана мааниси» эл аралык конференция (Ысык-Көл, 2016-жылы 9-10-июндарда)*



*Конституциялык палата жана Россия Федерациясынын Конституциялык Соту ортосунда меморандумга кол коюшуу (Санкт-Петербург, 2016-жылдын 17-майы)*



*Конституциялык палата жана Бишкек шаарынын жогорку окуу жайлары ортосунда кызматташуу жөнүндө меморандумадарга кол коюшуу (Бишкек, 2016-жылдын 22-апрели)*




*«КРда укуктун үстөмдүгүн бекемдөөгө көмөк көрсөтүү» долбоорунун жетекчиси Стефанос Кареклас мырза менен (Бишкек, 2017-жылдын 21-февралы)*

# Эл аралык уюмдар

2016-жылы Конституциялык палата Конституциялык сот адилеттиги боюнча бүткүл дүйнөлүк конференциянын, Жаңы демократия мамлекеттеринин конституциялык контролдоо органдарынын конферециясынын жана Азия конституциялык сотторунун жана шайкеш институттарынын ассоциациясынын (АКСА) толук кандуу мүчөсү катары кызматташтыгын улантты. Аталган уюмдардын толук кандуу мүчөсү деген статус Конституциялык палата үчүн мүчө болгон мамлекеттердин конституциялык контролдоо органдары менен кеңири кызматташууга, конституциялык сот адилеттиги маселелери боюнча билимдер жана тажрыйбалар менен алмашууга, ошондой эле адамдын жана жарандын пайдубал укуктары менен эркиндиктерин коргоого көмөктөшөт.




*3чү Азия конституциялык сотторунун жана шайкеш институттарынын ассоциациялар конгресси (Бали-Индонезия, 2016-жылы 8-14-августтарда)*

Азиянын конституциялык юстиция органдарынын региондук форуму катары жигердүү өнүгүп жаткан АКСАнын ролун өзгөчө белгилеп кетүү керек. Бул уюм менен кызматташуунун алкагында Конституциялык палата 2016-жылы Жакарта шаарындагы (Индонезия) Азия конституциялык сотторунун жана шайкеш институттар ассоциациясынын Башкы катчыларынын 3-кеңешмесине катышып келди. Кеңешмеде Ассоциация мүчөлөрүнүн жана Ассоциациянын боло турган 3-Конгрессинин кезектеги отурумунун уюштуруу маселелери, ошондой эле АКСАнын Туруктуу Орток Катчылыгын түзүүнүн техникалык маселелери талкууланды.

2016-жылы 8-14-августта Конституциялык палатанын төрагасы Э.Мамыров жетектеген делегациясы Азия конституциялык сотторунун жана шайкеш институттар ассоциациясынын 3-Конгрессинин ишине катышып келди, Бали аралы (Индонезия). Конгресстин жыйынтыгы боюнча Жакарта шаарында (Индонезия), Сеул шаарында (Корея) жана Анкара шаарында (Туркия) ар бир өлкөдөгү тиешелүү иш-милдеттери менен жайгашкан Ассоциациянын Туруктуу Орток Катчылыгын түзүү жөнүндө чечим кабыл алынган. АКСАнын Уставына тиешелүү өзгөртүүлөр, анын ичинде Кыргызстандын орус тилин АКСАнын жумушчу тилдеринин катарына киргизүү

жөнүндө сунушу да киргизилген. Конгресстин жыйынтыгы боюнча Бали декларациясы кабыл алынган.

Конгресске катышуунун алкагында «Адамдын укуктары менен эркиндиктерин коргоо маселелери боюнча Конституциялык палатанын тажрыйбасы» темасында доклад жасалган жана Конституциялык палатанын төрагасы Э.Мамыров Кореянын Конституциялык сотунун төрагасы Парк Хан Чуль, Индонезия Конституциялык сотунун төрагасы Хидаят, Европа Кеңешинин Венециялык комиссиясынын президенти Джанни Букиккио менен эки тараптуу жолугушууларды өткөргөн. Жолугушуунун жүрүшүндө тараптар конституциялык сот адилеттигинин ар кандай багыттары боюнча эки тараптуу мамилелердин келечектерин жана тажрыйба алмашуу маселелерин талкуулашкан.

Европа Кеңешинин Венециялык комиссиясы менен кызматташуунун жогорку деңгээлин да белгилеп кетүү зарыл. Венеция комиссиясынын рекомендациялары жана консультативдик – эксперттик жардамы Кыргыз Республикасында укуктук мамлекетти жана конституционализмди өнүктүрүү жагы тажрыйбада колдонууга алынууда. Конституциялык палатанын чечимдери Венециялык комиссия чыгарып жаткан Конституциялык сот адилеттиги бюллетенинде жана CODICES электрондук маалыматтар базасында жайгаштырылууда, ал Венеция комиссиясы мүчөлөрү болгон конституциялык сотторунун маанилүү чечимдеринин жыйнагы болуп саналат.

## Эл аралык конференциялар

Конституциялык палатанын эл аралык конференциялардын ишине катышуусу конституционализмди тереңдетүүгө жана андан аркы өнүктүрүүгө багытталган жаңы мамилелерди жана демилгелерди жүзөгө ашыруу мүмкүндүгү болуп саналат.

2016-жылы Конституциялык палатанын эл аралык ишмерлигиндеги маанилүү иш-чарасы болуп ПРООНдун колдоосу менен «Мамлекеттик бийлик бутактары ортосунда оздуктоо жана тең салмактуулук тутумунун натыйжалуу иштешинде конституциялык контролдоо органдарынын орду жана мааниси» темасындагы эл аралык конференциянын уюштурулушу болгон. Иш чара 2016-жылы 9-10-июнда Ысык-Көлдүн жээгинде болуп өттү.

Конференциянын ишине чет өлкөлүк жана жергиликтүү окумуштуу укук таануучулар жана эксперттер, Талианд, Латвия, Азербайжан, Туркия, Болгария, Россия Федерациясы, Корея, Литва, Армения, Хорватия, Румыния, Украина, Казакстан, Өзбекстан, Тажикистан, Индонезия, Монголия конституциялык сотторунун төрагалары, судьялары, ошондой эле Европа Кеңешинин Венеция комиссиясынын эксперттери катышкан. Иш чаранын жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарынын өкүлдөрү да сөз сүйлөдү.

Конференциянын негизги максаты ооздуктоо жан тең салмактуулук тутумунда конституциялык контролдоону өнүктүрүү тажрыйбасы жана тенденциясы жөнүндө тажрыйба жана пикирлер менен алмашуу болуучу.

Конференциянын ишинде эл аралык катышуучулар тематикалык докладдар менен чыгып сүйлөштү.

«Мамлекеттик бийлик бутактарынын тең салмагын табуу процессинде конституциялык соттун уникалдуу ролун аныктоочу өзөктүү учуру мамлекеттеги конституциялык контролду жүзөгө ашыруу болуп саналат, алар - бийлик органдарынын аракетин, же алар чыгарып жаткан милдеттүү маанидеги актыларын конституцияга ылайыктуулугун баалоо жана тиешелүү өкүм чыгаруу. Эгер бийлик субъектинин аракети же актысы конституциялуу эмес деп таанылса,

бул анын жараксыздыгы, укуктук жана социалдык мааниси нөлгө тете деген сөз, корутундусу ушундай» - деп Сергий Сас Украина Конституциялык сотунун судьясы белгилеген.

Азербайжан Конституциялык сотунун төрагасы Фархад Абдуллаев мыйзам үстөмдүгүнүн баалуулуктарын коргоодо конституциялык юстиция органдарынын ролу жөнүндө айтып жатып, Конституцияны кайтаруу жана коргоо тутумунда конституциялык контролдоочу органдардын маанилүүлүгүн белгилеген, ал конституциялык сот укук гана маселелерин чечет, саясаттан тышкары турат жана саясий мамилелердин субъекти болуп саналбайт деп баса белгилеген.

«Конституциялык контролдоо органы мамлекеттин соттук тутумунда борбордук орган экени талашсыз. Бул конституциялык соттук реформалоонун олуттуу жерлери кабыл алынат жана бул мамлекеттин соттук бийликтин башка бутактары менен ар кандай формада жүзөгө ашырылат дегенди билдирет», - деп Михаил Клеандров Россия Федерациясынын Конституциялык сотунун судьясы өз сөзүндө айткан.

Европа Союзунун Венеция комиссиясынын мүчөсү Владимир Гросу өз кезегинде мындай деп белгилеген, конституциялык юстиция деген конституциялык демократияда оздуктоо жана тең салмактуулук тутумун иш абалында кармап туруу алмаштырылгыс элемент жана башка мамлекеттик органдар конституциялык контролдоочу органдарга баш көтөрүп сүйлөп турганында, бул институттун көз карандысыздыгы, объективдүүлүгү жана калыстыгы коркунучта. «Бийлик органдары конституциялык контролдоо органдарынын чечимдерине макул эместигин коом алдында ачык билдирген күндө да, соттун чечимдери баары бир аткарыла турганына да даана түшүнүк берүүсү керек. Венеция комиссиясы укук үстөмдүгү жана бийликти бөлүштүрүү принциптерине ылайык келбеген тажрыйбаны жактырбасын да билдиребиз» - деп ал кошумчалады.

Конференциянын жыйынтыктары боюнча бардык катышуучулар конференциянын уюштурулушунун жогорку деңгээлин жана мамлекеттик бийлик бутактары ортосунда оздуктоо жана тең салмактуулук тутумунда конституциялык контролдоо органдарынын өзгөчө орду, анысыз укуктук жана демократиялуу мамлекетти куруу мүмкүн эместиги темасынын актуалдуулугун да белгилешти.

Конституциялык палата эл аралык конференцияны ийгиликтүү уюштургандыгынын белгиси болуп Туркия, Азербайжан, Корея жана Латвия конституциялык сотторунан кесиптештердин ыраазычылык каттары, ошондой эле башка катышуучулардын ыраазычылык пикирлери саналат.

Андан тышкары, Конституциялык палатанын өкүлдөрү отчеттук мезгил ичинде бир катар эл аралык конференциялардын ишине катышкан.

2016-жылы 25-26-апрелде Косннтитуциялык палатанын судьялары К.Киргизбаев жана Ч.Осмонова Туркия Конституциялык сотунун 54-жылдык маарекесине арналган Эл аралык конференциясына катышкан.

2016-жылы 17-21-майда Конституциялык палатанын төрагасы Россия Федерациясынын Конституциялык сотунун 25-жылдык маарекесине карата Эл аралык конференциянын, ошондой эле VI Петурбургдагы Эл аралык Юридикалык Форумдун ишине катышты. Конференциянын алкагында М.Касымалиев «Конституциялык контроль. Кыргызстандын тажрыйбасы» темасында доклад жасаган.

2016-жылы 25-26-майда Рига шаарында (Латвия) «Демократиялык мамлекетте Конституциялык соттордун соттук жигердүүлүгү» деген эл аралык конференциясы болду, анын ишине судья К.Абдиев катышкан жана Конституциялык палатанын төрагасы М.Касымалиев «Соттук жигердүүлүк жана анын калыстыгы» темасында доклад жасаган.

2016-жылы 29-30-августта Конституциялык палатанын төрагасынын орунбасары К.Киргизбаев Астана шаарында Казакстан Республикасынын Көз карандысыздыгынын 25 жылдыгына жана Конституция күнүнө арналган илимий-практикалык конференциясына катышып келген.

Конференциянын жүрүшүндө судья К.Киргизбаев «Конституция – коомдун жана мамлекеттин жандуу жана туруктуу өнүгүүсүнүн пайдубалы» темасында доклад жасаган.

2016-жылы 21-22-сентябрда Конституциялык палатанын судьясы Ч.Айдарбекова София шаарында (Болгария) «Азыркы дүйнөдө жарандардын негизги укуктарын коргоо жана улуттук коопсуздук. Конституциялык соттордун ролу» темасындагы эл аралык конференцияга катышып, «Улуттук коопсуздукту коргоо маселелеринде конституциялык контролдоо органынын ролу» темасында доклад жасаган.

2016-жылы 7-8-октябрда Конституциялык палатанын судьясы Ч.Осмонова Украинанын Конституциялык сотунун 20-жылдыгына арналган Киев шаарындагы «Азыркы коомдогу конституциялык контролдоо жана демократиялык трансформация процесстери» деген эл аралык конференциясына катышкан. Конференциянын жүрүшүндө Ч.Осмонова «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ишмерлиги алкагында жарандардын конституциялык укуктарын коргоо» темасында доклад жасаган.

2016-жылы 20-23-октябрда Конституциялык палатанын судья-катчысы М.Бобукеева Армения Республикасынын Конституциялык соту Венеция комиссиясы менен бирге уюштурган Ереван шаарындагы Еревандагы эл аралык конференциясынын ишине катышкан. Конференциянын алкагында М.Бобукеева «Мыйзамдардагы кенемтелер жана укуктук күмөндүүлүк маселелерин чечүүдөгү Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдеринин ролу жана мааниси» темасында доклад жасаган.

2016-жылы 9-15-ноябрда Конституциялык палатанын судьясы Ж.Саалаев жана Э.Осконбаев Лакноу шаарындагы (Индия)17чи Дүйнө өлкөлөрүнүн башкы судьялары эл аралык конференциясына катышты, анын жүрүшүндө региондук жана эл аралык террооризм, этникалык жана жарандык согуштарды, ядролук куралсыздандыруу жана андай куралды жайылтуу, дагы башка маселелердин көйгөйлөйрүн талкууга катышты. Конференцияда Э.Осконбаев «Бүткүл дүйнөлүк мыйзам жана балдарды коргоо үчүн наыйжалуу ааламдык башкаруу» темасында доклад жасаган.

2016-жылы 1-декабрда Конституциялык палатанын судьясы Ч.Айдарбекова «Азыркы сот адилеттиги: улуттук жана эл аралык өлчөмдөр» темасындагы VI Салыштырма укук таануу эл аралык конгрессинин ишине Москва шаарында катышты. Конгресстин алкагында Ч.Айдарбекова «Кыргыз Республикасында соттук жамааттын калыптануу проблемалары» темасында колдад жасаган.




# Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ачыктыгы жана айкындыгы

## Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын укуктук көз караштарынын сереби

Конституциялык палата конституциялык принциптерди жана ченемдерди чечмелеп же мыйзамдын, дагы башка ченемдик укуктук актынын конституциялык-укуктук маанисин таба билип, өзүнүн чечимдеринде укуктук көз карашын калыптандырат. Жол-жоболоштрулуган укуктук көз караштар Конституциялык палатанын өзүндө кароо предмети болгон конкреттүү учурга гана эмес, бардык ушуга өңчөй кырдаалдарга жайылтылат, кийин жагында ал укуктун тигил же бул маселелери боюнча Конституциялык палатанын соттук тажрыйбасын түзөт.

Чыгарлыган чечимдердин саны өскөн сайын, жол-жоболоштурулган алардагы укуктук көз караштардын саны өскөн сайын Конституциялык палатанын укуктук көз караштар базасын калыптандыруу зарылчылыгы пайда болууда. Мындай иштин жыйынтыктары конкреттүү иштерди кароодо ориентир болуп, укуктун өңчөй маселелери боюнча укуктук көз караштардын кагылышын болтурбайт.

Ошентип, Конституциялык палатанын укуктук көз караштар базасынын болуусу конституциялык сот өндүрүшүнүн максаттары жана милдеттери канчалык натыйжалуу жана сапаттуу жүзөгө ашырылып жатканын белгилөөгө жардам берет.

2016-жылы сентябрь айында Кыргыз Республикасында конституциялык контролдоо органынын тарыхында биринчи жолу Конституциялык палата түзүлгөн учурдан тарта 2016-жылдын 31-декабрына чейинки чечимдерде баяндалган укуктук көз караштар базасын түзө алды.

# Коомчулук менен байланыш

## «Конституция – өлкөнүн баш мыйзамы» темасына Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын республикалык сынагы

2016-жылдын 25-мартынан 30-апрелине чейин Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы «Кыргыз Республикасында тынчтыкты жана стабилдүүлүктү орнотуу үчүн Укук үстөмдүгүн бекитүү» БУУӨПнын долбоорунун техникалык колдоосу менен Кыргыз Республикасынын Конституция Күнүнө карата арналган «Конституция – өлкөнүн баш мыйзамы» темасына студенттер арасында республикалык сыянак жарыялаган.

Сынак студенттердин мамлекеттин баш мыйзамына мамилесин ачкан мыкты материалдарды (эссе, чыгарма, аңгеме, ыр, видео жана фотоматериал, сүрөттөр, дагы башка көркөм жана интеллектуалдык чыгармачылыктын материалдарын) аныктоо максатында өткөрүлгөн.




Сынактын жыйынтыктары 2015-жылы 4-майда борбор шаарыбыздын студентерри үчүн Ачык эшиктер күнү өткөрүлгөн.

Сынакка республиканын булуң-бурчунан 80 ден ашуун студент катышты. Бир катышуучуга материал тапшыруу жагы чектелбегендиктен 100дөн ашуун материал келип түшкөн.

Сынактын жыйынтыгы боюнча биринчи орунга Б.Ельцин атындагы КРСУнун студенти Алмасбек кызы Мадина ээ болду, белекке планшет алды. Экинчи жана үчүнчү орундар Ж. Баласагын атындагы КУУнун студенти Аманбаев Нургазы менен КРПБАнын студенти Жаанбаев Элдоско тийди, алар смартфондорго ээ болушту. Сынактын жеңүүчүлөрү Конституциялык палата Ысык-Көлдүн жээгинде жылыга өткөрүүчү конституционализмдин жайкы мектебине катышууга чакырууларды алышты.

Андан тышкары, шыктандыруучу белектерге - белектер кутучасына жана Конституциялык палатада стажировка өтүү мүмкүнчүлүгүнө КМЮА студенти Кахарова Айзада жана М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономика университетинин студенти Буковская Дарья ээ болушту.

Мараага жеткендердин бардык материалдары, ошондой эле башка мыкты чыккан иштер Конституциялык палатанын сайтында жарыяланган.



# Жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн Конституциялык палатанын судьяларынын лекциялары

Конституциялык палатынын судьялары Конституция Күнүнө карата студенттер үчүн мейман лекцияларын өткөрүүсү салт.

Лекцияларда судьялар Конституциянын тарыхы жана анын мамлекеттин, коомдун жана инсандын турумушундагы мааниси жөнүндө айтып беришет. Конституциянын үстөмдүгүн жана адамдын укуктары менен эркиндиктерин коргоону камсыз кылуу боюнча орган катары Конституциялык палатанын ролу жана иш-милдеттери жөнүндө студенттерге да айтып беришет.




*Конституциялык палатанын төрагасы Эркинбек Мамыров Ж. Баласагын атындагы КУУнун студенттери үчүн лекция өтүп жатат*

Мейман лекциялары К.Дикамбаев атындагы КР ТИМдин Дипломатиялык академиясынын, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин, Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин студенттерине да окулган.



*Конституциялык палатанын судьясы Чинара Айдарбекова Б.Ельцин атындагы КРСУнун студенттери үчүн лекция өтүп жатат*

Ошондой эле быйылкы жылы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин жана Ош мамлекеттик университетинин студенттерине судья Курмантай Абдиев лекция окуп берген.

Коомду укуктук агартуу максатында Конституциялык палатанын судьялары жыл ичинде студенттер үчүн ар кандай окуу жайларда мейман лекцияларын окуп беришет.




*Конституциялык палатанын судьясы Курмантай Абдиев Жалал-Абад мамлекеттик университетинин студенттери менен жолугушууда*

# Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Ачык эшиктер күнү

6 май күнү Конституциялык палата Кыргыз Республикасынын Конституция Күнүнө карата, Ж.Баласагын атындагы КУУунун, Б.Ельцин атындагы КРСУнун, КМЮАнын, БААУнун жана К.Дикамбаев атындагы КТИМдин Дипломатиялык академиясынын студенттери үчүн Ачык эшиктер күнүн уюштуруп беришти. Студенттер менен жолугушуу учурунда Конституциялык палатанын судьялары жана аппарат кызматкерлери Конституциялык палатанын ишмерлиги, Конституция жана анын коомдогу ролу жөнүндө айтып беришкен. Өз кезегинде студенттер өтүнүч менен Конституциялык палатага кантип кайрылса болот, соттун чечимдери кандай чыгат, кантип судья болот деген ж.б. суроолорду берип кызыгуусун билдиришкен. Конституциялык палатанын судьялары студенттер менен жолугушууда Конституциялык палата ачык соттук орган болуп саналарын жана ар ким, анын ичинде студенттер дагы Конституциялык палатанын соттук отурумдарына катышса болорун белгилеп кетишти.



*Конституциялык палатанын судьясы Чолпон Осмонова Ачык эшиктер күнүнө келген студенттер менен жолугушууда*

# Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын конституционализминин жайкы мектептери

Конституциялык палата ПРООНДун, «Сорос – Кыргызстан» Фондунун, Эл аралык кызматташтыктын Германия коомунун (GIZ) техникалык колдоосу менен Ысык-Көлдүн жээгинде ар жылдык Конституционализмдин Жайкы мектебин өткөргөн.

Конситуционализмдин жайкы мектептери журналисттер, адвокаттар, ченем жаратуучу, дагы башка мамлекеттик органдардын өкүлдөрү үчүн өткөрүлгөн.

Конституционализмдин Жайкы мектептерине 80 ашуун киши катышкан.

Конституциялык палатанын адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин коргоо тутумунда ролу өзгөчө жана маанилүү экендигин түшүнүп, мындай органдын ишмерлиги жөнүндө катышуучулардын билимин арттыруу, Конституциялык палатанын ишин маалымат каражаттарында берилүүсүн жакшыртуу болуп саналган.



Жайкы мектептин катышуучуларына Конституциялык палатанын судьялары, Конституциялык палатанын Аппарат кызматкерлери жана эксперттери чыгып, сөз сүйлөп беришти. Эл аралык эксперт катары Латвия Конституциялык сотунун төрагасы, көрүнүктүү укук таануучу Алдис Лавиныш чакырылган, ал мамлекеттик органдар тутумунда конституциялык контролдоо органдарынын ролун жана ордун аныктоодо эл аралык тажрыйба менен бөлүштү.

Иш чаранын жүрүшүндө Кыргызстанда конституциялык сот адилеттигин өнүктүрүүгө байланыштуу, Конституциялык палатанын ролу жана иш-милдеттери, Конституциялык палатада маселелер кантип каралат деген сыяктуу маселелер талкууланды.



Жайкы мектепте ченем жаратуучу, дагы башка мамлекеттик органдардын өкүлдөрүнүн катышуусу менен талашылып жаткан ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугун баалоодо ыкмалар маселелери, палатанын чечимдеринин юридикалык күчү өзгөчө кызуу талкууну жаратты. Андан тышкары, Конституциялык палатада иштерди кароодо мамлекеттик органдарынын өкүлчүлүгүн көтөрүү жана анын чечимдерин аткаруу механизмин өркүндөтүү маселелери талкууланган.

Журналисттерге Конституциялык палатанын чечимдери маалыматты туура алуу үчүн кандай окулушу керек экендиги тууралуу айтып беришти. Журналисттер топторго бөлүнүп, чечимдердин тексттерине таянып макалалар менен жаңылыктарды иш жүзүндө жазып көрүштү.

Конституциялык палатага кайрылуулардын статистикасын жана жылдан жылга өсүү тенеденциясына ээ болгон өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуулардын санын эсепке алуу менен адвокаттардын конституциялык сот өндүрүшү тууралуу билимин жогорулатуу үчүн судьялар Конституциялык палатага кайрылуунун негиздери, ошондой эле конституциялык сот өндүрүшүнүн стадиялары жана Конституциялык палатанын актылары жөнүндө айтып беришти.



# Натыйжалуу жана жеткиликтүү конституциялык сот адилеттүүлүгү

## Конституциялык палатанын жарчысы

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын жарчысы Конституциялык палатанын расмий басылмасы болуп саналат. Жарчы коомчулукту Конституциялык палатанын кабыл алынган чечимдери тууралуу маалыматынан кеңири кабардар болушу максатында басылат. Конституциялык палатанын чечимдерин милдеттүү түрдө расмий басылмада расмий жарыяланышы тууралуу талап «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамда (52-беренеде) бекитилген.

Конституциялык палата 2016-жылы Конституциялык палатанын кезектеги чыгарылышы жарык көргөн, анда Конституциялык палата 2016-жылы кабыл алган жыйынтыктоочу актылар жарыяланган, алар: 7 чечим, 1 корутунду жана 5 токтом.

Жарчынын 2016-жылдагы саны 500 нусканы түздү. Жарчы мамлекеттик жана расмий тилдерде жарыяланат. Жарчы Кыргыз Республикасынын судьяларына, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарына, мамлекеттик органдарга, ЖОЖдорго, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасына, бардык областык китепканаларга, судьяларды, адвокаттарды, прокурорлорду, дагы башкаларды окутуучу борболоруна таратылат.




2016-жылы Конституциялык палата өзүнүн www.constpalata.kg расмий сайтын заманбап кылып жаңырткан жана өзүнүнү ишмерлиги тууралуу маалыматты жаңыртып туруу жана жарыялап туруу жумуштарын туруктуу негизде алпарат.




*Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын расмий сайты*

## Конституциялык палатанын аппарат корреспонденциясы

2016-жылы Конституциялык палатанын аппараты алдын ала тартипте, судьянын катышып изилдөөсү талап кылынбаган кайрылуулар боюнча, жарандардын 110 кайрылоуусу каралган, ал кайрылуулардын жалпы санынан 62,5% ды түзөт (Диаграмма 5).

*5-диаграмма*



Судьянын катышып изилдөөсү талап кылынбаган кайрылууну Конституциялык палатанын аппараты карайт жана «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын алкагында чечилет.

Кайрылуулардын көбү Бишкек шаарына (66) жана Чүй областына (22) таандык.

5 областта кайрылуулардын активдүүлүгү анчалык эмес, Россия Федерациясынан жана АКШы мамлекеттеринен 2 кайрылуу келген (Диаграмма 6).

*6-диаграмма*




Келип түшкөн корреспонденциянын бардыгы – 856, ченемдик укуктук актылар – 186, чыккан корреспонденция – 1096.

Жарандарды кабыл алуу бөлмөсүндө 75 жаранга консультация берилди.

Конституциялык палатанын төрагасы 15 жаранды жека кабыл алды.

Конституциялык палатанын расмий сайтынын интернет кабылдамасы аркылуу 12 кайрылуу келип түштү.

# Дареметти арттыруу

Конституциялык палатынын аппаратынын ишмерлигинин натыйжалуулугун камсыз кылуу үчүн аппарат кызматкерлери үчүн чет өлкөдөн тажрыйба алмашуу жана квалификациясын жогорулатуу үчүн белгилүү шарттар түзүлөт.

2016-жылдын 8-12-февралында Конституциялык палатанын улук консультанты-пресс-катчысы сот тутумунун пресс-катчылары үчүн уюштурулган тренинге катышты. Бул окутуучу иш чаранын максаты сот тутумунун пресс-катчыларынын потенциалын жогорулатуу, соттордун ишмердүүлүгү жөнүндө коомчулукка өз убагында маалымат берүү болуп саналган. Тренинг Европа Биримдигинин «Кыргыз Республикасындагы укуктун үстөмдүгүн бекемдөөгө көмөк көргөзүү» Долбоорунун алкагында Жогорку сот, Жогорку соттун алдындагы соттордун окуу борбору тарабынан уюштурулган.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин окутуу борборунда финансы-чарбалык бөлүмдүн улук консультанты жана укуктук камсыздоо башкармалыгынын консультанты 2016-жылдын 5-10 августунда жана 3-7 октябрында «Товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик сатып алууларды башкаруу» темасында терендетилген курсту окуп өтүштү.

2016-жылы Азия конституциялык соттордун жана шайкеш институттардын ассоциациясы жана башка эки тараптуу макулдашуулар алкагында Конституциялык палатанын аппарат кызматкерлери окуу максаттарында Туркиянын жана Кореянын конституциялык сотторун көрүп келишти. 2016-жылы 3-9-октябрда Туркия Республикасынын Конституциялык соту уюштурган АКСАнын 4чү Жайкы мектебине барып келишти. Жайкы мектеп Анкара жана Стамбул шаарларында Афганистан, Алжир, Индонезия, Казакстан, Кыргызстан, Косово, Малайзия, Молдова, Монголия, Мьянма, Россия, Тажикистан жана Туркия сыяктуу мамлекеттердин конституциялык сотторунун жана шайкеш институттарынын делегацияларынын катышуусу менен болуп өткөн. Аппарат кызматкерлери Конституциялык палатанын ишмерлиги жөнүндө мектептин катышуучулары үчүн презентацияларды жасашты, ошондой эле чет өлкөлөрдө үй-бүлөнү жана энеликти конституциялык коргоо усулдары изилденген.

2016-жылы 9-15-октябрда аппараттын эки кызматкери Сеул шаарында (Корея) Корея Конституциялык соту уюштурган конституциялык сот адилеттиги чөйрөсүндө IT технологиялар боюнча окутуучу семинарына катышып келишти. Семинардын жүрүшүндө Кореянын Конституциялык сотунун маалымат коопсуздугун камсыз кылуу жана коргоо усулдары изилденген, кийин жагында алар Конституциялык палатада иш жүзүнө ашырылды.




*Конституциялык палатанын улук консультанты–пресс-катчысына сот тутумунун пресс-катчылары үчүн тренинге катышуусу тууралуу сертификат тапшырылууда*




*Конституциялык палатанын аппаратынын кызматкерлери Корея Конституциялык сотунун аппаратынын жетекчиси менен жолугушууда*

# Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын техникалык жабдылуусу

Коомчулуктун кызыкчылыгын туудурган талаш иштерди кароодо Конституциялык палатанын ишмерлигинин мезгили ичинде соттук отурум залы процесске катышууну каалагандардын баарын, анын ичинде маалымат каражаттарынын өкүлдөрүн дагы батыра албай калган учурлар да болгон. Ушуга байланыштуу, ар ким үчүн конституциялык сот адилеттигинин ачыктыгын жана жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу максатында имараттын киришинде соттук отурумду тике көрсөтүү үчүн телекөрсөтүү экранын орнотуу боюнча иштер жүргүзүлгөн.

Андан тышкары, Конституциялык палатанын судьяларынын, интернет ресурстарын жигердүү пайдалануучуларынын, ошондой эле конституционализмдин жайкы мектебинин пикирин эске алуу менен Конституциялык палатанын расмий сайты заманбап жаңыртылган:

- болуучу соттук отурумдардын пресс-анонстору жарыяланып турат;
- сот өндүрүшүнө кабыл алынган кайрылуулар жарыяланып турат;
- жарыш сөзгө чыккан адамдар боюнча бөлүштүрүлгөн тартиптеги соттук отурумдардын видеожазмалары жарыяланып турат;

Ошону менен бирге, Кореянын Конституциялык сотунун өкүлдөрү менен өткөрүлгөн жемиштүү жолугшуулардын жана Кореялык кесиптештер тарабынан чыгымдарын өзүнө алып, өтүлгөн курстардын жыйынтыктары боюнча Конституциялык палатада маалымат коопсуздугун жана бүтүндөй тутумду коргоону көтөрүү боюнча жумуштар жасалган.

Белгилей кетүү керек, бүгүнкү күндө Конституциялык палатада Электрондук документ жүгүртүү тутумун жаңыртуу зарылдыгы келип чыккан, ал иш Кыргызстанда соттук тутумду бекемдөө боюнча USAID жана ИДЛО программасынын финансылык колдоосу менен «Адилет сот» мамлекеттик ишканасынын жардамы менен жүргүзүлүп жатат.






# 1-тиркеме

**Кайрылуулар боюнча иштердин (өтүнүч, сунуштама, суроо-талап) жана СКА даттануулардын абалы жөнүндө маалыматтар**

31.12.2016-жылга карата

| т/б № | Кайрылуунун таризи | Кайрылуу субъекттери | Кайрылуулардын саны | Кароо стадиясында (30к.ж.) | Кайтарылды | Өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылды | КР ЖК КП актыларына түшүндүрмөлөр берилди | Өндүрүшкө кабыл алынды - 13, алардын ичинде: Чечимдер кабыл алынды | Корутундулар кабыл алынды | Өндүрүштө (5 ай) | Токтотулду | Токтото турулду | Кароосуз калтырылды | алардын ичинде иштер бириктирилди | алардын ичинде кайрылуусу ичинен өзүнчө талаптар бөлүндү | Соттук коллегиянын аныктамалары даттанылды: Даттануулардын саны | Кароо стадиясында | Тиешелүү чечим кабыл алынганга чейин [illegible] | Токтомдор кабыл алынды: Өндүрүшкө кабыл алынды | Өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылды | Кароосуз кайтарылды | Былтыркы жылдагы кайрылууларды кароонун жыйынтыгы: Кайрылуулардын саны | Кароо стадиясында (30к.ж.) | Кайтарылды | Өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылды | КР ЖК КП актыларына түшүндүрмөлөр | Өндүрүшкө кабыл алынды - 4, алардын ичинде: Чечимдер кабыл алынды | Корутундулар кабыл алынды | Өндүрүштө (5 ай) | Токтотулду | Токтото турулду | Кароосуз калтырылды | алардын ичинде иштер бириктирилди | алардын ичинде кайрылуусу ичинен өзүнчө талаптар бөлүндү | Соттук коллегиянын былтыркы жылдагы аныктамалары даттанылды: Даттануулардын саны | Кароо стадиясында | Тиешелүү чечим кабыл алынганга чейин [illegible] | Токтомдор кабыл алынды -0: Өндүрүшкө кабыл алынды | Өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылды | Кароосуз кайтарылды |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Өтүнүч | Жеке жактар | 48 | 2 | 1 | 35 | | 4 | | 5 | 1 | | | | | 5 | | | | 5 | | 5 | | | 2 | | 2 | | | 1 | | | | | | | | | | |
| | | Юридикалык жактар | 7 | 1 | | 4 | | | | 1 | 1 | | | | | 1 | | | | 1 | | 1 | | | | | 1 | | | | | | | | | | | | | |
| | | | 55 | 3 | 1 | 39 | | 4 | | 6 | 2 | | | | | 6 | | | | 6 | | 6 | | | 2 | | 3 | | | 1 | | | | | 0 | | | | | |
| 2. | Сунуштама | КР Жогорку Кеңеши | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | Жогорку Кеңештин фракциясы (фракциялары) | 2 | | | 1 | | | 1 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | КР Президенти | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | КР Өкмөтү | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | КР Премьер-министри | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары | 6 | 1 | | 5 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | КР Башкы прокурору | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) | 2 | 2 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | 10 | 3 | | 6 | | | 1 | | | | | | | 0 | | | | | | 0 | | | | | | | | | | | | | 0 | | | | | |
| 3. | Суроо-талап | КР судьясы (судьялар) | 1 | | | 1 | | | | | | | | | | | | | | | | 1 | | | 1 | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | 1 | | | 1 | | | | | | | | | | 0 | | | | | | 1 | | | 1 | | | | | | | | | | 0 | | | | | |
| | | БААРЫ | 66 | 6 | 1 | 46 | | 4 | 1 | 6 | 2 | | | | | 6 | | | | 6 | | 7 | | | 3 | | 3 | | | 1 | | | | | 0 | | | | | |

# 2-тиркеме

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2016-жылга карата келип түшкөн кайрылуулардын мазмуну (субъекттер, предмет, регион жана гендер боюнча)

**Кайрылуулардын субъектилери боюнча маалымат (өтүнүч, сунуштама, суроо-талап)**

31.12.2016-жылдын абалы боюнча

| № п/п | Кайрылуулардын субъектилери | Жалпы саны |
|---|---|---|
| 1 | КР Акыйкатчысы (Омбудсмен) | 2 |
| 2 | КР Башкы прокурору | |
| 3 | КР Жогорку Кеңеши | |
| 4 | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары | 6 |
| 5 | КР Өкмөтү | |
| 6 | КР Президенти | |
| 7 | КР Премьер-министри | |
| 8 | КР судьясы (судьялары) | 1 |
| 9 | Жеке адамдар | 48 |
| 10 | КР Жогорку Кеңешинин Фракциясы (фракциялары) | 2 |
| 11 | Юридикалык жактар | 7 |
| | **БАРДЫГЫ** | **66** |

**Кайрылуулардын предметтери боюнча маалыматтар (өтүнүч, сунуштама, суроо-талап)**

31.12.2016-жылга карата абалы

| № п/п | Кайрылуулардын предмети | Жалпы саны |
|---|---|---|
| 1 | Конституциялык мыйзамдар | 3 |
| 2 | Кодекстер | 34 |
| 3 | Мыйзамдар | 31 |
| 4 | Убактылуу Өкмөттүн Декреттери | |
| 5 | Өкмөттүн токтомдору | 12 |
| 6 | Жогорку Кеңештин актылары | 2 |
| 7 | Башка мамлекеттик органдардын актылары | 4 |
| 8 | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын актылары | 3 |
| 9 | Соттук актылар | 18 |
| 10 | Эл аралык келишимдер | |
| 11 | Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөр долбоору | 2 |
| | **БАРДЫГЫ** | **109** |

**Кайрылуулардын региондору боюнча маалыматтар (өтүнүч, сунуштама, суроо-талап)**

31.12.2016-жылга карата абалы

| № п/п | Географиялык чөлкөмү | Жалпы саны |
|---|---|---|
| 1 | Германия | 1 |
| 2 | Бишкек шаары | 34 |
| 3 | Ош шаары | 3 |
| 4 | Баткен областы | 1 |
| 5 | Жалал-Абад областы | 3 |
| 6 | Ысык-Көл областы | 10 |
| 7 | Нарын областы | 1 |
| 8 | Ошская область | 3 |
| 9 | Талас областы | 1 |
| 10 | Чүй областы | 9 |
| | **БАРДЫГЫ** | **66** |

**Кайрылуулардын гендердик белгилери боюнча маалыматтар**

31.12.2016-жылга карата абалы

| Арызданууучунун түрү | Кайрылуулардын саны | Кайрылгандардын саны | алардын чичинен | |
|---|---|---|---|---|
| | | | эркектер | аялдар |
| Жеке жак (жаран) | 41 | 41 | 36 | 5 |
| Жеке жактар (коллективдик кайрылуулар) | 7 | 15 | 7 | 8 |
| **БАРДЫГЫ** | **48** | **56** | **43** | **13** |

# 3-тиркеме

## Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2016-жылга карата судьялары тарабынан изилдөөнү талап кылбаган жарандардын кайрылуулары менен иштөө абалы тууралуу маалыматтар

2016-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына жарандардын 110 кайрылуусу келип түшкөн, анын ичинен жеке 103 кайрылуу, коллективдик кайрылуудан – 7. Интернет кабылдамага 12 электрондук кайрылуу келип түшкөн. 75 жаран кабыл алынган.

**Жарандардын кайрылууларын карооо жыйынтыктары боюнча**

- түшүндүрмө берилди – 45
- толугу менен канааттандырылды – 14
- жартылай канааттандырылды - 1
- кароосуз калтырылды – 4
- канааттандыруудан баш тартылды – 15
- маалымат катары кабыл алынды – 4
- тиешелүү мамлекеттик органдарга жөнөтүлгөн – 25
- кароо стадиясында турат – 2

**Жарандардын кайрылууларынын региондору**

Бишкек шаары – 63
Ош шаары – 6
Жалал-Абад областы – 4
Ысык-Көл областы – 3
Нарын областы – 2
Ош областы – 4
Талас областы – 3
Чүй областы – 22
Россия Федерациясы – 2
АКШ – 1

**Гендердик белгиси боюнча**

| | Кайрылуулардын саны | Кайрылуулардын саны | алардын ичинен | |
|---|---|---|---|---|
| | | | эркектер | аялдар |
| Жеке | 103 | 103 | 64 | 39 |
| Коллективдик | 7 | 64 | 10 | 54 |
| Бардыгы | 110 | 170 | 74 | 93 |

# 4-тиркеме

## Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдерин аткарылуусунун анализи

Конституциялык палата түзүлгөндөн тарта (2013-жылы) жана 2016-жылдын 30-декабрындагы абалына карата 65 чечим жана 1 корутунду кабыл алынды, 28 чечиминде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча ченем жаратуучу органдарга тапшырма берилген.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 18 чечими аткарылган, 10 чечими аткаруу стадиясында турат.

| | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдери | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдерине ылайык тапшырмалар | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдерин аткаруу үчүн кабыл алынган чечимдер | Аткарылган чечимдер |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2013-жылдын 31-октябрындагы Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» мыйзамынын 42-беренесинин экинчи абзацын, 48-беренесинин экинчи абзацын Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык эмес деп табуу жөнүндө жарандар Ахмаджон Каримович Рахимовдун, Сатаркул Аскарович Мусабаевдин жана Камчыбек Кадыркулович Кудайбергеновдун өтүнүчтөрү боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» мыйзамынын 42 жана 48-беренелерине ушул Чечимдин 1-пунктун аткаруу иретинде тийиштүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду токтоосуз киргизүүсү милдеттендирилсин | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары А. Бекматов, А. Артыков, Г. Скрипкина жана К. Иманалиев «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоорун демилге кылышкан, аны Жогорку Кеңеш 2014-жылдын 19-июнунда кабыл алган жана Кыргыз Республикасынын Президенти 2014-жылы 17-июлда кол койгон | Чечим аткарылды |
| 2 | 2013-жылдын 6-ноябрындагы Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 128-беренесин Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайыктуулугун текшерүү жөнүндө жаран Орозобек Капарбекович Мадиновдун өтүнүчүнө байланыштуу иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ушул Чечимдин негизинде тийиштүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө милдеттендирилсин | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 17-мартындагы № 154 токтому менен жактырылган Мыйзам долбоорун Кыргыз Республикасынын Өкмөтү иштеп чыккан, аны Жогорку Кеңеш 2015-жылдын 5-февралында кабыл алган жана Кыргыз Республикасынын Президенти 2015-жылы 10-мартта кол койгон | Чечим аткарылды |

| | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдери | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдерине ылайык тапшырмалар | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдерин аткаруу үчүн кабыл алынган чечимдер | Аткарылган чечимдер |
|---|---|---|---|---|
| 3 | 2013-жылдын 19-ноябрында «Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик (аскерден тышкары) кызматтар жөнүндө» мыйзамынын 32-беренесинин 1-,4-,7-бөлүктөрү, 35-беренесинин 1-бөлүгү, 36-беренесинин 1-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайыктуулуктарын текшерүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын судьяларынан келип түшкөн суроо талаптарынын негизинде козголгон иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө» мыйзамына ушул чечимдин негизинде тийиштүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө милдеттендирилсин | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары А. Баатырбеков, Э. Джумалиева, Э. Исаков, М. Тиленчиева «Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзам долбоорун иштеп чыгышкан, аны Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши 2015-жылдын 29-июнунда кабыл алган жана Кыргыз Республикасынын Президенти 2015-жылы 7-августта кол койгон. | Чечим аткарылды |
| 4 | 2013-жылдын 26-ноябрында жарандар Асан Саматович Токтоналиевдин жана Болотбек Сексенбешович Чокморовдун кайрылууларынын негизинде Кыргыз Республикасынын<br><br>Эмгек кодексинин 427-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Мыйзам чыгаруучу орган токтотуусуз мамлекеттик кызмат орундарын саясий кызмат орундарына караштуу маселесин Конституциянын талаптарына ылайык, жөнгө салууга, ошондой эле саясий мамлекеттик кызматты өтүү тартибин жана саясий кызмат орундарын ээлеп турган адамдардын мамлекеттик-укуктук статусун аныктоого милдеттендирилсин | Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Мыйзам долбоорун даярдап, 2015-жылга карата Өкмөттүн мыйзам долбоорлор иш чаралар планына киргизилген. | |
| 5 | 2013-жылдын 23-декабрындагы жаран Евгений Владимирович Осинцевдин кайрылуусунун негизинде Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 282-беренесинин жана Жарандык процесстик кодексинин 209-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине мыйзамдарга ушул Чечимдин жүйөлүү бөлүгүнөн келип чыккан тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү сунушталсын. | Жогорку Кеңеш 2013-жылдын 26-декабрында тиешелүү түзөтүүлөрдү жактырган жана Кыргыз Республикасынын Президенти 2014-жылы 4-февралда кол койгон. | Чечим аткарылды |

| | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдери | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдерине ылайык тапшырмалар | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдерин аткаруу үчүн кабыл алынган чечимдер | Аткарылган чечимдер |
|---|---|---|---|---|
| 6 | 2013-жылдын 27-декабрындагы жаран Андрей Михайлович Мироновдун жарандар Кушчубай Култаевич Султановдун, Ташкан Жумабаевна Насированын кызыкчылыгындагы, Таалайбек Джапарович Саатовдун жаран Гулайым Абдыганиевна Эркебаеванын кызыкчылыгындагы, Закир Сатарович Максутовдун кайрылуулары боюнча «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши ушул Чечимден келип чыккан тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду мыйзам актыларына киргизсин | Жогорку Кеңештин депутаттары А. Бекматов, Б. Кутушев, Б. Торобаев жана А. Кочкарова «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүүнү караган мыйзам долбоорун иштеп чыгышкан, аны Жогорку Кеңеш 2014-жылдын 26-декабрында кабыл алган жана Кыргыз Республикасынын Президенти 2014-жылы 7-июлда кол койгон. | Чечим аткарылды |
| 7 | 2014-жылдын 13-январындагы жаран Мамасадык Абдыкалыковдун кайрылуусунун негизинде Кыргыз Республикасынын Жазык процесстик кодексинин 34-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунун ченемдик жобосунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши жазык, жазык-процесстик мыйзамдарына Конституциянын талаптарынан жана ушул Чечимден келип чыгуучу тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизсин | Жогорку Кеңештин депутаттары О. Текебаев, Т. Туманов, Н. Никитенко, К. Абдиев, Г. Скрипкина, Т. Шайназаров жана Э.А-А. Кочкарова тиешелүү мыйзам долбоорлорун демилге кылышкан. Азыркы учурда бул мыйзам долбоорлору Мыйзамдуулук жана укук коргоо тартиби боюнча комиттин контролунда турат | |
| 8 | 2014-жылдын 24-январындагы жаран Гулайым Абдыганиевна Эркебаеванын кызыкчылыгын жактаган Таалайбек Жапарович Саатовдун кайрылуусунун негизинде Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 131-беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Жазык-процесстик кодекске ушул Чечимден келип чыгуучу тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизсин | Жогорку Кеңештин депутаттары О. Текебаев, Т. Туманов, Н. Никитенко, К. Абдиев, Г. Скрипкина, Т. Шайназаров жана Э.А-А. Кочкарова Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө тиешелүү мыйзам долбоорун демилге кылышкан, аны Жогорку Кеңеш 2015-жылдын 29-июнунда кабыл алган жана Кыргыз Республикасынын Президенти 2015-жылы 7-августта кол койгон. | Чечим аткарылды |
| 9 | 2014-жылдын 7-февралындагы жаран Евгений Владимирович Осинцевдин кайрылуусунун негизинде Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 384-беренесинин жана 387-беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине ушул Чечимдин жүйөлүү бөлүгүнөн келип чыккан тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү сунушталсын | Жогорку кеңеш Мыйзамды 2015-жылдын 29-0июнунда кабыл алды жана Кыргыз Республикасынын Президенти 2015-жылы 7-августта кол койгон. | Чечим аткарылды |

| | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдери | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдерине ылайык тапшырмалар | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдерин аткаруу үчүн кабыл алынган чечимдер | Аткарылган чечимдер |
|---|---|---|---|---|
| 10 | 2014-жылдын 19-февралында жаран И. Дженалиеванын кайрылуусунун негизинде 2008-жылдын 19-мартындагы №24 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен Жарандык кодекстин 308-беренесине жана 2009-жылдын 30-мартындагы №103 Кыргыз Республикасынын<br><br>Мыйзамы менен Эмгек кодексинин 234-беренесинин 2-бөлүгүнө киргизилген өзгөртүүлөрдүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республиканын Өкмөтү токтоосуз ушул Чечимдин жүйөлөштүрүлгөн бөлүгүнөн чыгуучу тиешелүү мыйзам долбоорлорду иштеп чыгып жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизсин | Кыргыз Республикасынын Өкмөт Аппаратынын Жетекчисинин Биринчи орунбасарынын 2014-жылдын 28-февралындагы № 6341 тапшырмасы боюнча Кыргыз Республикасынын Эмгек, миграция жана жаштар министрлиги «Өндүрүштөн мунжу, кесиптик оору же башка ден соолугуна зыян келтирилгени үчүн кызматчыга керектөөчүлүк товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө баалардын өсүүшү эсепке алуу менен зыяндын ордун толтуруунун суммасын индексациялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоору иштелип чыккан, министерство жана ведомстволордо макулдашылган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-январындагы токтому менен жактырылган. Бирок, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Социаялдык саясат боюнча комитети кайтарган жана азыркы учурда Жогорку Кеңештин кароосуна жөнөнтүлгөн.<br><br>Кыргыз Республикасынын Эмгек, миграция жана жаштар министрлиги азыркы учурда тиешелүү министрликтер жана ведомстволор менен эсептик көрсөткүчтүн өлчөмүн көтөрүү маселесин дагы иштеп жүрөт. | Чечим аткарылды (жартылай, анткени, КРӨ зыяндын ордун толтуруу үчүн суммаларды көтөрүүнүн таасирлүү механизмин иштеп чыккан жок) |
| 11 | 2014-жылдын 5-мартындагы Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 26-беренесинин 6-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө жарандар Болот Овматович Раяпов жана Муратбек Аланович Асановдун өтүнүчтөрү боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ушул Чечимдин негизинде тийиштүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө милдеттендирилсин | Жогорку Кеңештин депутаттары О. Текебаев, Т. Туманов, Н. Никитенко, К. Абдиев, Г. Скрипкина, Т. Шайназаров жана Э.А-А. Кочкарова «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзамга жана «Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» мыйзамына тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду караган Мыйзам долбоорлорун демилге кылышкан, ал 2014-жылы 24-декабрда расмий тартипте Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизилген. Азыркы учурда долбоорлор Соттук-укуктук маселелер жана мыйзамдуулук комитетинин кароосунда турат. | |

| | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдери | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдерине ылайык тапшырмалар | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдерин аткаруу үчүн кабыл алынган чечимдер | Аткарылган чечимдер |
|---|---|---|---|---|
| 12 | 2014-жылдын 19-мартындагы жарандар Венера Ташмухамедовна Шаяхметованын жана Марита Давлетовна Шаяхметованын кайрылуусунун негизинде Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 28-беренесинин 1-бөлүгүнүн 11-пункту жана 384-беренесинин 3-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине Жазык-процесстик кодексинин 384-беренесинин 3-бөлүгүнө ушул чечимге ылайык толуктоо киргизүү сунушталсын | Жогорку Кеңеш Мыйзамды 2015-жылдын 29-июнунда кабыл алган, Кыргыз Республикасынын Президенти 2015-жылы 7-августа кол койгон. | Чечим аткарылды |
| 13 | 2014-жылдын 4-июнундагы «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» 2013-жылдын 16-октябрында кабыл алынган № 192 Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин 5-бөлүгүнүн сегизинчи абзацынын, 2-беренесинин 2-бөлүгүнүн, 3-беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө жарандар А. Ш. Осмонова жана А.А.Тагаевдин өтүнүчүнүн негизинде козголгон иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ушул чечимдин негизинде тийиштүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө милдеттендирилсин | Жогорку Кеңештин депутаттары Б. Торобаев, А. Бекматов жана М. Абдылдаев мыйзам долбоорун демилге кылышкан, аны Жогорку Кеңеш от 2015-жылдын 21-январында кабыл алган жана Кыргыз Республикасынын Президенти 2015-жылы 17-февралда кол койгон. | Чечим аткарылды |
| 14 | 2014-жылдын 9-июлундагы жаран Нурбек Акбарович Токтакуновдун кайрылуусунун негизинде Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 184-беренесинин 3-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Жазык-процесстик кодексине Кыргыз Республикасынын Конституциясынын талаптарынан жана ушул Чечимден келип чыгуучу тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизсин. | Жогорку Кеңеш мыйзамды 2015-жылдын 29-июнунда кабыл алган жана Кыргыз Республикасынын Президенти 2015-жылы 7-августта кол койгон. | Чечим аткарылды |

| | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдери | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдерине ылайык тапшырмалар | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдерин аткаруу үчүн кабыл алынган чечимдер | Аткарылган чечимдер |
|---|---|---|---|---|
| 15 | 2014-жылдын 11-июлундагы «United Cement Group PLC» компаниясынын, «Эмгек Курулуш», «Ташкөмүр», «Пансионат «Витязь» «О.К.К.В.» жоопкерчилиги чектелген коомдорунун жана жарандар С.Л. Калимова, Б.А. Байгобылов, В.В. Баевдин жана башкалардын кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 3-ноябрындагы №146 «Жалал-Абад шаары, Курманбек көчөсү, 8 дареги боюнча жайгашкан жер участогунун жана турак эмес жайларды улутташтыруу жөнүндө»; 2010-жылдын 3-июнундагы №60 «Ташкөмүр» жоопкерчилиги чектелген коомун улутташтыруу жөнүндө»; 2010-жылдын 12-августундагы №121 «Кант цемент заводу» ачык акционердик коомунун акцияларынын 13,21% улутташтыруу жөнүндө»; 2010-жылдын 20-майындагы №48 «Пансионаты Витязь» жоопкерчилиги чектелген коомунун жер участогун жана объекттерин улутташтыруу жөнүндө»; 2010-жылдын 19-июлундагы №99 «Аврора Грин» ден соолукту чыңдоочу-туристтик комплекстин объекттерин улутташтыруу жөнүндө» Декреттеринин, Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 28-сентябрындагы №130 «Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн айрым декреттерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Декретинин 4-пунктунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Убактылуу Өкмөттүн Декреттери боюнча талаш-тартыш маселелерди бир убакыттын ичинде чечүүнү камсыз кылган укуктук механизмдерди жана мыйзамдуу менчик ээлеринин мүлктүк укугун калыбына келтирүү мүмкүндүгүн түзүп берсин | Конституциялык палатанын 2014-жылдын 11-июлундагы чечимин аткаруу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 2014-жылдын 4-сентябрында № 378-р буйругу менен Кыргыз Республикасынын Вице-прмеьер-министринин жетекчилиги менен кызыкдар министрстволордун жана ведомстволорунун жетекчилеринен ведомство аралык комиссия түзүлгөн. Азыркы учурда комиссиянын мүчөлөрү улутташтыруу маселесине тиешелүү тигил же бул объектилердин материалдарын жана документтерин изилдеп жатышат. Андан тышкары,бардык изилденген документтердин дыкат талдоосу да жүргүзүлүүдө. Комиссия өткөргөн кеңешменин жыйынтыгы боюнча анын иштөө Регламенти, ошондой эле тиешелүү иш чаралар планы бекитилген. Кызыкдар министрстволор менен ведомстволорго тиешелүү тапшырма берилген. Бул маселе Вице-премьер-министрдин туруктуу контролунда турат. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Убактылуу Өкмөттүн Декреттери боюнча талаш-тартыш маселелердин чечимин камсыз кылган регламентттөөчү укуктук механизмдердин ЧУА (Өкмөттүн токтомдору, чечимдери) долбоорлору иштелип чыккан жана ведомство аралык омиссияны кароосуна коюлган. Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн Декреттери менен улутташтырылган айрым объектилерин мурунку ээлерине кайтарып берүүнү караган ЧУА долбоорлору тиешелүү материалдары менен укуктук корутунду алуу үчүн Башкы прокуратурага жөнөтүлгөн. Бүгүнкү күндө Башкы прокуратурадан жооп келген жок. | |
| 16 | 2014-жылдын 4-сентябрындагы «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесинин 2, 3- бөлүктөрүнүн жана 10-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-абзацынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Иегова күбөлөрүнүн диний борборунун өтүнүчү боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ушул Чечимден келип чыккан тийиштүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө милдеттендирилсин | Азыркы учурда Конституциялык палатанын чечимин аткаруу үчүн Кырыгз Республикасынын Коргоо Кеңеши менен бирге түзүлгөн дин жаатындагы мамлекеттик саясатты реформалоо боюнча жумушчу топ Мыйзам долбоорун даярдаган жана расмий түрдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизилет | |

| | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдери | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдерине ылайык тапшырмалар | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдерин аткаруу үчүн кабыл алынган чечимдер | Аткарылган чечимдер |
|---|---|---|---|---|
| 17 | 2014-жылдын 24-сентябрындагы «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде депутаттык топторду түзүүгө жана алардын иш алып баруусуна мүмкүнчүлүк түзгөн ченемдик жоболордун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө жаран Э.А. Кочкарованын, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин «Республика» жана «Ата-Журт» фракцияларынын кайрылуулары боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ушул Чечимден келип чыгуучу тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизсин. | Конституциялык палатанын чечимин аткаруу үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары Э.А.-А. Кочкарова, К. Абдиев, М. Абдылдаев, Б. Мамырова, Г. Скрипкина, К. Омурбеков, З. Бекбоев, Т. Левина, М. Сабиров жана К. Дыйканбаев, тиешелүү Мыйзам долбоорун даярдашкан, аны 2015-жылдын 18-июнунда Жогорку Кеңеш кабыл алган, Кыргыз Республикасынын Президенти 2015-жылы 28-июлда кол койгон. | Чечим аткарылды |
| 18 | 2014-жылдын 19-декабрындагы жаран Курманбек Белекович Иманалиевдин жана Юлия Алексеевна Богданованын жаран Куручбек Уялович Айталиевдин кызыкчылыгындагы кайрылуулары боюнча Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 339-беренесинин 2-бөлүгүнүн ченемдик жобосунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине ушул Чечимдин жүйөөлүү бөлүгүнөн келип чыккан тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизсин | Жогорку Кеңеш 2015-жылдын 29-июнунда Мыйзамды кабыл алган, Кыргыз Республикасынын Президенти 2015-жылы 7-августта кол койгон. | Чечим аткарылды |
| 19 | 2015-жылдын 18-февралындагы жаран Данияр Асанович Сарбагишевдын кайрылуусунун негизинде 2013-жылдын 3-августундагы №182 «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына толуктоолорду жана өзгөртүү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине «Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарына ден соолугунун абалы боюнча альтернативдик кызматтан өткөн адамдарды прокуратура органдарына жана мекемелерине кызматка алуунун мүмкүндүгүн камсыз кылуучу өзгөртүүлөр менен толуктоолор киргизилсин. | Жогорку Кеңеш 2015-жылдын 26-июнунда Мыйзамды кабыл алган, Кыргыз Республикасынын Президенти 2015-жылы 28-июнда кол койгон. | Чечим аткарылды |

| | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдери | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдерине ылайык тапшырмалар | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдерин аткаруу үчүн кабыл алынган чечимдер | Аткарылган чечимдер |
|---|---|---|---|---|
| 20 | 2015-жылдын 11-мартындагы жарандар Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун, Раимкул уулу Касымбектин, Жаманкул Жунусовдун жана Акин Усубалиевич Токталиевдин кайрылуусунун негизинде Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө»Мыйзамынын кээ бир ченемдик жоболорунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ушул Чечимдин жүйөлөөчү бөлүгүнөн келип чыккан тиешелүү өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүүгө милдеттендирилсин. | Г.Скрипкина жана Н.Никитенко аттуу депутаттар «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоорун демилге кылышкан. Бул мыйзам долбоору Адам укуктары, конституциялык мыйзамдар жана мамлекеттик түзүлүш боюнча комитеттин контролунда турат. | Чечим аткарылды |
| 21 | 2015-жылдын 8-апрелиндеги жарандар Дастан Далабаевич Бекешовдун жана Улукбек Бактыбекович Турдубековдун кайрылуусуна байланыштуу Административдик жоопкерчилик жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодексинин 228-беренесине эскертүүнүн жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 21-февралындагы №59 «Автомобилдин алдыңкы каптал айнектеринен көрүүнүн чектелишин - күңүрттөөнүн (жабуунун) болушун талап кылган атайын автотранспорт каражаттарынын тизмесин бекитүү жөнүндө» токтомунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Административдик жоопкерчилик жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодексинин 228-беренесине ушул чечимдин жүйөөлүү бөлүгүнөн келип чыккан тиешелүү толуктоолорду киргизсин. | Жогорку Кеңештин депутаты Д.Бекешов тиешелүү Мыйзам долборун демилгелеген, Мыйзам экинчи окуудан 2015-жылдын 29-июнунда кабыл алынган. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 30-июнундагы № 363 токтому менен кабыл алынган. | Чечим аткарылды |
| 22 | 2015-жылдын 10-июнундагы жарандар Айнур Мусаевна Осмоналиеванын, Бектур Камильевич Осмонбаевдин жана Гульзар Абдыбековна Суталинованын кайрылуусуна байланыштуу «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 3-бөлүгүнүн биринчи сүйлөмүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши мыйзам чыгаруучу актыларга ушул Чечимден келип чыгуучу тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизсин. | | Чечим аткарылды |

| | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдери | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдерине ылайык тапшырмалар | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдерин аткаруу үчүн кабыл алынган чечимдер | Аткарылган чечимдер |
|---|---|---|---|---|
| 23 | 2015-жылдын 14-сентябрындагы «Кыргыз Республикасынын жарандарын биометрикалык каттоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-беренесинин 1-бөлүгүнүн, 2-бөлүгүнүн 2-пунктунун, 3-беренесинин 3-абзацынын, 4-беренесинин 1, 2-пункттарынын, 5-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнүн, 6-беренесинин 1, 3-бөлүктөрүнүн, 7-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө жарандар Нурбек Акбарович Токтакуновдун жана «Өкмөттүк эмес жана коммерциялык эмес уюмдардын ассоциациясы» юридикалык жактар уюмунун атынан Токтайым Джумаковна Уметалиеванын кайрылуулары боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан «Кыргыз Республикасынын жарандарын биометрикалык каттоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ушул Чечимдин жүйөлөөчү бөлүгүнөн келип чыккан тиешелүү өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин. | | |
| 24 | 2015-жылдын 27-ноябрындагы жарандар Айнур Мусаевна Османалиеванын, Бектур Камильевич Осмонбаевдин жана Гульзар Абдыбековна Суталинованын кайрылуусуна байланыштуу шайлоо өнөктүгүнүн мезгилинде Кыргыз Республикасынын жарандары, саясий партиялар каржылоону талап кылган шайлоо алдындагы үгүт иштерин талапкерлер, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар менен макулдашуу боюнча гана жана алардын шайлоо фонддору аркылуу жүргүзүүгө укуктуу деп белгилеген «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 22-беренесинин 11-бөлүгүнүн ченемдик жобонун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча. | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши ушул Чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнөн келип чыккан маселеде укуктук күмөндүүлүктү жөнгө салышы керек. | | |

| | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдери | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдерине ылайык тапшырмалар | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдерин аткаруу үчүн кабыл алынган чечимдер | Аткарылган чечимдер |
|---|---|---|---|---|
| 25 | 2015-жылдын 16-декабрындагы жаран Айылчы Сарыбаевдын кызыкчылыгын көздөгөн Абилмажин Субанбековдун кайрылуусу боюнча Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 378-беренесинин 4-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши ушул Чечимден келип чыгуучу тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизсин. | | Чечим аткарылды |
| 26 | 2016-жылдын 27-январындагы жаран Жусупбеков Нурбек Исраиловичтин жана анын ишенимдүү өкүлү Исмаилов Жумабек Капаровичтин кайрылуусу боюнча «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-беренесинин 1-бөлүгүнүн экинчи абзацынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ушул чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнөн жана резолютивдик бөлүктүн 2-пунктунда көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдеринен келип чыккан өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө милдеттендирилсин. | | |
| 27 | 2016-жылдын 17-февралындагы Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 215-беренесинин 2-пунктунун конституциялуугун текшерүү жөнүндө Н. Б. Кочкорбаеванын «Фармация» ачык акционердик коомунун кызыкчылыгындагы кайрылуусу боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексине ушул чечимдин жүйөлөөчү бөлүгүнөн келип чыккан тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө милдеттендирилсин | | |
| 28 | 2016-жылдын 2-ноябрындагы жаран Асанбек Камчынын кызыкчылыгын көздөгөн Сереж Мкртичевич Манукяндын кайрылуусуна байланыштуу “Уюшкан кылмыштуулукка каршы аракет жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесинин 5-бөлүгүнүн, 21-беренесинин 3, 5, 7-бөлүктөрүн, 22-беренесинин 1-5-пункттарынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши ушул Чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнөн келип чыккан тиешелүү толуктоолорду Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына киргизсин. | | |

# 5-тиркеме

## Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын укуктук көз караштарынын базасы

Эмгекке укук;

Эмгекке болгон укукту чектөө;

Эмгек акысын алуу;

Чыгармачылык эркиндиги

Социалдык мамлекеттин максаттарына ылайык Кыргыз Республикасынын Конституциясы (42-берененин 3-бөлүгү) ар кимге эркин эмгектенүү, эмгекке жөндөмдүүлүгүн пайдалануу, кесибин жана иштин түрүн тандоо уку укугун кепилдейт. Жарандар бул конституциялык укуктарын ишке ашыруучу жолдорго өз эрки менен тандап алган кесип же иш боюнча иш берүүчү менен түзүлгөн эмгектик келишимге негизделген жалданма эмгек, жана ошондой эле өз эрки менен тандап алган тармакта өзү жалгыз же башка адамдар менен бирге ишке ашырган өз алдынча экономикалык иш кирет. Ишке ашыруунун тигил же бул жолун тандап алуу менен бирге, жарандар ошол жолдун ишке ашырылышына катышуучулардын мыйзам тарабынан аныкталган укуктук статусу менен, анын ичинде мамлекет берген кепилдер жана жоопкерчиликке коюлган чектердин юридикалык натыйжалары менен да макул болот (КР ЖС КПынын 2013-жылдын 29-октябрындагы чечиминде).

Эмгекке болгон укукка субъективдүү укук катары ар бир жаранга конституциялык-укуктук өнүгүү өзгөчөлүктөрү күн мурун белгиленген жана мамлекет менен кепилденген эркиндиктин аныкталган бир деңгээлин чагылдырат жана инсандын жашоо турмушунун негизги тармактарын камтыйт, жарандардын кызыкчылыктарын жана укуктарын ишке ашыруунун таризи, негизинен, өз жөндөмдүүлүктөрүн эмгекке, кесипти жана иштин түрүн тандоону башкаруу болуп саналат.

Жогоруда келтирилген конституциялык жоболордон келип чыккандай, жарандын кандайдыр бир кызматты ээлөө укугу, ал өзү тандап алган иштин түрүнө жана кесипке ылайык конкреттүү жумушту аткарууга жана кимдир бирөөнүн мындай ишти аткаруу же кызматты берүү милдетинен келип чыкпайт. Эмгек мамилелеринин тармагында эмгек эркиндиги, баарынан мурда эмгектин келишимдик мүнөзүндө пайда болот. Так ушул эмгек келишиминин алкагында жарандын жана жумуш берүүчүнүн ортосунда кандайдыр бир 6 кесипте, адистикте, квалификацияда жана кызматта иштөө жөнүндө макулдашуусунун негизинде бул маселе чечилет.

Ошентип, эмгек эркиндиги ар бирине башка жарандар менен бирдей шарттарда жана өзүнүн эмгекке болгон жөндөмдүүлүгүн ишке ашыруу менен кандайдыр бир кодулоосуз эмгек келишимине кирүүнү камсыздоону болжолдойт (КР ЖС КПнын 2015-жылдын 16-декабрындагы чечиминде).

Бардыгы мыйзам жана соттун алдында бирдей конституциялык принцибинин шарттары боюнча жана ишинин түрү боюнча ар кандай категорияларга таандык болгон адамдардын укуктук статусундагы айырмачылыктарды орнотууда эмгек мамилелерин укуктук жөнгө салуусун ишке ашырууда тоскоолдук кылбайт, анын ичинде өзүнчө кызматтарды алмаштыруу тартибине таандык өзгөчө эрежелерди жана кызматтан бошотуу негиздерин киргизүү, эгер бул айырмачылыктар объективдүү акталган, негизделген болуп саналса жана конституциялык маанилүү максаттарга шайкеш келсе. (КР ЖС КПнын 2015-жылдын 16-декабрындагы чечиминде).

Конституция, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин теңдигин кепилдөө менен, жана ошондой эле жарандардын укуктарын кодулоонун бардык түрлөрүнө тыюу салуу менен, эмгек жана иш менен камсыз кылуу тармагында жөнгө салууну ишке ашыруу учурунда – ар кайсы категорияларга кирген адамдардын укуктук статусунда айырма орнотууда мыйзам чыгаруучуга тыюу салбайт (ишмердүүлүгүнүн түрү жана шарты боюнча), анын ичинде, эгер бул айырма өзүн өзү актаса жана негизделген болсо, конституциялык маанилүү максаттарга туура келсе, алар менен эмгектик мамилелерин токтотууга байланышкан өзгөчө эрежелерди киргизүүгө тыюу салбайт (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 4-июлундагы чечиминде).

Мыйзам чыгаруучу уюмдун жетекчисинин, анын орун басарынын жана уюмдун башка башкаруучу кызматкерлеринин ишинин мүнөзү менен мазмунунун алардын аткарган эмгектик милдеттеринин объективдүү өзгөчөлүктөрүн эске алып, мыйзам чыгаруучу алар менен эмгек келишимин бузуунун өзгөчө эрежелерин карай алат, ал эми бул болсо Конституциянын 16-беренесинде кепилденген баарынын мыйзам жана сот алдында тең укуктуулугун бузуу катары бааланбайт (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 4-июлундагы чечиминде).

Конституциянын 42-беренесинин 3-бөлүгүнө, 9-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, минималдык эмгек акы төлөө институтунун конституциялык-укуктук табияты жумушчуга ал тарабынан аткарылган эмгек милдеттерин сый акы катары кепилдик акча каражатынын минимумун белгилөөнү божомолдойт (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 19-февралындагы чечиминде).

| | |
|---|---|
| Эмгекке укук; Эмгекке болгон укукту чектөө; Эмгек акысын алуу; Чыгармачылык эркиндиги | Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 42-беренесинин экинчи бөлүгүнүн мааниси жана мазмуну боюнча, ар бир адам эмгекке укуктуу, ал жашоого иштеп акча табуу мүмкүнчүлүгүн камтыйт жана ал өзү эркин тандаган жана эркин макул болгон жумушу (кызматы) болуусу шарт. Мамлекет жарандардын эмгекке болгон укугун толук ишке ашыруу үчүн шарт түзүп берет, аны менен кесип тандоодо жана эмгек ишинин өз жөндөмдүүлүгүнө жана каалоосуна ылайык тандоодо тең мүмкүнчүлүккө кепилдик берет. (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 30-апрелиндеги чечиминде). |
| | Кыргыз Республикасынын Конституцисынын 49-беренесинин 1- бөлүгү ар кимге адабий, көркөм, илимий, техникалык жана башка чыгармачылыктын түрлөрүнө, окутуучулук эркиндигине кепилдик берет. Чыгармачылык – адамдын руханий ишмердүүлүгүнүн маанилүү бөлүгү, ал кандайдыр бир жаңы, башкаларга окшобогон өзгөчө, өз индивидуалдуулугу жөнүндө кайталангыс нерсенин ачылышын жана түзүүнү сунуштайт. Чыгармачылыктын эркиндиги - мамлекет чыгармачылык ишмердүүлүккө мүмкүн болушунча азыраак кийлигишүүнү ишке ашырышы керек дегенди билдирет, ошол эле учурда ал бул эркиндикти коргоого болгон укуктук кепилдикти камсыз кылат (КР ЖС КПнын 2015-жылдын 14-январындагы чечиминде). |
| Мамлекеттик жана муниципалдык кызматка кирүү үчүн, кызматтан көтөрүлүү үчүн тең укуктар менен мүмкүнчүлүктөр; Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат жаатында чектөөлөр | Мамлекеттик кызматка кирүү мүмкүнчүлүгүнүн тең укуктуулугу – жарандардын бардык мамлекеттик кызматта эч кандай кодулоосуз иштөө укугу болуп саналат. Бирок, бул жаран каалаганын тандап, ал эми мамлекеттик кызмат ага каалаган кызматын берүүгө милдеттүү дегенди түшүндүрбөйт. Кеп жарандын мамлекеттик кызматка болгон вакансия жана кесиптик шайкештиги болгон учурда, ар бири үчүн бирдей мүмкүнчүлүк туурасында болуп жатат. Мында жаранды расасы, жынысы, улуту, тили, социалдык теги, мүлктүк абалы, жашаган жери, динге мамилеси, ишенимдери, коомдук бирикмелерге таандыктыгына байланыштуу кабыл албай коюуга болбойт (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 30-апрелиндеги чечиминде). |
| | Мамлекеттик кызматка болгон бирдей мүмкүнчүлүк түшүнүгүнүн мазмунун жарандардын бардык мамлекеттик кызматты эч кандай басмырлоосуз ээлөөгө болгон укугу түзөт. Бирок, бул - жаран талап кылууга укуктуу, ал эми мамлекет талап кылган кызмат менен аны камсыз кылууга милдеттүү дегенди түшүндүрбөйт. Мамлекеттик кызмат тармагындагы, мамлекеттик кызматкерлердин эмгек ишмердүүлүгү менен шартталган өзгөчө талаптарды жана чектөөлөрдү орнотуу Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен кепилденген укуктарды жана эркиндиктерди бузуу же чектөө катары каралбайт. Мамлекеттик кызмат тармагындагы укуктук жөнгө салуунун мындай спецификасы туруктуулук, кесипкөйлүк, иш-билгилик, ордун басуучулук, алмашуучулук жана анын тутумун дайыма жакшыртуу принциптерин ишке ашырууну камсыз кылат. Айрым бир кызматтык орунга иштөөнүн шартында коюлган тиешелүү чектөөлөр укуктук жөнгө салуунун бардык тармактарында уруксат берилет жана ал ишмердүүлүгүнүн түрүнө жана шарттарынын өзгөчөлүгүнө жараша ар кандай категорияларына таандык болгон адамдын укуктук макамынын айырмасына байланыштуу (КР ЖС КПнын 2015-жылдын 18-февралындагы чечиминде). |
| | Мамлекеттик кызмат тармагында өзгөчө талаптар менен чектөөлөрдү, анын ичинде мамлекеттик кызматчы үчүн тиешелүү жаш куракты орнотуу, мамлекеттик кызматчылардын эмгек ишинин шартталган өзгөчөлүгү, Конституция тарабынан каралган укуктар менен эркиндиктерди бузуу же чектөө катары каралбашы керек. Мамлекеттик кызмат тармагында укуктук жөнгө салуу тармагындагы мындай өзгөчөлүк турукташтыруулук принциптерин ишке ашырууну, кесиптикти, компетенттүүлүктү, ордун басуучулукту, орун алмашуучулукту жана мамлекеттик кызмат тутумунун ар дайым жакшыруусун камсыз кылат (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 30-апрелиндеги чечиминде). |
| | Мамлекеттик кызматты аткаруунун бийик деңгээлин камсыз кылуу максатын көздөгөн прокуратура органдары менен мекемелеринин кызматкерлеринин ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүгүнө байланыштуу алардын уюштуруу милдеттери, принциптери менен шартталган атайын талаптарды орнотуу, мамлекеттик кызматка болгон бирдей жеткиликтүүлүккө болгон укукту бузуу катары каралбайт, укуктар өзүнүн эмгекке болгон жөндөмдүүлүгү, Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен кепилденген кесипти жана эмгек ишмердүүлүгүн тандоо болуп саналат (КР ЖС КПнын 2015-жылдын 18-февралындагы чечиминде). |
| | Бирок теңдүүлүк принциби мамлекеттик кызматчылардын кесиптик ишин укуктук жөнгө салууга өзгөчө мамилени жокко чыгарбайт. Мындай өзгөчөлүктү орнотуу, мамлекеттик кызматтын жогорку деңгээлин, мамлекеттик милдетти аткарып жаткан кызматчылардын кесиптик ишинин өзгөчө мүнөзүн колдоо максатында мамлекеттик кызматты уюштуруу жана иштетүү милдеттери менен шартталган (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 27-январындагы чечиминде). |

| | |
|---|---|
| Мамлекеттик жана муниципалдык кызматка кирүү үчүн, кызматтан көтөрүлүү үчүн тең укуктар менен мүмкүнчүлүктөр; Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат жаатында чектөөлөр | Мыйзам чыгаруучу бийликтин коррупцияланышын жана криминалдашуусун улуттук коопсуздукка коркунуч катары кароо менен, көрсөтүлгөн максаттарга жетүү үчүн жарандардын мамлекеттик кызматка болгон укугуна тиешелүү чектөөлөрдү киргизүүгө укугу бар (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 27-январындагы чечиминде). |
| | Кылмыш жасаган жарандардын райондун аймагындагы башкы мамлекеттик кызмат ордун, аймактык бирдиктин социалдык жана экономикалык өнүгүүсү үчүн жоопкерчиликти тарткан аким кызматын ээлөө укугун чектөө, бийлик органдарынын легитимдүүлүгүн жана коомдун колдоосунан ажырашын болтурбоого багытталган аракет катары акталган деп эсептесе болот. Мындай аракет конституциялык жоопкерчиликти, укуктук демократиялык мамлекеттин принциптеринин таасирдүүлүгүн жогорулатуу, укуктук тартиптин талаптагыдай иштөөсүн жана сакталышын, бийликтин криминалдашуусун алдын алуу боюнча конституциялык маанилүү максаттарды көздөйт (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 27-январындагы чечиминде). |
| Адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктери | Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин экинчи абзацынын 2-бөлүгүндө адамдын, жарандын укуктарын, эркиндиктерин чектеген мыйзамдык актыларды кабыл алууга тыюу салынганы эске алынат. Бул Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралбаган чектөөлөр мыйзамга караштуу ченемдик укуктук актылар аркылуу киргизилбейт дегенди билдирет. Ошондуктан, Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана мыйзамдарында каралган чектөөлөр мыйзамга караштуу ченемдик укуктук актыларда болушу мүмкүн.<br><br>Кандай чектөө болсо да, ал Кыргыз Республикасынын Конституциясы боюнча маанилүү максаттарды көздөп, Кыргыз Республикасынын Конституциясында баалуу деп эсептелген баалуулуктарды коргоо муктаждыгынан келип чыгып, ошондой эле жеке инсандын кызыкчылыгы менен мамлекеттин жана коомдун кызыкчылыгынын ортосундагы зарыл болгон даражадагы тең салмактуулукту камсыз кылышы керек. Бул түшүнүк киргизилген чектөөлөр жогоруда көрсөтүлгөн максаттарга ылайыктуу өлчөмдөштүк принцибин аткарууга шарт түзүүгө жардам берет. (КР ЖС КПнын 2013-жылдын 29-октябрындагы чечиминде). |
| | Мыйзам чыгаруучу тарабынан объективдүү акталган жана негизделген, жалпы маанилүү конституциялык максаттар менен өлчөмдөш чектөөлөр, Конституциянын 20-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык тең укуктар жана кодулоого тыюу салуу принцибин бузуу катары каралышы мүмкүн эмес (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 30-апрелиндеги чечиминде). |
| | Жарандын укугун жана эркиндигин чектөө учурунда Кыргыз Республикасынын Конституциясында бекитилген шарттарды катуу сактоо талап кылат: чектөө катуу аныкталган укуктук таризде – мыйзамдын таризинде берилиши керек; эгер Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгүндө көрсөтүлүп аныкталган максаттарга кызмат кылса, чектөөгө жол берилиши мүмкүн; чектөө аталган баалуулуктарды коргоо жана белгиленген максаттарга жетүү үчүн зарыл болгон чекте мүмкүн. Чектөөлөрдүн принциптерин, максаттарын жана юридикалык тариздерин, башкача айтканда, укугу менен эркиндиктерин чектөөнүн негиздерин (жалпы шарттарын) орнотуу менен, Кыргыз Республикасынын Конституциясы жарандардын укугун жана эркиндигин мамлекет тарабынан негизсиз болгон аракеттерден коргойт, ошол эле убакта элдик кызыкчылыктарды коргоо үчүн аларды чектөөгө мамлекет милдеттендирет (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 14-майындагы). |
| | Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгү жана жалпыга таанылган эл аралык укуктун ченемдери адамдын жана жарандын укугун жана эркиндигин чектөөгө мүмкүн болгон талаптардын катарында Кыргыз Республикасынын укуктук тутумунун курамдык бөлүгү болуп саналат, киргизилип жаткан чектөөлөргө милдеттүү мыйзамдуу таризди орнотот жана ушуну менен ушул максатта чектөө чараларын караган ченемдик укуктук актылардын башка түрлөрүн кабыл алууга тыюу салат (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 14-майындагы). |

| | |
|---|---|
| Улуттук коопсуздук;<br><br>Финансы коопсуздугу | «Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк ишмердүүлүгү жөнүндө» Мыйзамдагы эмгектин эркиндигине коюлган чектөөлөрдүн маанисин кароодо Конституциялык палата алардагы зарыл маселе улуттук коопсуздукту коргоо деп эсептейт, анткени финансылык коопсуздук анын бир бөлүгү.<br><br>Финансылык коопсуздук дегенде финансы-банк тармактарынын мамлекет алардын иштерине белгилүү бир чектерде мамлекеттик бийлик мекемелери менен рыноктук институттар иштегидей экономикалык шарттардын болушуна кепилдик кыла алган абалын түшүнүш керек. Өлкөнүн финансылык коопсуздугунун маанилүү түзүүчүсү болуп, эң алды менен аманатчылардын кызыкчылыгын коргоону камсыздоого жана ошондой эле финансы-банк системасына болгон ишенимди жоготпой турууга багытталган банк тармактарынын туруктуулугуна таасирдүү көзөмөл жүргүзүү эсептелет. Банктык көзөмөлдөөнүн таасирдүүлүгүнөн банктар менен банк системасынын финансылык коопсуздугу эле эмес, улуттук коопсуздук дагы көз каранды болот. (КР ЖС КПынын 2013-жылдын 29-октябрындагы чечиминде). |
| | Мамлекеттин конституциялык маанилүү максаттарынын бири болуп - инсандын, коомдун жана мамлекеттин ички жана тышкы коркунучтардан корголгондугунун абалы катары мүнөздөлгөн улуттук коопсуздукту камсыз кылуу саналат, ал жарандардын конституциялык укуктарын, эркиндиктерин, алардын татыктуу турмуш деңгээлин, Кыргыз Республикасынын эгемендигин, аймактык бүтүндүгүн жана туруктуу өнүгүүсүн, мамлекеттин коргонуусун жана коопсуздугун камсыз кылууга мүмкүнчүлүк берет (КР ЖС КПынын 2014-жылдын 14-сентябрындагы чечиминде). |
| Шайлоо укугу;<br><br>шайлоо процесси;<br><br>шайлоо укугунун принциптери;<br><br>шайлоо укугун чектөө | Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 52-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган жарандардын жана мамлекеттик бийлик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлануу укуктары түз жана өкүлчүлүктүү демократияны камсыздоо таризи болуп саналат (КР ЖС КПынын 2015-жылдын 27-ноябрындагы чечиминде). |
| Шайлоо укугу;<br><br>шайлоо процесси;<br><br>шайлоо укугунун принциптери;<br><br>шайлоо укугун чектөө | Жарандар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоого жана шайланууга укуктуу. Башкача айтканда, жарандардын конституциялык шайлоо укуктары жергиликтүү шайлоо аркылуу жүзөгө ашат. Өз кезегинде аталган укуктар жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишке ашуусуна болгон тең укуктуулукту камсыз кылат (КР ЖС КПынын 2013-жылдын 31-октябрындагы чечиминде). |
| | Кыргыз Республикасында таанылган жана кепилденген жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын шайлоо жана ага шайлануу укугу, демократиялык коомдогу жарандын конституциялык-укуктук статусунун ажырагыс элементи болуп эсептелет, ошону менен бирге ар бир жаранга тең укуктуулук принцибинин негизинде кандай гана болбосун дискриминациясыз жана негизсиз чектөөсүз, тике же өзүнүнүн өкүлдөрү аркылуу жергиликтүү өз алдынча башкарууну ишке ашырууга катышууга кепилдик жаратат (КР ЖС КПынын 2013-жылдын 31-октябрындагы чечиминде). |
| | Шаардык кеңешке шайлануу укугунун ишке ашырууда саясий партиялар шайлоо процессинин катышуучулары катары белгилүү ролду ойношот, анткени мыйзамдын маанисине ылайык, саясий партиялардын иши аркылуу жарандардын шайлоо укуктары жүзөгө ашырылат (КР ЖС КПынын 2014-жылдын 4-июнундагы чечиминде). |
| | Ар бир жаран Конституцияда кепилденген шайланууга болгон укугун талапкер катары партиялык тизме аркылуу ишке ашырып, шайлоонун жыйынтыгы боюнча депутаттык статуска ээ болуп, өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы аркылуу элдин бийлигин ишке ашырууга мүмкүнчүлүк алат. Ушул жагдайда шаардык кеңештин депутатын тиешелүү депутаттык фракциянын сунушунун негизинде саясий партиянын жетекчи органы өз билемдик кылып чакыртып алуу саясий партияларга жарандын шайлануу укугунун маанисинин бузулушуна шарт түзөт КР ЖС КПынын 2014-жылдын 4-июнундагы чечиминде). |

| | |
|---|---|
| Шайлоо укугу;<br>шайлоо процесси;<br>шайлоо укугунун принциптери;<br>шайлоо укугун чектөө | Шайлоо процессиндеги мамлекеттик суверенитеттин негизги мазмуну, мамлекет – эл аралык ченемдерге таянуу менен жана өз милдеттеринин алкагында, шайлоо жол жоболорун уюштуруу учурунда укук кароонун бардык толуктугу жана эркиндигине ээ болгондугунда турат. Шайлоо процессин жөнгө салууга болгон мамлекеттин укугу эл аралык мамилелердин башка субъекттер менен макулдашуусун талап кылбайт (КР ЖС КПынын 2015-жылдын 24-июнундагы чечиминде). |
| | Элдин өз бийлигин ишке ашыруусуна алардын катышуусун жалпылаштырган жарандардын шайлоо укугу жергиликтүү өз алдынча башкарууну, калкка жакындатылган, элдик бийлик катары уюштурууга зарыл болгон каражаттардын бири катары кызмат кылат, ал эми шайлоо укуктарын укуктук жөнгө салуу юридикалык теңчилик принцибин кармоонун негизинде жарандардын жергиликтүү коомчулугунун эркин толук эсепке алууну жана анын шайкеш туюндурулушун камсыз кылышы керек, анын натыйжасы болуп жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүк органдарына шайлоонун жыйынтыгынын негизинде калыптанган түзүм саналат (КР ЖС КПынын 2014-жылдын 22-сентябрындагы чечиминде). |
| | Шайлоо - мамлекеттик бийликти уюштуруу жана иштетүү тармагындагы конституциялык түзүлүштүн негизи катары улуттук коопсуздуктун объектиси болуп саналат. Өкүлчүлүк органдарынын шайлоону мезгилдүү өткөрүп турушу мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу институттарынын өз убагында жаңыланып туруусунун кепилдигин берет жана конституциялык түзүлүштүн туруктуулугун камсыз кылат (КР ЖС КПынын 2015-жылдын 14-сентябрындагы чечиминде). |
| | Шайлоо, демократия көрүнүшүнүн жогорку таризи катары мамлекеттик бийликти жүргүзүүнүн маанилүү бириктирүүчү механизмин түзөт. Бул учурда шайлоочулардын укугу жана мамлекеттин милдеттери өз ара шартталган. Анткени, эгер жарандар шайлоого катышып жана өзүнүн шайлоого болгон укугун ишке ашыруу менен мамлекеттик органдарды жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын калыптандырууга катышса, мамлекет, элдин эркин жүзөгө ашыруу менен, шайлоонун мезгилдүүлүк жана милдеттүүлүк, адилеттүүлүк, чынчылдык жана эркиндик принциптерин, шайлоочулардын эрк билдирүүсү, шайлоонун ачык жана айкындуулук мүнөзүн камсыз кылууга милдеттенет. Бул учурда, шайлоочулардын тизмесин түзүү шайлоо жүргүзүүнүн жана анын адилеттик жана чынчыл болушун камсыз кылуу механизминин курамдык бөлүгү болуп саналаарын белгилей кетүү керек. Жарандын шайлоочулардын тизмесине кирүүгө болгон укугу эркин шайлоого катышуу укугу менен тике байланышка ээ. (КР ЖС КПынын 2015-жылдын 23-сентябрындагы чечиминде). |
| | Шайлоо укугунун жалпылыгынын конституциялык принциби, мамлекетте бул тармакта кандайдыр бир басмырлоого жол берилбей тургандыгын жана аныкталган жаш куракка жеткен бардык жөндөмдүү жарандарга шайлоо укуктары бекитилип берилгендигин түшүндүрөт. Бул принцип жаранды жынысы, расасы, улуту, майыптыгы, билими, мүлктүк жана кызматтык абалы, туткан дини, саясий жана башка ынанымдары белгилери боюнча шайлоо укугун чектөөгө же алып салуу мүмкүнчүлүгүн жок кылат. Аны менен бирге, бул принцип шайлоого жашы жетпегендерди, сот тарабынан жарамдуу эмес деп табылган же эркиндигинен ажыратуучу жерлерде жүргөн адамдарды шайлоого жол бербөө практикасын жокко чыгарбайт, анткени алардын аң-сезимдүү, эркин жана өз алдынча эрк билдирүүсү камсыз кылына албайт. Ушуга байланыштуу активдүү шайлоо укугу абсолюттук мүнөзгө ээ эмес.<br><br>Бирдей шайлоо укук принциби, жарандар шайлоого бирдей негизде катышат жана добуш берүү үчүн бирдей шарттарга ээ болушат дегенди түшүндүрөт. Шайлоодогу теңчиликке, жаран бир гана шайлоо участкасындагы тизмеге киргизилип жана добуш берүүгө бир гана жолу катышары менен да жетишсе болот, анын эрк билдирүүсү башка жарандардын эрк билдирүүсү сыяктуу эле мааниге ээ (КР ЖС КПынын 2015-жылдын 23-сентябрындагы чечиминде). |
| | Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана эл аралык укуктун ченемдери тааныган тикелей шайлоо укугунун принциби жарандар шайлоолордо талапкер, талапкерлердин тизмеси үчүн же талапкерге каршы, талапкерлердин тизмеси же талапкер, талапкерлер, талапкерлердин тизмесине каршы, түздөн-түз же бардык талапкерлерге, талапкерлердин тизмесине каршы добуш бере тургандыгын түшүндүрөт (КР ЖС КПынын 2015-жылдын 27-ноябрындагы чечиминде). |

| | |
|---|---|
| Шайлоо укугу;<br>шайлоо процесси;<br>шайлоо укугунун принциптери;<br>шайлоо укугун чектөө | Демократиялык укуктук мамлекетте шайлоо укугу конституциялык түзүлүштүн негиздерин сактоо үчүн маанилүү болуп саналат, анткени шайлоо процессинен көпчүлүк бийликтин курамы жана анын конституциянын жана мыйзамдардын үстөмдүгүнө, жарандардын укугун жана эркиндигин кармоого болгон мамилеси көз каранды. Конституциялык негиздеринин туруктуулугу үчүн мамлекет натыйжалуу укуктук механизмдерге муктаж, ал көпчүлүк бийликтин криминалдашуусу жана кыянаттык менен пайдалануудан коргоого жөндөмдүү болушу керек, анын легитимдүүлүгү көп жагынан коомдун ишенимине негизделет. Тиешелүү укуктук механизмдерди түзүү менен, мыйзам чыгаруучу көпчүлүк бийликте турган адамдардын кадыр баркына болгон жогорку талаптарды коюуга укуктуу, анткени жарандарда алардын моралдык-этикалык жана адептик сапаттарына шек жаралбашы керек. Ушуга ылайык, жарандарда алардын көпчүлүк бийликтин алып жүрүүчүлөрү катары алардын аракеттеринин мыйзамдуулугуна жана пайда көздөбөөчүлүгүнө шек жаралбашы керек. Ушуга байланыштуу, мыйзам чыгаруучу, бийликтин криминалдашуусу улуттук коопсуздукка коркунуч катары кароо менен, көрсөтүлгөн максаттарга жетүү үчүн пассивдүү шайлоо укугунда айрым бир чектөөлөрдү колдонууга укуктуу (КР ЖС КПынын 2015-жылдын 25-ноябрындагы чечиминде). |
| | Элдик кызматты ээлөөгө талапкер болуу укугуна ээ жарандардын катарынан чыгарууга алып келген, шаарлардын мэри болуп шайлануу конституциялык укугун чектөө, ар бир конкреттүү этапта мамлекеттүүлүктү өнүктүрүүдө конституциялык корголгон балансты кармоо учурунда Кыргыз Республикасынын Конституциясынан келип чыккан негизде мыйзам тарабынан орнотулат (КР ЖС КПынын 2015-жылдын 25-ноябрындагы чечиминде). |
| | Мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына болгон шайлоолордо тең укуктуулук принциби сөзсүз түрдө сакталышы керек. Демек, мыйзам чыгаруучу орган тарабынан пассивдүү шайлоо укугуна киргизиле турган чектөөлөр бардык деңгээлдеги шайлоолорго бирдей аныкталышы керек (КР ЖС КПынын 2013-жылдын 31-октябрындагы чечиминде). |
| адамдын ар намысы менен абийиринин корголушуна укук | Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана эл аралык келишимдерде таанылган укуктардын жана эркиндиктердин катарында өзүнүн табияты боюнча эч кандай чектелбей турган, адамдан ажырагыс касиет болуп каралган баалулуктардын бири болуп инсандын ар-намысы жана бедели эсептелет.<br>Ар-намыс деген бул коом тараптан инсанга болгон субъективдүү мамиле жана коом тараптан берилген бааны билдирген адеп-ахлактык категориясы.<br>Бедел (кадыр-барк) деген бул инсандын ажырагыс, колтийгис, баа жеткис укугу. Ошондой эле инсандын, анын чөйрөсүндөгү адамдардын кандай кабыл алып, баа бергендигине карабастан, өзүнүн баалуулугуна болгон ички ишенимин, инсандын өзүнүн түшүнүүсүндөгү жеке сапаттарын, жөндөмдөрүн жана коомдогу баркын билдирген адеп-ахлактык категориясы (КР ЖС КПынын 2013-жылдын 6-ноябрындагы чечиминде). |
| | Адамдын ар-намысын жана беделин коргоо укугунун маанисин төмөнкүлөр түзөт: башка адамдар тарабынан бул укукту басмырлоодон баш тартууну талап кылуу жана беделин жаманатты кылган же кемсинткен адамды жоопкерчиликке тартуу үчүн мыйзамдын каражаттарын жана мамлекеттик мажбурлоо чараларын пайдалануу. Бул укуктук каражаттар ар бир адамдын ар-намысын жана беделин натыйжалуу сакталышын жана корголушун билдирет (КР ЖС КПынын 2013-жылдын 6-ноябрындагы чечиминде). |
| | Кыргыз Республикасынын Конституциясы инсандын артыкчылыгын жана коомдук жашоонун бардык чөйрөсүндө анын укугун белгилөө менен ар бир адамга намысын жана кадыр баркын коргоого укукту кепилдейт (29- берененин 1-бөлүгү). Эч ким сот алдында өз ар намысын жана кадыр баркын, ошондой эле ага байланышкан укуктарды жана эркиндиктерди коргоодо чектелүүгө мүмкүн эмес. Терс маалыматты жайылтуунун натыйжасында намысына, кадыр-баркына зыян келтирилген адамдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын ар бир учурда коргоо реалдуу камсыз кылынышы керек (КР ЖС КПынын 2015-жылдын 24-июнундагы чечиминде). |
| | Ар бир жаран Кыргыз Республикасынын Конституциясы тарабынан кепилденген укуктар менен эркиндиктерди колдонуп, башка адамдардын укугун жана эркиндигин кысымга же кемсинткен аракеттерден баш тартышы керек. Буга ылайык, ар бир адам жеке жана юридикалык жактар тарабынан ар-намысына жана беделине шек келтирген аракеттерди болтурбоону талап кылууга укукту, бул Кыргыз Республикасынын Конституциясы тарабынан кепилденген укуктар менен эркиндиктерди ишке ашырууда жеке адамдын жоопкерчилигин жоромолдойт (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 29-декабрындагы чечиминде). |

| | |
|---|---|
| | Эч ким кемсинтүүгө туш болууга мүмкүн эмес, анын ичинде адамдын социалдык сапатынын белгилери боюнча да. Адамдын социалдык сапаты келип чыгышын, мүлктүк жана кызмат абалын, диний жана коомдук уюмдарга тиешелүүлүгүн, жашаган ордун камтыйт. Бул сапаттар адамдын өзүнө байланыштуу болот жана өзгөрүп турушу да мүмкүн (КР ЖС КПнын 2013-жылдын 16-ноябрындагы чечиминде). |
| | Кыргыз Республикасынын Конституциясында бекемделген кодулабоо принциби адамдын социалдык же башка сапаттарына байланыштуу, ага тиешелүү укуктарды, эркиндигин же милдеттерин кысууну болтурбоо үчүн шарттарды түзүүнү карайт (КР ЖС КПнын 2013-жылдын 16-ноябрындагы чечиминде). |
| Кодулабоо принциби; | Кыргыз Республикасы укуктар менен эркиндиктердин тең укугун тааныйт, адам укугун кандайдыр бир белгилер (жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этноско таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий жана башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлар) боюнча акталгыс чектеген же ажыраткан көрүнүш катары кодулоого тыюу салат (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 30-апрелиндеги чечиминде). |
| Кодулоону тыюу салуу | Кодулабоонун конституциялык принциби негизделбеген мүнөзгө ээ ар кандай кайрылууларга тыюу салууну болжолдойт, ал инсандын укуктук статусунун ар кандай элементтеринин тармагындагы аныкталган белгилер боюнча ишке ашырылат. Бул принцип бир гана укуктарды жана эркиндиктерди ишке ашырууга жайылтылбастан, милдеттенмелерге, жоопкерчиликти жүзөгө ашырууга, укуктардын менен эркиндиктердин юридикалык кепилдиктерине жайылтылат (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 11-майындагы чечиминде). |
| | Кодулабоонун конституциялык принциби деп инсандын табиятынан же социалдык өзгөчөлүгүнө карай укуктарын, эркиндиктери менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын чектөөгө же кемсинтүүгө конституциялык тыюу салууну түшүнүү керек. Укук субьектилеринин укуктары менен милдеттеринде айырмачылыктарга алып келген укуктук жөнгө салууну ар бир дифференциациялоо Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20- беренесинин 2-бөлүгүнүн талаптарына ылайык ишке ашырылуусу керек, ага ылайык чектөөлөргө, эгерде алар чындап обьективдүү, негиздүү жана конституциялык өзгөчө максаттарды көздөгөн болсо жол берилет, ал эми бул максаттарга жетишүү үчүн киргизилип жаткан чектөөлөр аларга өлчөмдөш болушу керек (КР ЖС КПнын 2013-жылдын 16-ноябрындагы чечиминде). |
| мыйзам жана сот алдында баары тең деген принцип;<br>теңдик жана адилеттүүлүк прициптеринин айкалышуусу; | Кыргыз Республикасынын Конституциясы, ошондой эле, мыйзам алдында бардык адамдардын укугу бирдей принцибин бекемдейт (16- беренесинин 3-бөлүгү).<br>Мындай мааниде адамдардын ар бир топторуна карата белгиленген укуктардын кепилдиктери ушул топтун бардык мүчөлөрү үчүн бирдей болушу керек. Бир конституциялык укукту жүзөгө ашыруу менен, башка укукту жүзөгө ашыра албай турган укуктук жөнгө салууга дуушар болуп жаткандыгын эске алышы керек (КР ЖС КПнын 2013-жылдын 16-ноябрындагы чечиминде). |
| мыйзам жана сот алдында баары тең деген принциптен алынганы | Бардыгы мыйзам алдында тең экендиги жөнүндө конституциялык принцип баарынан мурда басмырлоого каршы мүнөздөгү талап катары түшүнүлүшү керек, ал мыйзамда кандайдыр бир жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этноско таандыгы, курагы, туткан дини, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле адамдын жана жарандын коомдук жана жеке жашоосунун ар кайсы тармактарында укуктук мүмкүнчүлүктөрүнүн теңдигин бузууга алып келген кандайдыр бир башка жагдайлар белгисине негизделген, мыйзамда кандайдыр бир айырмачылыктарды, артыкчылык коюуларды же алып салууларды белгилөөгө жол берүүгө мүмкүн эместигин карайт (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 7-октябрындагы чечиминде). |

| | |
|---|---|
| мыйзам жана сот алдында баары тең деген принцип; теңдик жана адилеттүүлүк прициптерининин айкалышуусу; мыйзам жана сот алдында баары тең деген принциптен алынганы | Бардыгы мыйзам алдында тең экендиги жөнүндө конституциялык принцип баарынан мурда басмырлоого каршы мүнөздөгү талап катары түшүнүлүшү керек, ал мыйзамда кандайдыр бир жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этноско таандыгы, курагы, туткан дини, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле адамдын жана жарандын коомдук жана жеке жашоосунун ар кайсы тармактарында укуктук мүмкүнчүлүктөрүнүн теңдигин бузууга алып келген кандайдыр бир башка жагдайлар белгисине негизделген, мыйзамда кандайдыр бир айырмачылыктарды, артыкчылык коюуларды же алып салууларды белгилөөгө жол берүүгө мүмкүн эместигин карайт.<br><br>Кодулоонун бардык тариздеринен коргоого кепилдик берүүчү теңчилик принцибин сактоо башка нерселерден тышкары объективдүү жана аң-сезимдүү актанууга ээ болбогон бир эле категорияга кирген адамдардын укуктарына ушундай айырмачылыктарды киргизүүнү түшүндүрөт; укук субъекттери тең укуктуу шарттарда тең укуктуу абалда болушу керек, эгерде шарттар бирдей эмес болсо, мыйзам чыгаруучу аларга ар түрдүү укуктук макам коюшу керек; формалдуу түрдө тең укуктуу субъекттерге бирдей мамиле жасоону камтыган конституциялык принцип ар кандай категорияларга таандык болгон адамдарга бирдей кепилдиктерди берүү зарылчылыгын шарттабайт, ал эми мыйзам алдындагы теңчилик чыныгы айырмачылыктарды жана аларды мыйзам чыгаруучу менен эске алуу зарылчылыгын жокко чыгарбайт.<br><br>Буга ылайык мыйзам чыгаруучу аткарылган иш милдеттери, корголуп жаткан кызыкчылыгы укуктуу жана өлчөмдөш жалпы маанидеги конституциялык максаттарга ылайык келген башка кырдаалдарга карата белгилүү субъекттер үчүн жалпы тартиптин ичинен айрым жоболорду алып салууга жана кандайдыр бир жеңилдиктерди киргизүүгө укуктуу (КР ЖС КПнын 2015-жылдын 8-апрелиндеги чечиминде). |
| мыйзам жана сот алдында баары тең деген принцип; теңдик жана адилеттүүлүк прициптерининин айкалышуусу; мыйзам жана сот алдында баары тең деген принциптен алынганы | Укуктар менен эркиндиктерди ишке ашыруу учурунда кодулоонун бардык таризинен коргоого кепилдик берген теңчиликтин конституциялык принцибин кармоо, башкалардан тышкары, бир эле категорияга кирген адамдардын укуктарындагы айырмачылыктарды киргизүү дегенди түшүндүрөт, аларда объективдүү жана акыл-эстүүлүк актануу жок (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 11-майындагы чечиминде). |
| | Теңчилик принциби бир гана Кыргыз Республикасынын Конституциясы тарабынан таанылган укуктар менен эркиндиктерге гана эмес, ал аларга байланышкан, мыйзамдын негизинде алынган башка укуктарга да жайылтылат (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 11-майындагы чечиминде). |
| | Теңдик жана акыйкаттык принциптеринин айкалышы кылмыш жосундарынын жана жазык жоопкерчилигинин мыйзамдуу ажыратууну алдын ала карайт, жазык мыйзамы мыйзамы бул принциптерге ылайык майнаптуу, криминологиялык жана социалдык жактан негизделген болушу керек. Мындан тышкары, теңдик жана акыйкаттык принциптери жазык-укуктук таасир этүүнү жекелештирүүгө багытталган, ага байланыштуу Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси жасалган кылмыштын мүнөзүн жана коомдук коркунучунун деңгээлин, анын жасалуудагы жагдайларын, инсандын касиеттерин жана башка факторлорду эске алууга милдеттендирет. Кылмышкердин инсандыгынын белгилүү бир касиеттерин аныктоого жазма буйрук берүүчү, ушул эле аспектте гумандуулук принциби ишке ашырылат (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 7-октябрындагы чечиминде). |
| | Бардыгы мыйзам жана сот алдында бирдей деген принциптен алып караганда, айрым категориядагы жактарга карата жүргүзүлгөн жазык процесстик мыйзамдын ар кандай аракеттери эл алдында болгон укуктук кызыкчылыктарга гана уруксат берилиши керек. Ошентип, кызматтык абал процесстик иммунитетти шартташы мүмкүн, башкача айтканда, бир катар кызматтык жактардын категориясына болгон өндүрүштүн өзгөчө тартиби, бул жактарга карата бардык же бир катар процесстик аракеттерди жүргүзүүгө уруксат алуу зарылдыгын да шарттайт. Процесстик иммунитет бул жактар тарабынан персоналдык артыкчылыктарга ээ дегенди билдирбейт, алар тарабынан маанилүү мамлекеттик жана коомдук иш-милдеттерди майнаптуу аткаруусунун кепилдиги болуп саналат (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 13-январындагы чечиминде). |
| | Мыйзам чыгаруучу аткарылган иш милдеттери, корголуп жаткан кызыкчылыгы укуктуу жана өлчөмдөш жалпы маанидеги конституциялык максаттарга ылайык келген башка кырдаалдарга карата белгилүү субъекттер үчүн жалпы тартиптин ичинен айрым жоболорду алып салууга жана кандайдыр бир жеңилдиктерди киргизүүгө укуктуу (КР ЖС КПнын 2015-жылдын 8-апрелиндеги чечиминде). |

| | |
|---|---|
| Абийир жана дин тутуу эркиндиги | Дин эркиндигин кепил кылган Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 32-беренесинин 1-бөлүгү, 56-беренесинин 2-бөлүгү, жарандык жана саясий укуктар жөнүндөгү эл аралык Пакты адамга абийири жол бербегендиктен аскер кызматынан баш тартуу укугун кепил кылат. Көрсөтүлгөн Пакттын 18-беренесине ылайык ар бир адамдын ойлоо, абийир жана диний эркиндигине укугу бар. Бул укук өзүнө дилди же ишенимдерди өз тандоосу менен кабыл алуу эркиндигин, өз динин жана ишенимдерин жеке өзү да, башкалар менен бирдикте да, жалпы же өзүмдүк тартипте колдонуу эркиндигин, сыйынуу, диний жана үрп-адаттарды, окууларды жүргүзүү эркиндигин камтыйт. Эч ким анын динди жана ишенимди тандоо эркиндигин кемсинткен таңуулоого дуушар болбошу керек. Жогоруда келтирилген жүйөөлөрдөн улам, мамлекет аскердик кызматтан же аскерди колдогон жана анын көзөмөлү, жетеги астында жүргүзүлгөн “альтернативдик кызматтан” абийири жол бербегендиктен баш тарткандарды куугунтуктабашы же кайсы бир башка жол менен жазалабашы керек (КР ЖС КПнын 2013-жылдын 19-ноябрындагы чечиминде). |
| | Дин тутуу эркиндигинин маңызы болуп адамдын диний ынанымдарды тандап алуу, диний ишенимдерге ээ болуу, алмаштыруу, билдирүү жана жайылтуу, ушуларга ылайык мыйзамдарда тыюу салынбаган динге табынуу иштерине, ырым-жырымдарга, каадаларга катышуу укугу эсептелинет.<br><br>Демек, дин тутуу эркиндиги эки жактуулукту камтып, өзүнө жеке жана жалпы элге каралган башталыштарды айкаштырат да, биринчи учурда, укук ар ким менен бул же тиги динди тандоо аркылуу ишке ашырылат, экинчи учурда, жаран өз алдынча же башкалар менен бирдикте дин тута алат (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 4-сентябрындагы чечиминде). |
| | Конституция, эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этноско таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча кодулоого алынышы мүмкүн эместигин жана Кыргыз Республикасында мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдейдигин орнотот (16-беренесинин 2, 3- бөлүктөрү). Ушуга байланыштуу, баардык диний бирикмелер мыйзам алдында бирдей болуп, ал эми кандайдыр бир динди туткан адам же адамдар тобу болсо, башка диндин өкүлдөрү менен салыштырганда артыкчылыка ээ болбошу керек (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 4-сентябрындагы чечиминде). |
| Соттук коргоого укук | Соттук коргонуу укугу кайсы сотто жана кандай жол-жобо боюнча конкреттүү иш карала тургандыгын алдын ала белгилеп, уюштуруу укуктук жана процесстик түрлөрү мыйзамдык түрдө бекемдөө аркылуу укуктарды натыйжалуу калыбына келтирүүнү кепилдендирүүнү карайт (КР ЖС КПнын 2013-жылдын 22-ноябрындагы чечиминде). |
| | Сот актысын кассациялык түрүндө карап чыгуу жөнүндө арыз берүүгө мөөнөтүн эсептөөнү өзгөчө тартип менен камсыз кылуучу соттук коргоого укукту ишке ашыруу (качан жакка ушул соттук акты менен анын укуктарынын бузулгандыгы жөнүндө белгилүү болгон учурдан тартып) өтүп кеткен процесстик мөөнөттү негизсиз калыбына келтирүүгө жана ошону менен бирге, мыйзамдык күчүнө кирген сот актыларынын укуктук белгиленгендигин, өзгөчөлүгүн, милдеттерин, төгүндөлбөстүгүн бузууга алып келбеши керек. Процесстик мөөнөттү өз алдынча калыбына келтирүү аларды белгилөө максаттарына карама-каршы келет (КР ЖС КПнын 2013-жылдын 22-ноябрындагы чечиминде). |
| | Соттук коргоо бардык башка конституциялык укуктар жана эркиндикке карата камсыздоо-калыбына келтирүү милдетин аткаруучу адамдын жана жарандын укугу менен эркиндигин мамлекеттик коргоонун универсалдуу укуктук каражаты болуп саналат. Бул укуктук каражат сот бийлигин алып жүрүүчү сот бийлигинин жана судьянын көз карандысыздык шарттарында гана майнаптуу жана таасирдүү боло алат. Так ушуга байланыштуу, Конституцияда судьялардын көз карандысыздык принциби бекемделген (КР ЖС КПнын 2013-жылдын 27-декабрындагы чечиминде). |
| | Конституциянын аталган жоболорунун (40-берененин 1-бөлүгүнүн) жана Кыргыз Республикасынын укуктук тутумунун курамдык бөлүгү болуп саналган Конституциянын 6-беренесинин 3-бөлүгүнүн күчүнө ээ болуп, эл аралык-укуктук актылардын мааниси боюнча, соттук коргоого ээ болгон ар биринин укугу болуп, мыйзам тарабынан бузулган же талаш-тартыш болгон укукту коргоо же мыйзам тарабынан корголгон кызыкчылыкты коргоо максатында бардык кызыкдар болгон жактардын сотко кайрылуу мүмкүндүгү болуп саналат (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 24-январындагы чечиминде). |

| | |
|---|---|
| Соттук коргоого укук | Конституциянын 6-беренесинин 3-бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын укуктук тутумунун курамдык бөлүгү болуп саналган Конституциянын жана эл аралык-укуктук актылардын аталган жоболорунун маанисинен, ар биринин соттук коргоого болгон укугу, негизинен ишти кароо мыйзамдуу бекитилген сот тарабынан каралышы керек, анын бул ишти кароосу үчүн компетенциясы жана сот өндүрүшүн жүргүзүү тартиби алдын ала мыйзам тарабынан аныкталат (Конституциянын 93-беренесинин, 1, 4-бөлүктөрү, 96-беренесинин 1-бөлүгү, 99- беренесинин4, 5-бөлүктөрү). Бул учурда, соттук коргоого болгон укукту толук өлчөмдө ишке ашырууда конкреттүү кепилдиктерди караган жана укуктарды майнаптуу калыптандырууну камсыз кылган акыйкат сотко жөнөтүү процессин мыйзам аркылуу жөнгө салуу адамдын жана жарандын укугун чектеп же азайтпашы керек, ал эми аларды мүмкүн болгон чектөөлөр өлчөмдүү болушу керек жана конституциялык баалуулуктарды коргоо зарылдыгы менен шартталышы керек (Конституциянын 20-беренесинин1, 2-бөлүктөрү, 93-беренесинин 1-бөлүгү). (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 31-январындагы чечиминде). |
| | Конституция менен кепилденген соттук коргонуу укук, сот ишинде жактардын укуктарын жана милдеттерин аныктоо үчүн, чечилүүгө тийиш болгон бардык маанилүү маселелерди дал биринчи инстанциядагы сотто натыйжалуу жана адилеттүү караштыруу үчүн мамлекет тараптан керектүү шарттарды түзүүнү көздөйт (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 12-февралындагы чечиминде). |
| | Конституциянын 40-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык ар кимге анын укуктары менен эркиндигин соттук коргоого кепилдиктер берилет. Ушул конституциялык ченемден жана эл аралык-укуктук актыларды кабардар кылган жоболордон, тагыраак айтканда, адам укугу Жалпы декларациясынын 8-жана 29-беренелеринде, ошондой эле Пакттын 2-беренесинде (2-пункт жана 3-пункттун «а» бөлүгү) жана 14-беренесинде (1-пункт) айтылгандай, мамлекет соттук коргоо укугун ишке ашырууга милдеттүү, ал өз кезегинде акыйкат, компетенттүү жана натыйжалуу болушу керек (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 21-февралындагы чечиминде). |
| | Соттук коргонууга болгон укук кепилдиктин болушун божомолдойт, толук көлөмдө ишке ашырып, адилеттиктин талаптарына жооп берген акыйкат соттун жардамы менен укугун калыбына келтирүүнү камсыз кылмак. Бул Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 10-беренесинин Эскертүүсүнөн чыгат, ага ылайык ар бир адам өз укуктары менен милдеттерин аныктоо жана ага коюлган кылмыш күнөөсүнүн негиздүүлүгүн аныктоо үчүн толук теңчилик негизде анын иши ачык жана адилеттүүлүктүн бардык талаптарын сактоо менен көз карандысыз жана адилет сот тарабынан каралышына укуктуу, атап айтканда акыйкаттык сотту териштирүүдө процесстик кепилдиктер берилет (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 21-февралындагы чечиминде). |
| | Соттук коргоого болгон укук кепилдиги соттолуучуга бир гана соттук жыйналышка катышууга мүмкүндүк бербестен, өз коргоосун өзү же сот тарабынан дайындалган жактоочу жүргүзүүсүн тапшырууга мүмкүндүк берет (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 21-февралындагы чечиминде). |
| | Конституцияда көрсөтүлгөн соттук коргонуу укугу, ар бир адам конституциядагы же мыйзамдагы анын негизги укуктары бузулган учурда, компетенттүү улуттук соттор аркылуу укуктарын толук калыбына келтирүүгө акылуу экендигин белгилейт (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 5-мартындагы чечиминде). |
| | Соттук коргонуу укугу ар бир инсандын укугу болуп эсептелет. Ал эми мамлекет болсо, мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдей болгондугунун негизинде, Конституция жана эл аралык келишимдер менен белгиленген бузулуп жаткан укуктарды калыбына келтирүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган соттук коргонуу укугун урматтап, аны ар бир адамга ошондой эле судьяларга карата камсыз кылышы зарыл. (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 5-мартындагы чечиминде). |
| | Кыргыз Республикасынын Конституциясынын (1, 16, 20, 40-беренелери) Кыргыз Республикасындагы ченемдеринин маңызы боюнча укуктук мамлекеттин ажырагыс элементи катары укуктун үстөмдүгүнүн принцибине негизделген укуктук тутум, ар бир адамдын соттук коргоого болгон укугу бардык субъекттерге көз карандысыз жана калыс соттор тарабынан тараптардын атаандаштыгынын жана тең укуктуулугунун негизинде жүзөгө ашырылуучу сот адилеттигине эркин жана тең укуктуу, ошондой эле алардын мыйзамдуу кызыкчылыктарын, анын ичинде соттун кетирген катааларынан коргоону карайт (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 3-декабрындагы чечиминде). |
| | Ар бир адамдын соттук коргоого болгон конституциялык укугу мамлекет тарабынан ишти эң алды менен, биринчи инстанциядагы сотто натыйжалуу жана адилеттүү териштирүү үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүнү билдирет (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 3-декабрындагы чечиминде). |

| | |
|---|---|
| Соттук коргоого укук | Жарандык сот өндүрүшүнүн алкагында ченемдик укуктук актыларды талашууга болгон укук Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 40-беренеси менен бекитилген соттук коргоого болгон конституциялык укуктун элементтеринин бири болуп саналат, ага ылайык ар бир адамга анын укуктарын жана эркиндиктерин соттук коргоого кепилдик берилет, анын ичинде мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын алардын кызмат адамдарынын аракеттерине (аракетсиздигине), мыйзамсыз иштерине даттануу жолу менен. Сотко кайрылуу жана ченемдик укуктук актыны талашуу жөнүндө процессти козгоого болгон укук көрсөтүлгөн конституциялык укуктун зарыл элементи болуп саналат (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 2-сентябрындагы чечиминде). |
| | Жогоруда келтирилген конституциялык жоболордон келип чыккан соттук коргоого болгон укук башка бардык укуктар менен эркиндиктердин маанилүү конституциялык кепилдиги болуп саналат.<br><br>Кыргыз Республикасынын укуктук мамлекет катары адилеттүүлүк талаптарына жооп берген сот адилеттиги аркылуу адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин натыйжалуу коргоого милдеттүү, ал кандай сотто жана кандай тартипте каралышы керектигин аныктай турган мыйзамдуу бекитилген критерийлердин негизинде сот адилеттигинин талаптарына жооп берет жана сотко жана сот процессинин башка катышуучуларына алар менен ишке ашырылычуу аракеттердин адилеттигине жана мыйзамдуулугуна ишенимдүү болууга мүмкүндүк берет (КР ЖС КПнын 2015-жылдын 9-декабрындагы чечиминде). |
| | Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 40-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган соттук коргоого болгон укук Кыргыз Республикасынын соттук тутумуна жайылтылат, жана ага ылайык, өзүнөн жогорку турган соттун кайталап кароосуна укук берет, жана соттук коргоого болгон туундусу катары жалпы юрисдикция сотуна жеке же юридикалык жактын кайрылуусу учурунда ишке ашырылат.<br><br>Соттук коргоого болгон укукту чектөөгө жол берилбегендик, адамда бардык маселелер боюнча жалпы юрисдикция сотуна кайрылуу мүмкүндүгүн болжолдойт, эгер адам өз талаш-тартышын, бул талаш-тартышты кароого компетенттүү болгон башка альтернативдик органга берүү жөнүндө жазуу жүзүндөгү макулдашуу түзүү жолу менен андан баш тартпаса эле (КР ЖС КПнын 2015-жылдын 9-декабрындагы чечиминде). |
| | Соттук коргоонуу укугу кызыкдар келип чыккан укуктук талашты жөнгө сала албаган же юридикалык маанилүү кырдаалды соттук эмес тартипте ырастай албаган учурлар ишке ашырылат. Ушуга байланыштуу, кызыкдар тарап, өзүнүн укуктарын коргоо үчүн жана мыйзамда бекитилген учурларда башкалардын да, укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо үчүн сотко кайрылуу менен соттон укуктук жардамды жана коргоону талап кылат (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 17-февралындагы чечиминде). |
| | Жарандык карым-катнаштардын туруктуулугун камсыз кылуу максатында жогоруда аталган соттук коргонуу укугун ишке ашыруу бөгөт коюучу мөөнөттөр менен чектелип турууга тийиш (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 17-февралындагы чечиминде). |
| Адилеттүү соттук териштирүүгө укук | Ар бирине көз карандысыз жана калыс сот тарабынан акыйкат териштирүүгө болгон укукту камсыз кылуу институционалдык жана процесстик аспектилерге ээ. Институционалдык аспектиге мамлекет тарабынан бийликти бөлүштүрүү, сот бийлик бутагынын өз алдынчалуулук кепилдиги, өзгөчө квалификациялык талаптар жана соттук кызмат ордуна көрсөткөн талапкерлердин моралдык-нравалык сапатына коюлган талаптар кирет, бул сот органдарынын жана, атап айтканда, ар бир соттун көз карандысыздыгынын негиздерин түзүүгө мүмкүндүк берет. Процесстик аспектиге көз карандысыз жана калыс сот тарабынан акыйкат сот териштирүү болгон укук Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексине бекитилген принциптер менен эрежелер кирет. Бул сот адилеттүүлүгүнүн тараптардын атаандаштыгынын жана тең укуктуулугунун, иштердин сотко караштуулугу жана ведомствого караштуулук эрежелеринин, соттордун далилдерди баалоого болгон талаптар, сот чечимдеринин жүйөлөштүрүсүнө, далилдерди ар тараптуу жана толук текшерүүнүн, ишти чечүүдө укук ченемдеринин туура колдонушунун негизинде жүзөгө ашыруу (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 29-октябрындагы чечиминде). |

| | |
|---|---|
| Адилеттүү соттук териштирүүгө укук | Ар бир адамга адилет жана көз карандысыз сот тарабынан акыйкат каралуу укугунун камсыздалышы институционалдык жана процесстик өңүттөргө ээ. Институционалдык өңүткө мамлекет тарабынан бийликти бөлүштүрүү принцибин ирети менен камсыз кылуу, бийликтин сот бутагынын өз алдынчалуулугуна болгон кепилдиктери кирет. Адилет жана көз карандысыз сот тарабынан акыйкаттуу каралышына болгон укуктун процесстик өңүтүнө процесстик мыйзамда бекитилген принциптер жана эрежелер, негизинен, Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинде каралган иштеги принциптер жана эрежелер кирет (КР ЖС КПнын 2015-жылдын 2-сентябрындагы чечиминде). |
| мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын эл алдында жоопкерчилик принциби | Бийликтин калктын алдындагы жоопкерчиликтин конституциялык принцибинин сакталышы камтылып турат, ал мамлекеттик-бийликтик ыйгарым укуктарга ээ болгон адамдын өзүнүн саясий ишинин натыйжалары үчүн жооп тартуу милдетин түшүндүрөт. Баарынан мурда, бул бийликтин элдин көз алдындагы легитимдүүлүгү жана авторитети үчүн, ички жана тышкы саясатты туура тандоосу үчүн, кабыл алынган чечимдерди ишке ашыруусу жана натыйжалуулугу үчүн жоопкерчилик (КР ЖС КПнын 2013-жылдын 26-ноябрындагы чечиминде). |
| Эне тилин пайдалануу укугу | Кыргыз Республикасы Кыргызстандын элин түзгөн бардык этностордун өкүлдөрүнө эне тилин сактоого, аны окуп-үйрөнүүгө жана өнүктүрүүгө шарттарды түзүү укугуна кепилдик берет (Конституциянын 10-беренесинин 3-бөлүгү). Ошону менен, Кыргыз Республикасы этносторго – башка тилдерде сүйлөөчүлөргө карата мамиле кылуу боюнча толеранттуулукка умтулуусун билдирет. Ошону менен бирге, эне тилин пайдалануу укугу абсолюттук мүнөзгө ээ болбошу керек. Ал адамдын социалдык маданий чөйрөсүндө кызыкчылыктарын иш жүзүнө ашырууну камсыз кылууга багытталган, бирок ага бүткүл эл алдындагы мамилелерде эне тилин колдонуунун чексиз мүмкүндүгүн берүүнү түшүндүрбөйт (КР ЖС КПнын 2013-жылдын 28-ноябрындагы чечиминде). |
| Үй жайдын кол тийбестик укугу; Үй жайдан өз билемдикке салып ажыратууга тыюу салуу кепилдиги | Турак жайынан негизсиз ажыратууга карата тыюу салуунун конституциялык кепилдиги жашап турууга укуктук камсыз кылуусу (жетиштүү турак жайга карата укуктун элементинин) мейкиндигинде жатат, жана мыйзам чыгаруучу тарабынан турак жайдын менчик ээсине коопсуздук, кол тийбестик, турак жайынан негизсиз ажыратууга жол берилбестик, турак жайга ж.б. ээ болуу, пайдалануу жана аларды башкаруу боюнча укуктарын тоскоолдуксуз жүзөгө ашыруу мүмкүндүгү кепилдене турган шарттарды түзүлө тургандыгын түшүндүрөт (КР ЖС КПнын 2013-жылдын 23-декабрындагы чечиминде). |
| | Конституцияда жана эл аралык укуктук актыларда жар салынган турак жайдын кол тийбестиги принциби адамдын жеке турмушунун кол тийбестигине болгон укукту, жеке адамдык жана үй бүлөлүк жашырын сырларды сыйлоону, инсандын ар намысы менен аброюн сыйлоону камсыз кылат, бул өзгөчө жазык сот өндүрүшүнүн алкагында маанилүү, анткени бул укуктар турак жайга кирип баруу менен байланышкан процессуалдык иш-аракеттерди жүзөгө ашыруу учурунда кыйла көбүрөөк деңгээлде чектелет. Турак жайдын кол тийбестигин дал ушундай жагдайга байланыштуу чектөө, Конституцияга ылайык, жеке менчикте жана башка укукта болгон турак-жайда жана бөлөк объектилерде тинтүү, алып коюу, кароо жана башка аракеттерди жүргүзүү үчүн, аларга бийлик өкүлдөрүнүн кирүүсү үчүн соттун актысынын негизинде гана жол берилет (30-беренени 2-бөлүгү). Ошондуктан, турак жайдын кол тийбестигине болгон укукту чектөөнүн ар бир конкреттүү окуясынын конституциялык маанилүү максаттарга шайкештигине жана тууралыгына алдын ала соттук акты менен жетишип алуу керек (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 9-июлундагы чечиминде). |
| Менчик укугу;<br>менчиктин кол тийбестик укугу;<br>менчик укугуна чектөөлөр | Теңдикти, жарандык-укуктук мамилелердин катышуучуларынын эрктеринин автономиялуулугун жана мүлктүк өз алдынчалуулугун, кимдир бирөөнүн жеке иштерге негизсиз кийлигишүүсүнө жол берилбестиктерди божомолдоочу жалпы таанылган менчикке кол тийбестик жана келишим эркиндигинин конституциялык принциптери мүлккө ээ болуунун, пайдалануунун жана аны өз каалаганындай тескөөнүн эркиндигин шартташат. Бул, менчик ээси, өзү билгендей, ага тийиштүү болгон мүлккө карата өзү каалагандай, эгерде алар мыйзамга каршы келбей жана башка адамдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузбаса, анын ичинде менчик ээси тарабынан кыймылсыз мүлк объекттерине тийиштүү болгон мүлктүн эсебинен өзүнүн жарандык-укуктук милдеттенмелерин аткаруу мүмкүндүгүн кошуп алганда, аракеттерди жасагандыгын түшүндүрөт (КР ЖС КПнын 2013-жылдын 23-декабрындагы чечиминде). |

| | |
|---|---|
| Менчик укугу; менчиктин кол тийбестик укугу; менчик укугуна чектөөлөр | Конституциянын 12-беренесинин 2-бөлүгүнүн 20-берене (2-бөлүгү) менен байланыштагы мазмуну боюнча, башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо максатында менчик укугун чектөө, негизинен жабырлануучунун укугун калыптандырууну камсыз кылуу жана ага келтирилген зыяндын ордун толуктоо зарылдыгы менен шартталышы мүмкүн (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 10-сентябрындагы чечиминде). |
| | Кыргыз Республикасынын Конституциясы аныктаган чектерде менчик укугу менчик ээсинин мүлкүнө ээ болуу, колдонуу жана тескөө укугун ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн гана эмес, ага таандык мүлктү карoo түйшүгүн да божомолдойт. |
| | Менчик обьектисинин сапаттуу өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен башка жактардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыз кылуу зарылдыгы менчик ээсинин эркиндигин белгилүү бир чектерге бекитүүнү болжойт жана мындай чектөөлөрдү анын мазмунунан бөлүп карoo мүмкүн эмес. Менчик укугунун чектөөлөрү анын мазмунун ажыратылгыс элементи болуп саналат, алар менчик укугунун мазмунунан айрым ыйгарым укуктарды жокко чыгарбастан, менчик ээсинин субьективдүү укугун жүзөгө ашырууда мүмкүнчүлүктөрүн куушурат (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 21-сентябрындагы чечиминде). |
| Автоунаа каражаттары ээлеринин жарандык-укуктук жоопкерчилигин камсыздандыруу | Камсыздандыруунун жалпыга бирдей принциби деген сөзү материалдык, социалдык жана башка Мыйзамда белгиленген чектөөлөрдү эске алуу менен абалына карабастан бардык автотранспорт каражаттарынын ээлерине жарандык жоопкерчиликти камсыздандырууну милдетин жайылтуу деп саналат. (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 21-сентябрындагы чечиминде). |
| | Өзүнүн жоопкерчилигин камсыздандыруу милдетин орнотуу менчик ээсинин мүлкүнө ээлик кылууга жана аны тескөөгө укугун чектөө болуп саналбайт (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 21-сентябрындагы чечиминде). |
| | Мыйзам чыгаруучу, автотранспорт каражаттарынын ээлерине өзүнүн жарандык жоопкерчилигин камсыздандыруу милдетин зыян келиши мүмкүн болгон жактардын пайдасына жүктөө менен, зыянкечтин материалдык абалына карабастан, кайсы гана учурда болбосун жабыр тарткан тарапка зыяндын ордун толтуруу мүмкүндүгүн камсыз кылуу менен социалдык мамлекеттин иш-милдеттеринин бирин ишке ашырат (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 21-сентябрындагы чечиминде). |
| Демократиялык мамлекет | Демократия – бул эл бийлиги, саясий плюрализм, конституциянын үстөмдүгү, жарандардын эркиндиктери менен теңдиктери, адам укуктарынын ажырагыстыгы сыяктуу принциптерди таанууга негизделген мамлекеттик түзүлүштүн формасы. Аны ишке ашыруунун формасы бийликтер бөлүштүрүлгөн, өнүккөн эл өкүлчүлүк тутуму бар республикалык башкаруу болуп саналат (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 11-октябрындагы корутундусунда). |
| Укуктук мамлекет | Кыргыз Республикасы укуктук мамлекет болуп саналат (Конституциянын 1-беренесинин 1-бөлүгү), анын укуктук үстөмдүгү камсыз кылынган, анын баардык органдарынын ишмердүүлүгү жана алардын Конституцияга жана мыйзамдарга багынышын камсыз кылган элдик бийликти өзгөчө уюштуруу функциясынан кабар берет жана бул өз кезегинде укук саясатына, саясий акцияларга жана конституциялык укуктук талаптарга жана тариздерге баш ийүүнү талап кылат (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 11-июлундагы чечиминде). |
| Башкарууга дин аралашпаган мамлекет | Башкарууга дин аралашпоо принциби диний ынанымдардан мамлекетти бөлүп чыгарууну болжойт, бирок коомдук турмуштан динди такыр чыгарып салууну билдирбейт. Ошондой эле, коомдук-саясий бийликтин уюштуруунун негизги формасы катары мамлекеттин ролун сактоо менен мамлекет жана диний уюмдардын таасир этүү чөйрөлөрүн чектеп берүүгө көмөктөшүп турат. Бул принцип Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 7-беренесинен келип чыгууда (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 11-октябрындагы корутундусунда). |
| Мамлекеттик бийликти бөлүштүрүү принциби | Мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийлигине бөлүнүшү мамлекеттик бийликти уюштуруунун эң маанилүү принциптеринен жана укуктук мамлекеттин иштеши болуп саналат. Бийликтердин бөлүнүү принциби мыйзам чыгаруу иши мыйзам чыгаруу органы, аткаруу-тескөө иши аткаруу бийлигинин органдары, сот бийлиги соттор тарабынан ишке ашырыла тургандыгын билдирет. Ошону менен бирге бийликтин мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бутактары өз алдынча жана салыштырмалуу көз карандысыз. Бийликтердин бөлүнүшү мыйзам чыгаруу, мамлекеттик башкаруу, сот адилеттиги сыяктуу функциялардын табигый чектелишине негизделет (КР ЖС КПнын 2013-жылдын 27-декабрындагы чечиминде). |

| | |
|---|---|
| Мамлекеттик бийликти бөлүштүрүү принциби | Конституциянын 3-беренесинин 2-бөлүмүндө бекитилген мамлекеттик бийликти бөлүштүрүү принциби башка институционалдык көз карандысыз жана иш-милдеттик мамлекеттик-укуктук институттардын өз алдынча жашоо мүмкүндүгүн жокко чыгарбайт. Алардын болушу мамлекеттин айрым функцияларын ишке ашыруу зарылдыгын, мамлекеттик-укуктук жашоонун учурдагы керектөөлөрүн алдын ала аныктайт (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 13-январындагы чечиминде). |
| | Бул принцип укуктук кепилдиктер, оздуктоо менен тең салмактуулуктар тутумун орнотууну алдын ала карайт, ал бийликтин мунун бирине гана топтоо мүмкүндүгүн болтурбайт, бийликтин бардык бутактарын өз алдынча жана көз карандысыз жүзөгө ашырууну, бир эле убакта алардын өз ара иштешин жана өз ара салмактарын теңдөөнү камсыз кылат, ошондуктан бийликти мыйзам чыгаруу, мамлекеттик башкаруу жана сот адилеттиги сыяктуу иш-милдеттерин табигый бөлүштүрүүгө негизделет (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 11-апрелиндеги чечиминде). |
| Сот адилеттигинин тутуму;<br>Сот адилеттигинин органдары | Адилеттүү сот тутумуна, сот өндүрүшүнүн тартибин, эрежелерин жана принциптерин кармоо менен, мыйзамда белгиленген процесстик формаларда жарандык, жазык жана башка иштерди мамлекеттин атынан кароо жолу менен сот адилеттигин аткарып жаткан Жогорку сот жана жергиликтүү соттор кирет. Талаштарды жана кагылышууларды чечүүчү башка бардык институттар адилеттүү сот тутумуна кирбейт (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 11-июнундагы чечиминде). |
| | Сот адилеттиги органдарынын алдында кеңири маанисинде бир гана бардык деңгээлдеги соттор эмес, түздөн түз милдети сот адилеттигин жүргүзүүгө таасир тийгизүү болгон мамлекеттик органдар да кирет. Бул таануу, алдын ала тергөө, прокурордук көзөмөл, ошондой эле сот актыларын аткаруучу органдар. Алардын ишмердүүлүгү, сот ишмердүүлүгүндөй эле атайын бир процесстик таризде өтөт, ал эми алардын ишмердүүлүгүнө кийлигишүү соттордун ишмердүүлүгүндө чагылдырылат. Буга байланыштуу, укук коргоо органдарынын мыйзамдуу жана орундуу ишмердүүлүгүнө каршы багытталган коомдук коркунучтуу жосундар дагы сот адилеттигине каршы кылмыш катары таанылат (КР ЖС КПнын 2015-жылдын 14-январындагы чечиминде). |
| | Адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин соттук коргоо Кыргыз Республикасынын соттук тутумуна кирген соттор тарабынан ишке ашырылат, алар Конституцияда жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында бекитилет жана Жогорку соттон жана жергиликтүү соттордон турат (Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 93-беренесинин 1 жана 3- бөлүктөрү). Ушуга ылайык, чыр-чатактарды жана башка талаш-тартыштарды чечүүнү ишке ашырууну, Кыргыз Республикасынын сот тутумуна кирбеген башка соттор жана башка түзүлүштөр Кыргыз Республикасында сот адилеттигин жүргүзө алышпайт (КР ЖС КПнын 2015-жылдын 9-декабрындагы чечиминде). |
| Жолдоштук абийир сотторун жана башка коомдук органдарды уюштуруу | Конституцияда кандайдыр бир коомдук органды, анын ичинде жолдоштук абийир сотторун түзүү жөнүндө жобонун жоктугу, аларды түзүүгө жана ишин жүргүзүүгө конституциялык тыюу катары каралбайт (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 11-июнундагы чечиминде). |
| Бейтарап соттордун конституциялык-укуктук статусу | Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 58-беренесинде бекитилген бейтарап соттордун конституциялык-укуктук статусу алардын сот тутумуна кирбеген түзүлүштөр экендигин болжолдойт, башкача айтканда, жарандык-укуктук мамилелерден гана келип чыккан талаш- тартыштарды чечүүгө адистешкен соттук эмес органдар болуп саналат, алардын ыйгарым укуктары, түзүлүшү жана иштеши тартиби мыйзам менен аныкталат. Ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Конституциясы элдик маанилүү милдеттер берилген жарандык коом институттары катары иш алып барган бейтарап соттор аркылуу бейтарап териштирүү процедурасы боюнча жеке адамдардын ортосундагы жарандык-укуктук талаштарды чечүү мүмкүнчүлүгүнө жол берет..<br><br>Талашылып жаткан чечимдеринин жоболору бейтарап соттун чечими акыркы жана аны даттанууга берүүгө мүмкүн эместигин караган бейтарап соттордун институтунун укуктук табиятынан келип чыгат, алар келишимдин эркинин жана эркиндигинин автономиялуулук принцибине негизделген; ошондой эле бул жоболор келишимдин курамдык бөлүгү болуп саналган арбитраждык эскертме же бейтарап макулдашуу боюнча түзүлгөн, өзүнө кабыл алынган милдеттенмелердин натыйжасы катары да боло алат (КР ЖС КПнын 2015-жылдын 9-декабрындагы чечиминде). |

| | |
|---|---|
| Судьянын конституциялык-укуктук статусу; судьянын көз карандысыздыгы жана кол тийбестиги; судьянын жоопкерчилиги | Судьянын статусу эң биринчиден, судьянын өзүнүн бардык ыйгарым укуктарын мыйзамдуу, так жана туура аткаруусу менен аныкталат жана судьяны бул аракеттерге аны кызмат орунуна шайлаган учурда, салтанаттуу түрдө берген анты дагы милдеттендирет. 8 Ант берүү судьяга өзгөчө конституциялык-укуктук статусту ыйгарат. Мындай статус, судьянын мыйзам менен бекитилген талаптарды кармоосуна жана ага жүктөлгөн чектөөлөрдү сактоосуна даяр экендигин билдирет, башкача айтканда, судья кесиптик билиминин жана ички ишениминин негизинде гана көз карандысыз жана калыстык менен сот адилеттигин жүргүзүүгө милдеттенет. Судьяны тартип жоопкерчилигине тартуу, судьянын атайын (конституциялык-укуктук) статусу менен шартталган өзгөчөлүккө ээ. Бирок ал өз учурунда, көзөмөлсүздүк жана жоопкерчиликсизди түшүндүрбөгөн судьянын көз карандысыздыгы менен коом алдындагы милдеттеринин ортосундагы тең салмактуулукту камсыз кылып турат (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 5-мартындагы чечиминде). |
| | Соттун нейтралдык статусу айыптоочу тараптын жана жактоочу тараптын далилдери менен ой-пикирлерине байланып калбоого мүмкүндүк берет, ал тараптардын атаандаштыгынын жана тең укуктуулугунун конституциялык принцибин ишке ашыруу менен, жазык иликтөө органы тарабынан процессуалдык иш-аракеттерди жүргүзүүсүнүн зарылдыгын калыс баалайт (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 9-июлундагы чечиминде). |
| | Ишмердүүлүгүнүн милдетинен жана мүнөзүнөн, милдеттеринин алкагынан жана коом менен мыйзам алдындагы жоопкерчилик деңгээлинен алып караганда, судьянын кызматы өзгөчө категорияга киргизилет. Ошондуктан, судьялык кызматка өзгөчө талаптар коюлат, ал сот 8 ыйгарымдарын жөнү жок аткаргандыгы үчүн жоопкерчиликти күчөтүү, ээсинин өздүгүнө, квалификациясына жана жүрүм-турумуна жогорку стандарттарды орнотуу менен чагылдырылат (КР ЖС КПнын 2015-жылдын 15-апрелиндеги чечиминде). |
| | Тармактык мыйзамда орнотулуучу субъективдик укуктун жүзөгө ашырылуусуна чектөөлөр судьялардын бийик конституциялык-укуктук статусун кичирейтпестен конституциялык жактан жол берилген критерийлерге жооп берүүгө тийиш (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 11-октябрындагы корутундусунда). |
| | Ант берүү судьяга өзгөчө конституциялык-укуктук статус ыйгарат. Мындай статус судьяны мыйзамда бекитилген талаптарды кармануууга милдеттендирет жана аг жүктөлгөн чектөөлөрдү сактоого даярдыгын билдирет, башкача айтканда, судья көз карандысыз жана кесиптик билимдер менен өзүнүн ички ынанымдарынын негизинде гана адилет сот жүргүзүүгө милдеттүү (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 11-октябрындагы корутундусунда). |
| | Сот бийлиги мамлекеттик бийлик бутагынын бири катары укукту, мамлекеттик жана коомдук турмуштун укуктук негиздерин кандай болбосун бузуулардан ким аларды бузбасын коргойт. Судьяларга жарандардын жана юридикалык жактардын эркиндиктери, укуктары, милдеттери жана жеке менчик маселелери боюнча акыркы чечимди кабыл алуу милдети жүктөлөт. Так ошондуктан судьялардын көз карандысыздыгы ким сот адилеттигине жана адам укугун коргоого ээ болгусу келсе, бардык адамдарга мыйзамдуулуктун жана ажыратылгыс кепилдиктин белгиси болуп саналат (КР ЖС КПнын 2013-жылдын 27-декабрындагы чечиминде). |
| | Судьялардын көз карандысыздык принцибинин мааниси судья Конституцияга жана мыйзамдарга гана баш ийүү менен жана ким тарабынан болбосун жана кандай себептер менен болбосун түз же кыйыр, эч бир чектөөсүз, башкалардын таасирисиз, катышуусуз, мажбурлоосуз, коркутуусуз, кийлигишүүсүз чечимдерди эркин кабыл алуунун реалдуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу шарттарын камсыз кылууга умтулууда турат (КР ЖС КПнын 2013-жылдын 27-декабрындагы чечиминде). |
| | Сот бийлигинин ээси катары сот бийлигинин жана судьянын көз карандысыздыгы, судьянын артыкчылыгы катары каралбашы керек. Ал соттук чечимдерди чыгарууда тышкы басымга каршы кепилдик болуп эсептелет жана судьяларга жүктөлгөн адамдын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо боюнча аларга жүктөлгөн милдеттерди аткарууга мүмкүндүк берүү зарылдыгы менен акталган (КР ЖС КПнын 2013-жылдын 27-декабрындагы чечиминде). |

| | |
|---|---|
| Судьянын конституциялык-укуктук статусу; судьянын көз карандысыздыгы жана кол тийбестиги; судьянын жоопкерчилиги | Судьялардын көз карандысыздыгы жана кол тийбестиги жөнүндө айтканда, Конституциянын 95-беренесинин 6-бөлүгү конституциялык мыйзам менен аныкталуучу, аларга сот тартибинде салынуучу жазык жана административдик жоопкерчиликке тартуунун өзгөчө тартибин карайт. Жоопкерчиликке тартуунун мындай өзгөчө тартиби, биринчи кезекте, судьяга кызмат адамдары жана башка органдар тарабынан болуучу кандай гана болбосун таасирлерди жок кылууга багытталган, жана жалпысынан соттук көз карандысыздык концепциясына таандык.<br><br>Судьялардын көз карандысыздыгынын жана кол тийбестигинин конституциялык бекитилген кепилдиги судьянын жоопкерчилигинин жоктугу катары каралышы мүмкүн эмес жана бардыгынын мыйзам жана сот алдында бирдейлиги жөнүндө Конституциянын 16-беренесин колдонуу жайылтылган субъекттердин эсебинен судьяларды чыгарууну билдирбейт. Жетиштүү негиздер бар болгондо жана мыйзамдарда белгиленген жол- жоболорду сактоо менен, судья кылмыш жоопкерчилигине кандай болсо, башка жоопкерчиликке ошондой тартылышы мүмкүн (КР ЖС КПнын 2013-жылдын 27-декабрындагы чечиминде). |
| | Судьялык иммунитетти берүү сот бийлигинин өзгөчөлүгүнүн жана толуктугунун зарыл кепилдиги болуп саналат. Судьянын иммунитети судьяларды айрым юридикалык милдеттерди аткаруудан бошотуучу жана алардын конституциялык статусун камсыз кылуу максатында жоопкерчиликке тартуунун өзгөчө жол-жоболорун белгилөөчү жана алардын өз функцияларын талаптагыдай аткаруу ченемдеринин жыйындысынан турат. Ушуну менен бирге судьялардын иммунитети абсолюттук болуп саналбайт жана аны жеңүүгө болбогон тоскоолдук катары түшүндүрүлбөш керек. Атап айтканда, судьялар жазык ишин козгоодон жана аларга карата ыкчам-иликтөө иш-чараларын жүзөгө ашыруу иммунитетине ээ эмес (КР ЖС КПнын 2013-жылдын 27-декабрындагы чечиминде). |
| | Судьяны тартиптик жоопкерчиликке тартуу, анын конституциялык-укуктук статусу менен шартталган өзгөчөлүккө ээ, ал өз кезегинде бир жагынан судьянын текшерилбестиги менен жоопкерсиздиги, жаана экинчи жагынан судьянын көз карандысыздыгы, анын коом алдындагы милдеттеринин ортосундагы тең салмактуулукту камсыз кылат (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 11-октябрындагы корутундусунда). |
| | Судьяларга жарандардын жана юридикалык жактардын укуктары, эркиндиктери, милдеттери жана менчиктери жөнүндө маселелелр боюнча акыркы чечим кабыл алуу милдети жүктөлөт. Дал ошон үчүн судьялардын кабыл алып жаткан чечимдери үчүн жоопкерчилиги сот адилеттигин жана адам укуктарынын корголушун талап кылган бардык адамдар үчүн мыйзамдуулуктун күрөөсү жана ажырагыс кепилдик болуп саналат (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 11-октябрындагы корутундусунда). |
| Сотту сыйлабагандык үчүн жазалануу | Сотту урматтабоо үчүн жазаны караган ченемдер сот адилеттигинин акыйкат жана тоскоолдуксуз тутумуна укукту камсыз кылуу каражаты катары да, сот адилеттигин талапка ылайык аткарууну коргоо аспабы катары зарыл, бирок бул ченемдердин колдулушу, мазактоочу жосун кандайдыр бир башка жазык кылмышынын аныктамасына туш келбей турган жагдайларда чектелүүгө зарыл (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 29-декабрындагы чечиминде). |
| Прокуратура органдарынын конституциялык-укуктук статусу | Конституцияны түзүмдөштүрүү логикасынан алып караганда, прокуратура бийликтин бир да бутагына кирбеген жана конституциялык деңгээлде түзүлгөн өз алдынча, көз карандысыз мамлекеттик орган болуп саналат (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 13-январындагы чечиминде). |
| | Прокуратура көзөмөлдөө ишмердигин аткарууда, анын ичинде ыкчам-издөө ишмердигин, тергөөнү, жазаларды аткарууну ишке ашырган органдардын мыйзамдарды сактоосуна көзөмөл жүргүзүүдө да укук корго функциясын аткарат (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 11-октябрындагы корутундусунда). |
| Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары | Кыргыз Республикасынын Конституциясы муниципалдык бийликти жарандардын жергиликтүү коомчулугунун бийлиги катары тааныйт, ал эми Кыргыз Республикасынын Конституциясы тарабынан кепилденген муниципалдык түзүлүштүн ишмердүүлүгүн камсыз кылуу маселелерин өз алдынча чечүүгө болгон укук жергиликтүү өз алдынча башкаруунун конституциялык табиятын бир гана элдик бийликти жүргүзүү куралы катары эмес, калктын керектөөсүнө көбүрөөк жакын болгон тутум катары, ошондой эле жергиликтүү кызыкчылыктарды канааттандыруунун мыкты ыкмасы катары аныктайт (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 22-сентябрындагы чечиминде). |

| | |
|---|---|
| Ченемдик укуктук актынын аныктамасы жана анын белгилери | Ченемдик укуктук акт – бул ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын компетенциясынын чегинде, мыйзам тарабынан белгиленген тартипте кабыл алынган (чыгарылган), жүрүм-турумдун, аныкталбаган адамдар жана жактар чөйрөсүнө жана көп ирет колдонулушуна багытталган жалпыга бирдей эрежелерин камтыган жазуу түрүндөгү укуктук акт. Ошентип, ченемдик укуктук актыны мүнөздөөчү маанилүү белгилер болуп, төмөнкүлөр саналышат: анын бекитилген тартип боюнча мамлекеттик бийликтин ыйгарымдуу органы, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы же кызмат адамы тарабынан басылып чыгышы, андагы кандайдыр бир жактардын тобуна милдеттүү болгондугу, көп жолку колдонууга эсептелген, коомдук мамилелерди жөнгө салууга же колдонулуп жаткан укуктук мамилелерди өзгөртүүгө же токтотууга багытталган укуктук ченемдердин болушу (жүрүм- турум эрежеси). Ченемдик укуктук актылардын колдонулушу күчүнө кирген учурдан башталат, жана көрсөтүлгөн мыйзамдын негизи боюнча анын колдонулушу токтогонго чейин уланат. Бул убакыттын ичинде ченемдик укуктук акт жөнгө салуучу таасир этүүгө жөндөмдүү, жана ошентип кайсы бир юридикалык жыйынтыктарга алып келет (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 15-январындагы чечиминде). |
| | Ченемдик укуктук акт - ченем жаратуучу орган тарабынан анын компетенциясынын чегинде аныкталган таризде кабыл алынган (чыгарылган) жана укуктук ченемдерди белгилөөгө, өзгөртүүгө же жокко чыгарууга багытталган жазуу жүзүндөгү расмий документ. Өз кезегинде укуктук ченем деп жалпы милдеттүү жазма буйруктарды түшүнсө болот, алар эреже катары, туруктуу мүнөздө болуп, адамдардын аныкталбаган чөйрөсүнө жана көп ирет колдонууга багытталат.<br><br>Ошентип, укуктук ченемдик акт төмөнкү белгилер менен мүнөздөлөт: мамлекет менен орнотулуп же санкцияланган жүрүм-турумдун жалпы милдеттүү эрежеси болуп саналат; жалпы мүнөзгө ээ, көп ирет колдонууга эсептелген жана персонифицияланган эмес; формалдык түрдө аныкталган; мамлекеттик мажбурлоо менен камсыздалат (КР ЖС КПнын 2015-жылдын 2-сентябрындагы чечиминде). |
| Конституциянын үстөмдүгү;<br><br>Конституциянын преамбуласы | Конституциянын үстөмдүк принциптери укуктук мамлекеттин ажыратылгыс өзгөчөлүгү болуп саналат жана Конституцияны мамлекеттин органдары, жеке жана юридикалык жактар тарабынан милдеттүү түрдө аткарылышын талап кылат (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 11-июлундагы чечиминде). |
| | Кыргыз Республикасынын Конституциясынын үстөмдүгү, бардык укуктук актылар, бийлик органынын же анын кызмат адамынын бардык аракеттери Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ченемдерине ылайык келиши керек жана анын көрсөтмөлөрүнө каршы келбеши керек дегенди түшүндүрөт. Укуктун бардык тутумунун биримдиги, бүтүндүгү жана карама-каршы эместиги Кыргыз Республикасынын Конституциясынын үстөмдүгүн камсыз кылат. Кыргыз Республикасында кабыл алынган мыйзамдар жана башка укуктук актылар Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келбеши керек (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 24-сентябрындагы чечиминде). |
| | Конституциянын преамбуласы негизги, эң маанилүү жана андан ары конституциянын бүткүл текстин тутумдашып уюштуруучу принциптер менен позицияларды түптөйт (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 11-октябрындагы корутундусунда). |
| Эл аралык келишимдердин иштөөсү жана колдонулушу;<br><br>«pacta sunt servanda» деген принциптин иштөөсү (келишимдер аткарылышы керек) | Эл аралык келишимдин иштөөсү, келишим анын катышуучулары үчүн эл аралык-укуктук ченемдерди жана алардан келип чыгуучу укуктар менен милдеттерди жаратууну болжойт. Эл аралык келишимдердин иштөөсү жана колдонулушу андан келип чыгуучу милдеттенмелердин баардык анын катышуучулары тарабынан так аткарылуусун болжойт (pacta sunt servanda). Ошентип, күчүнө кирген жана ага ылайык колдонуудагы эл аралык келишимдердин жоболору анын катышуучусу болгон мамлекеттер тарабынан ыктыярдуу түрдө милдеттенмелерди ак ниеттүү аткаруу принцибинин негизинде аткарылуусу керек. Мамлекеттер түзүлгөн келишимди өздөрү аткарышат жана аны көзөмөлдөшөт (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 11-октябрындагы корутундусунда). |

| | |
|---|---|
| Конституциялык сот адилеттиги | Конституциялык сот адилет өзүнүн конституциялык контролдоо функциясын аткаруу менен, Конституцияга карам-каршы келген ченемдик укуктук актылардын аракеттеринен жарандардын эркиндигин жана укугун коргоо максатын койгон. Ошондуктан, конституциялык контролдоонун функцияларын ишке ашыруусу конституциялык эмес колдонуудагы ченемдик укуктук актыларды таануу жолу менен гана мүмкүн (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 15-январындагы чечиминде). |
| | Конституцияда көрсөтүлгөн Конституциялык палатанын ыйгарым укуктарынын чектеринде, ченем-контролдукту жүзөгө ашыруу боюнча ыйгарым укук жокко чыгарылган же күчүн жоготкон ченемдик укуктук актыларды кароону божомолдобойт, анткени Конституциялык палата тарабынан кабыл алынган чечимдердин түпкү максаты – Конституцияга карама-каршы келген ченемдик укуктук актынын колдонулушун жокко чыгаруу (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 15-январындагы чечиминде). |
| Соттук контролдоо | Соттук контролдоонун мааниси тараптардын укуктук талаштарды чечүү боюнча сот ишмердүүлүгүнүн бир түрү болуу менен бирге, Кыргыз Республикасынын демократиялык жана укуктук мамлекет катарында конституциялык аныкталышын чагылдырып турат (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 9-июлундагы чечиминде). |
| Соттук актыларынын жалпыга милдеттүүлүк принциби; Соттук актынын мыйзамдуу күчүнө кириши | Конституцияга ылайык, Кыргыз Республикасынын сотторунун мыйзамдуу күчүнө кирген актылары бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, юридикалык жактар, коомдук бирикмелер, кызмат адамдары жана жеке адамдар үчүн милдеттүү болот жана республиканын бүткүл аймагында аткарылууга тийиш (Конституциянын 100-беренесинин 1-бөлүгү). Бул конституци- ялык ченем сот тарабынан бекитилген милдеттенме көрсөтүлгөн соттук актыларда жана укуктук баалоодо, ошондой эле соттук чечимдерди милдеттүү аткарууда милдет катары карайт. Ушуну менен бирге, соттук чечимдин милдеттүүлүгү, алардын ишке катыштыбы, же жокпу, мындай көз карандысыз бардык адамдарга тең жайылтылат, ишке катышкан адамдар үчүн соттук чечимдин милдеттүүлүгү өз жүрүм-турумун соттук чечиминин жазма буйругуна ылайык алып жүрүү экендигин билдирет; башка субъекттер айрым бир аракеттерди жүргүзүшү керек же кабыл алынган чечимди бузбашы керек. Соттун чечими Кыргыз Республиканын бүткүл аймагында аткарылууга тийиш (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 31-январындагы чечиминде). |
| | Конституция тарабынан бекитилген жалпы милдеттүүлүк принциби сот тутумунун биримдигин сактоого, сот адилеттигинин кадыр-баркын жана жарандардын калыстыкка болгон ишенимин жогорулатууга багытталган. Жогоруда аталган конституциялык ченемдердин алкагында, мыйзамдык күчүнө кирген сот актыларын кароо керек. Аларды аткарбоо сот адилеттигинин милдеттерин ишке ашырууга тоскоол болот, зыяндын ордун кайтаруу мүмкүнчүлүгүн, бузулган укукту калыбына келтирүүнү жокко чыгарат, соттолуучунун же жоопкердин соттун өкүмүн же чечиминин натыйжаларын аткаруудан бошотууга түрткү болот. Мыйзамдык күчүнө кирген сот актыларынын жалпы милдеттүүлүк принциби сот чечимин аткарбагандыгы үчүн жоопкерчилик жөнүндө ченемдер менен бекитилген, башка учурда, сот адилеттиги өзүнүн социалдык ролун жоготот, укук коргоочу жана укукту жүзөгө ашыруучу кызматын аткарбайт (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 7-майындагы чечиминде). |
| | Сот актысын аткаруунун мыйзамдуу жалпы милдеттүүлүк принциби бардык адамдардын, анын ичинде көз каранды болгон жарандар тарабынан аткарылышын кепилдөө мүмкүнчүлүгүндө турат (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 7-майындагы чечиминде). |
| | Соттук акт мыйзамдуу күчүнө кирген учурдан тартып төгүндөлбөстүк, артыкчылык, милдеттүүлүк, преюдициялдуулук, аткарымдуулук белгилерине ээ болот. Бул белгилердин айкалышы соттук чечимдин мыйзамдуу күчүн билдирүү менен бирге бирдиктүүлүктө анын туруктуулугун камсыз кылат (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 31-октябрындагы чечиминде). |
| | Жарандык иш сот тарабынан маңызы боюнча чечим чыгаруу аркылуу каралат, аны менен кызыкдар тараптардын ортосундагы тиешелүү мамилелер ирээтке салынат, анын натыйжасында сот тарабынан бекитилген укуктар, милдеттер жана укуктук мамилелер акыркы, кол тийбес жана талашсыз болуп калат. Бул чечимдин мыйзамдуу күчүнө кирүүсүнүн натыйжасында жетилет (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 17-февралындагы чечиминде). |

| | |
|---|---|
| Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун соттук тажрыйба боюнча түшүндүрмөлөрү | Жогорку соттун соттук тажрыйбанын маселелери боюнча Пленумунун токтомдору эң башкысы колдонуудагы мыйзам ченемдерин түшүндүрүүгө, соттук тажрыйбанын бирдиктүүлүгүн камсыз кылууга жана соттук коргонуунун натыйжалуулугун арттырууга багытталган. Жогорку соттун Пленумунун түшүндүрмөлөрү өзүнүн мүнөзү боюнча мыйзамга карата жардамчы мааниге ээ. Бул түшүндүрмөлөрдүн мааниси мазмуну көп маанилүү, мааниси боюнча түшүнүксүз, баалоочу, карама-каршы же толук эмес болгон мыйзамдарга жана башка укуктук актыларга укук колдонуудагы кыйынчылыктарды жана соттук тажрыйбадагы кемчиликтерди жоюу максатында аныктыкты берүүдө турат (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 11-октябрындагы корутундусунда). |
| | Жогорку соттун Пленумунун токтомдорунун соттор жана судьялар үчүн милдеттүүлүгү судьялар сот адилеттигин жүзөгө ашырууда алардын көз карандысыздык жана өз алдынчалык принциптерине карама-каршы келбейт. Сот адилеттигин жүзөгө ашырууда судьялар көз карандысыз жана Конституция менен мыйзамга гана баш ийет, бирок ошону менен бирге эле, алар өлкөнүн бүткүл аймагында укуктар менен эркиндиктердин бирдей корголушун камсыз кылып, материалдык жана процесстик укуктун тийиштүү ченемдерин туура колдонууга милдеттүү (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 11-октябрындагы корутундусунда). |
| Жаңы ачылган жагдайлар боюнча иштерди жаңыртуу | Жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча ишти кайра баштоо – бул кылмыш процессинин өз алдынча стадиясы, анын мааниси сот адилеттиги туура жүзөгө ашыруунун маанилүү кепилдиги болуп саналат, жазык сот өндүрүшүндө жарандардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыз кылуунун бир каражаты катары кызмат кылат (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 7-февралындагы чечиминде). |
| | Жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча болобу, жаңы жагдайлар болобу, укуктук жыйынтыгы болуп, соттук чечимди кайра кароо саналат. Мында, жаңы жагдайлар, ошондой эле жаңыдан ачылган жагдайлар соттук чечимдерди кайра кароонун негизи катары так чийилген чеги болушу керек жана абстрактуу аныктама камтыбашы керек, болбосо бул соттук актылардын укуктук туруктуулук менен аныктамалыктардын карама-каршылыгына алып келет жана укуктук мамлекеттин принциптеринин бузулуусуна алып келет. Ошондуктан, Конституциялык палата тарабынан жаңыдан ачылган жагдайлардын толук тизмегинде адилеттүү сотко жетүүнүн чектери каралбайт (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 7-февралындагы чечиминде). |
| Квалификациялуу юридикалык жардам алууга укук | Соттук териштирүүдө жактоочунун катышуусу ар бирине конституциялык жобонун ишке ашыруудагы кепилдиктин бири болгон квалификациялык юридикалык жардам берүүнү (Конституциянын 40-беренесинин 3-бөлүгү) жана тараптардын атаандаштыктын жана тең укуктуулуктун негизинде сот адилеттик принциптерин жүзөгө ашырууну көрсөтөт (Конституциянын 99-беренесинин 3- бөлүгү, ЖПКнын 48-беренесинин 1-бөлүгү) (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 21-февралындагы чечиминде). |
| | Кыргыз Республикасынын Конституциясы ар кимге квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугун бекитип берүү менен, кайсы бир адамдын адвокаттын жардамын пайдалануусун себеп кылып аны шектүү же айыптуу деп формалдуу түрдө таанууну болжобойт да, ошону менен бирге укук коргоо же соттук органдардын процесстик актыны кабыл алышкан учурдан тарта аны ишке ашырууда мыйзам чыгаруучуга чектөө шарттарын орнотууга укук бербейт. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын бул ченеми укуктук жардамга муктаж болгон адамдын нагыз абалын мүнөздөгөн белгилерди көрсөтөт, анткени дал ушул жагдайда анын эркиндик менен жеке колтийгистик конституциялык укуктары чектелиши мүмкүн. Ошону үчүн конкреттүү бир адамдын адвокаттын жардамын пайдалануу конституциялык укугу, анын укуктары чындап чектелген учурдан тарта пайда болот (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 2-ноябрындагы чечиминде). |
| | Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 40-беренесинде бекитилген жоболордун тике мааниси боюнча, эгер, кайсы бир адамга карата бийликтин ыйгарым укуктуу органдары тарабынан эркиндиги менен жеке колтийгистигине чындап чектөө чаралары колдонулган болсо, анын ичинде жүрүү эркиндигин, укук коргоо органдарына, сотко жеткирүүнү жана башка эркиндик менен жеке колтийгистикти олуттуу чектеген кандайдыр бир аракеттерди кошкондо, ар кимге формалдык процесстик статусуна карабастан адвокаттын юридикалык жардамын алуу укугу кепилденет (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 2-ноябрындагы чечиминде). |
| | Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 40-беренесинин 2 жана 3-бөлүктөрү менен кепилденген коргонуу жана квалификациялуу жардам алуу укугу, алдын ала таасир этүү чараларын колдонууда адвокаттын катышуусун болжойт, бул Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 99-беренесинин 3-бөлүгүндө бекитилген тараптардын атаандаштыгы жана тең укуктуулугу принциби менен камсызданат (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 2-ноябрындагы чечиминде). |

| | |
|---|---|
| Соттук процесстин катышуучуларын материалдар менен таанышуусун чектөө | Алдын алуучу каттоого коюу жана сот тарабынан милдеттерди салуу жөнүндө маселени кароодо сот процессинин катышуучуларына мамлекеттик сырга тиешелүү болгон материалдар менен таанышуусун чектөө мүмкүн болуучу жагдай, анткени бул улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, адепти, калктын саламаттыгын, башка жактардын укуктары менен эркиндиктерин камсыз кылууга багытталган (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 2-ноябрындагы чечиминде). |
| Жогору турган сот тарабынан иштин кайталанып каралышына укук | Мыйзамдуу күчүнө кирген жазык иши боюнча сот актысын кайра кароо жана жазык ишин туура чечүү үчүн жазык ишин кароодо олуттуу мааниге ээ жагдайларга карата соттун кабардар эместигинен улам кетирилген сот жаңылыштыгын оңдоо адамдын жана жарандын соттук укугун коргоонун майнаптуу зарыл шарты, ошондой эле сот адилеттигинин акыйкаттуулугу жана сот актыларынын стабилдүүлүгү сыяктуу баалуулуктарды колдоо болуп саналат (). |
| | Соттук коргоого болгон укуктун натыйжалуу кепилдиги болуп иштин жогору турган сот тарабынан кайра каралуу мүмкүндүгү саналат (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 31-октябрындагы чечиминде). |
| | Кассациялык жана көзөмөл инстанциялардагы сот өндүрүшү мыйзамдуу күчүнө кирген соттук актыларды оңдоого багытталган жана соттук актылардын мыйзамдуулугуна кошумча кепилдик катары колдонулат (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 3-декабрындагы чечиминде). |
| | Жогору турган сотко айыптоочу өкүмдү даттануу укугу эч кандай чектөөгө жатпайт жана соттук коргоого болгон укук менен тутумдуу байланышта турат, ал Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык абсолюттук мүнөзгө ээ (40-берене, 20-берененин 5-бөлүгүнүн 8-пункту).<br><br>Бул учурда, иштин жогору турган сот тарабынан кайра кароого болгон укукту ишке ашыруу убактылуу алкактар менен чектелип калышы мүмкүн, бул өзүнөн өзү соттук коргоого болгон укукту чектөө болуп саналбайт жана кабыл алынган соттук актылардын туруктуулугун жана түзүлгөн укук мамилелерде укуктук аныкталгандыкты сактоо максатына ээ (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 11-майындагы чечиминде). |
| Судьядан баш тартуу жөнүндө өтүнүчтү канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө аныктамага даттануу тартиби | Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 21-беренесинин 7-пунктунда каралган судьядан баш тартуу жөнүндө өтүнүчтү канааттандыруудан баш тартуу жөнүндөгү соттун аныктамасына даттануу тартиби соттун калыстыгы принциби менен ишти акылга сыйган мөөнөттө кароонун ортосундагы тең салмактуулукту камсыз кылууга багытталган деп эсептейт, жана судьялардын баш тартуу аргументтешпеген жүйөөлөрүн четтетет, ар биринин көз карандысыз жана калыс сот тарабынан соттук коргоого болгон жана акыйкат сот териштирүүгө болгон укугун бузбайт (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 29-октябрындагы чечиминде). |
| Соттолгондун ырайым кылуу же жазаны жумшартуу жөнүндө сурануу укугу | Кылмыш жасагандыгы үчүн соттолгон адамга ырайым кылуу гуманизм жана боорукердиктин жышааны болуп саналат. Ошону менен ырайым кылуу жазык мыйзамынын ченемин өзгөртпөйт, сот өкүмүн жокко чыгарбайт жана өзгөртпөйт жана соттук каталарды четтетүү каражаты катары каралышы мүмкүн эмес. Бул үчүн ишти аппеляциялык тартипте кайра кароонун, соттун өкүмдөрүн кассациялык жана көзөмөл өндүрүштө, ошондой эле жаңы жана жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча кайра кароонун жазык-процесстик институттары бар (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 18-октябрындагы чечиминде). |
| | Кыргыз Республикасынын 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 2-пунктунда, 27-беренесинин 2-бөлүгүндө бекитилген ар бир соттолгон адамдын ырайым кылуу же жазасын жеңилдетүүнү сурануу укугу эч кандай чектелүүгө тийиш эмес. Көрсөтүлгөн жагдай ырайым кылуу суранычын канааттандырууну болжобойт жана соттолгон адам милдеттүү түрдө кечирилиши керек дегенди билдирбейт. Бул жазык укугунун жазанын кайтарылгыстыгы жөнүндө жалпы принцибинен келип чыгат, анын мазмуну социалдык адилеттүүлүктү, жабырлануучунун кылмыштын натыйжасында бузулган укуктары менен кызыкчылыктарын калыбына келтирүүдө турат (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 18-октябрындагы чечиминде). |
| | Мыйзам чыгаруучунун ырайым кылуу боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин конституциялык ыйгарым укуктарын ишке ашыруунун механизмдерин конкреттештирүүсү, ырайым кылуу жөнүндө өтүнүч менен кайталап кайрылуу үчүн мөөнөттөрдү аныктоо Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 2-пунктунда, 27-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган соттолгон адамдардын ырайым кылууну суроо укугун чектөө катары каралышы мүмкүн эмес (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 18-октябрындагы чечиминде). |

| | |
|---|---|
| Соттон тышкары териштирүү | Ушуга ылайык, сыртынан соттук териштирүү, соттон качып жүргөн же жазык ишин кароого болгон жоопкерчиликтен атайылап качып жаткан адам үчүн жазык жоопкерчилигинен шексиздиги принцибин ишке ашыруу болуп саналат (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 11-майындагы чечиминде). |
| Процесстик мөөнөттөр | Мыйзам чыгаруучунун өкүмдү апелляциялык даттанууга берген мөөнөтүнүн башталышынын ар кандай болушун, камакта болгон адамдар үчүн да, башка бөгөт коюу чаралары башкалар үчүн да соттолуучулардын ар кандай укуктук абалдары менен шартталган (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 11-майындагы чечиминде). |
| | Камакта болгон адамдар үчүн жана башка бөгөт коюу чарасынын башка түрлөрү көрүлгөн адамдар үчүн айыптоочу өкүмдү апелляциялык даттанууга берген убакыттын эсептелип башталышындагы мыйзамдык айырма – теңчилик принцибин кармоо менен объективдүү жана акыл-эстүүлүк актоону эске алуу менен киргизилген, анткени камакта болгон соттолуучу жазык сот өндүрүшүнүн башка катышуучуларына караганда өзүнүн камакта болгону үчүн бирдей эмес шартта болот (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 11-майындагы чечиминде). |
| Доонун эскирүү мөөнөтү | Доонун эскирүү мөөнөтүнүн институту өзүнүн укуктук табияты боюнча өзгөчө мааниге ээ, анын негизги милдети болуп жарандык карым-катнаштардын жарандык-укуктук келишимдердин туруктуулугун, граждандык укук мамилелердин катышуучуларынын укуктарынын өз убагында корголушун камсыз кылуу саналат. Доонун эскириши жарандык карым-катнаштардын катышуучуларын тартипке салууга, жарандык укук мамилелеринин катышуучуларын субъективдүү коргоо укугун натыйжалуу ишке ашырууга шарт түзүүгө багытталган.<br><br>Доонун эскириши мыйзамдардын негизги институттарынын бири болуп эсептелинет, анткени соттук тартипте бузулган субъективдүү укукту коргоонун убакттык чектерин аныктап турат. Доонун эскиришинин маанилүү көрүнүшү болуп, анын жарандык укук мамилелеринин укуктук аныктыгына жана туруктуулугуна шарт түзүүсү эсептелет, анткени бузулган укукту мажбурлап коргоону чектей турган мөөнөтсүз, укук ээси өз укугун бузуучуну соттук таасир көрсөтүү коркунучу алдында каалаганындай узак кармоо мүмкүндүгүн алмак. Сотко кайрылууну өтө узакка созуу далилдердин жок болуп кетүү коркунучун туудурмак, ошону менен жарандык иштерди өз убагында чечүү кыйынчылык жаратып же такыр мүмкүн эмес болмок (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 17-февралындагы чечиминде). |
| | Укуктун аталган субъекттерин, доонун эскирүү мөөнөтүн калыбына келтирүү укугунан, аны өткөрүп жиберүүнүн себебине карабастан (КР ЖКнын 215-беренесинин 2-пунктунун биринчи абзацы) толук жана сөзсүз ажыратуу негизсиз болуп эсептелинет жана Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен кепилденген соттук коргонуу укугун чектейт (20-берененин 5-бөлүгүнүн 8-пункту, 40-берененин 1- бөлүгү) (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 17-февралындагы чечиминде). |
| Жазык жоопкерчилигине тартуунун эскирген мөөнөтү;<br><br>жазык укугунда доонун эскирүү мөөнөтүн колдонууда алып салуулар | Жазык жоопкерчилигине тартуунун мөөнөтүнүн эскириши деп мыйзамда белгиленген убакыт өткөндөн кийин жасаган кылмыш үчүн адам жоопкерчиликке тартылбайт дегенди түшүнүү керек. Бул убакыттын аралыгы айыпкердин жасаган кылмышынын мүнөзүнө жараша болот жана Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинде тике аныкталат (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 11-октябрындагы корутундусунда). |
| | Жазык укугунда эскирүү мөөнөтү - убакыттын ал өткөндөн кийин жасалган кылмышка карата укуктук аракеттер жасалбай турган мезгили, адам кылмыш жоопкерчилигинен бошотулат же ага жаза колдонулбайт. Жазык иштери боюнча эскирүү мөөнөтүн колдонуу гуманизм белгилерин ишке ашыруу болуп саналат да, укук бузуучунун коомдук кооптуулугун жоготуусуна жана аны жоопкерчиликке тартуу максатка ылайык эместигине байланыштуу болот (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 11-октябрындагы корутундусунда). |
| | Мыйзамда эскирүү мөөнөтү белгиленген кылмыштар боюнча колдонууда эскирүү мөөнөтүн алып коюу мамлекетке жана бүткүл элге келтирилген чыгымдын масштабдары эбегейсиз жана орду толгус өзгөчө учурларда мүмкүн, анткени мындай жосундар убакыттын өтүүсү менен өзүнүн коомдук кооптуулугун жоготпойт (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 11-октябрындагы корутундусунда). |

| | |
|---|---|
| Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктары; парламенттик контроль | Парламенттик контролдун маңызы кабыл алынган мыйзамдын аткарылышын текшерүүдө турат, ал кабыл алынган мыйзамды аткаруу бөлүгүндө кандайдыр бир кийинки макулдашууларды болжолдой албайт. Парламенттик контроль, мамлекеттик контролдун алдыңкы түрлөрү болуп саналып, парламенттин мыйзам чыгаруу иш-милдеттери менен катар, аткаруу бийлигинин органдарынын аткаруучу-тескөөчү ишине кийлигишүүсүз жүзөгө ашырууга тийиш. Конституциянын маанисинен жана мазмунунан алып караганда, парламенттик контролдун чеги аткаруу бийлигинин тутумунун негизги ыйгарым укуктары башталгандан тартып жүргүзүлөт, ага бийликти бөлүштүрүү принциптерине ылайык, мыйзам чыгаруучу бийликтин укугу жок. Парламенттик контролдун белгилеген чегинин так маанисин түшүнүү бийликти бөлүштүрүүнүн принцибинин негизинде мамлекеттеги мыйзам чыгаруу жана аткаруучу бийлик бутактарынын өз ара мамилесин уюштурууга шарт түзөт (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 11-апрелиндеги чечиминде). |
| Депутаттардын фракцияларга биригиши | Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70-беренесинин 3-бөлүгүнүн конституциялык-укуктук мааниси, жогоруда белгиленгендей, депутаттын анын конституциялык укугу эмес, милдети катары фракцияда болушун бекемдейт (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 11-апрелиндеги чечиминде). |
| Императивдик эмес мандат | Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 73-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, императивдик мандатка байланышпайт, жана аны кайра чакырып алууга жол берилбейт. Ушул ченем, ар бир депутат кандай чечимди кабыл албаса да өз алдынча жана ыйгарым укуктарынын мөөнөтү өткөндөн кийин кайра чакырып алууга мүмкүн эмес деп божомолдойт. Императивдүү мандат менен байланышпаган депутаттын статусу фракциянын пикири менен дал келбеген өзүнчө пикирге жана көз карашына ээ болуу укугун берет, бул депутатка анын ички ынанымдарына жана шайлоочулардын кызыкчылыгына жооп берген чечимдерди эркин кабыл алууга мүмкүндүк берет. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын императивдүү эмес мандаты эркиндик принципин кармоого мүмкүндүк берет, анда партия депутатты чакыртып ала албайт, ал эми депутат өз каалоосу боюнча добуш берүүгө укуктуу (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 24-сентябрындагы чечиминде). |
| | Азыркы мамлекеттин шартында императивдүү эмес мандаттын мааниси депутатка саясий партиялар тарабынан кысымды чектөө үчүн түзүлөт, андан сырткары, мындай укуктук түзүлүш фракциянын көпчүлүк мүчөлөрүнүн пикиринен айырмаланган, депутаттардын өз саясий көз караштарын жана идеяларын эркин чагылдыруу, пикирлерди айтуу жана шайлоочулардын кызыкчылыгын коргоо үчүн шарт түзөт (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 24-сентябрындагы чечиминде). |
| Депутатты чакыртып алуу институту | Чакыртып алуу институту – шайлоочу адамдын калктын алдындагы жоопкерчилик таризин көрсөтүп турган эл бийлигинин өзгөчөлүү институту, анын мазмуну болуп шайлоочулардын эрки боюнча тандалган шайланган адамдын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу мүмкүндүгү саналат. Депутатты чакыртып алуу шайлоочулардын эрки менен тыгыз байланышкан жана тикелей демократиянын бир түрү болуп эсептелет. Эреже катары, депутатты чакыртып алууга негиз болуп, алар шайлаган адам ага жүктөлгөн ыйгарым укуктарды аткарбоосунун натыйжасында шайлоочулардын ишенимин жоготуусу эсептелет. Буга ылайык, чакыртып алууну, анын ичинде аны демилгелөө жол-жобосун ишке ашыруучу субъекттер болуп бир гана шайлоочулар эсептелет. Чакыртып алуу институтунун болушунун өзү эле, депутатты чакыртып алууну шайлоого жакыныраак жол-жоболор менен ишке ашырууну шарттайт. Ошону менен, элдик көз карандысыздыктын жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну ишке ашырууга болгон жарандардын укугунун конституциялык принциби камсыздалат (КР ЖС КПнын 2015-жылдын 10-июнундагы чечиминде). |
| Адамдын укуктары менен эркиндиктерин сактоо принциптери | Кыргыз Республикасынын Конституциясы адам укуктары менен эркиндиктери эң жогорку баалуулук деп тааныйт. Муну менен, конституциялык принцип декларацияланат, ага ылайык инсандын укугун таануу, кармоо жана коргоо укуктук мамлекеттин ажырагыс атрибуту, анын милдети болуп саналат (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 23-апрелиндеги чечиминде). |

| | |
|---|---|
| Бир эле укук бузуу үчүн кош юридикалык жоопкерчиликке тыюу салуу | Эч ким бир эле укук бузгандык үчүн кайра юридикалык жоопкерчиликке тартылбайт (Конституциянын 27-беренесинин 3-бөлүгү). Эгер адам юридикалык жоопкерчиликке тартылган болсо, жана соттун же башка ыйгарымдуу органдын укуктук актысы жыйынтыктоочу мүнөзгө ээ болсо, буга конституциялык принцип колдонулат.<br><br>Бул принцип боюнча, баарынан мурда, соттолуучуга карата сот актысын кайра кароонун мүмкүн эместиги менен камсыздалат, ал жаңы жазык куугунтугуна тартылбайт, күнөөлүү деп табылып, бир эле иш үчүн кайра соттолбойт. Мындай мамиле бул укуктук аракеттин чөйрөсүн кеңейтүүгө мүмкүндүк берет, аны менен кандайдыр бир деңгээлде административдик сот өндүрүшүн камтыйт. Бир эле кылмыш үчүн кайталап камалууга дуушар болбоо укугун жүзөгө ашыруунун негизги шарты кайрадан милдеттендирилген адамдын акталган же соттолгон ошол жосуну менен окшоштугу саналат. Бул учурда окшош болуп калган эки кылмышты баалоо учурунда, аларды бир укук бузууларынын аталышы менен гана эмес, абдан маанилүү болгон – алардын маңызы жана максаты боюнча дагы, ошондой эле бул укук бузуулар бир эле олуттуу элементтерди камтый тургандыгын айырмалоо керек. Ушуга байланыштуу, адам бир эле укук бузгандык үчүн кайра юридикалык жоопкерчиликке тартылбайт деп көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 27-беренесинин 3-бөлүгү бир эле юридикалык жоопкерчиликтин алкагында каралышы мүмкүн. Ошентип, адамды жазык жоопкерчилигине жана административдик жоопкерчиликке тартуу аталган укук бузуулардын белгилеринин окшош эместигинен улам, бир эле укук бузуулар үчүн юридикалык жоопкерчиликке тартууга мүмкүн эместиги жөнүндө конституциялык эрежелерге каршы келбейт (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 7-майындагы чечиминде). |
| Күнөөсүздүк презумпциясынын принциби | Күнөөсүздүк жоромолу тууралуу конституциялык мыйзам жоболору жазык жоопкерчилиги тармагында колдонулат. Жоопкерчиликтин башка түрлөрү үчүн мыйзам чыгаруучу, аныкталган бир мамилелерди укуктук жөнгө салуу процессинде, күнөөнү башка жол менен далилдөө түйшүгүн бөлүштүрүү тууралуу маселени чечүүгө укуктуу, анда бул мамилелердин жана алардын субъекттеринин өзгөчөлүгү; улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, ден соолукту жана калктын адеп-ахлагын коргоо кызыкчылыгы, башка адамдардын укугун жана эркиндигин коргоо (Конституциянын 20-беренесинин 2-бөлүгү); ошондой эле жоопкерчиликтин болбой коюу талаптары эске алынат (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 25-июнундагы чечиминде). |
| | Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 26-беренесинде бекитилген күнөөсүздүк жоромолун далилдөө принциби сот адилеттигинин негизги принциптеринин бири болуп саналат. Анын укуктук мааниси айыпталуучу анын күнөөсү соттун мыйзамдуу күчүнө кирген айыптоо өкүмүндө далилдене турган шартында гана күнөөлүү деп табылышы мүмкүн (КР ЖС КПнын 2015-жылдын 4-мартындагы чечиминде). |
| Өз пикирин билдирүү, сөз жана басма сөз эркиндиги | Кыргыз Республикасынын Конституциясы өз пикирин эркин билдирүүгө, сөз жана басма сөз эркиндигине болгон укугун, мамлекет тарабынан бул үчүн куугунтуктоодон коркпостон эркин ойлонууну жана өз оюн эркин билдирүүнү бирдиктүү жана ажырагыс укук катары карайт (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 29-декабрындагы чечиминде). |
| | Өз пикирин эркин билдирүүнү, сөз жана басма сөз эркиндигине болгон укукту ишке ашыруу бузула албайт, бул укук жоопкерчиликтүү жана Кыргыз Республикасынын Конституциясы (Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 31-беренесинин 4-бөлүгү) жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан бекитилген башка адамдардын укугун жана эркиндигин бузбай турган ченемде ишке ашырылат (КР ЖС КПнын 2014-жылдын 29-декабрындагы чечиминде). |
| | Кылмыш жасалгандыгы жөнүндө массалык маалымат каражатарынаа билдирүү жасоо кылмыш ишин козгоого себеп болуу менен сотко чейинки жана соттук өндүрүштүн ишке ашышына көмөктөшөт, бирок мындай билдирүүнүн чындыкка жатпагандыгы атайылап жалган билдирүү катары саналышы мүмкүн эмес жана Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 329-беренесинде каралган кылмыш курамын түзбөйт. Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 329-беренесин Конституциялык палата менен ушул чечимде ачылган маанисинен айырмаланган башкача түшүнүү жана колдонуу ар кимдин өз пикирин 12 билдирүүгө, сөз жана басма сөз эркиндигине болгон конституциялык укуктарын бузат (Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 31, 33- беренелери) (КР ЖС КПнын 2015-жылдын 14-январындагы чечиминде). |

| | |
|---|---|
| Өз пикирин билдирүү, сөз жана басма сөз эркиндиги | Пикирин эркин билдирүү, сөз жана басма сөз эркиндиги адамдын өзүн таанытуунун, турмуштук жигердүү көз карашын калыптандыруунун, өзүнүн салмактуулугун жана баалуулугун таанып билүүнүн, башкаларды угуп, алар менен менен пикир алышып муктаждыктарын канааттандыруунун зарыл болгон шарты болуп саналат.<br>Пикирин эркин билдирүүнү кепилдиги адамдын эркин жана көз карандысыз ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгүнө чек коюлушунан коргоо деп саналат. Демек, пикирди эркин айтууга мүмкүнчүлүк болбосо, аны эркин айтуу кыйын.<br>Сөз эркиндиги деген адам өзүнүн оюн, пикирин жана ынанымдарын эл алдында айтып, ачыкка чыгарып, кенен сүйлөө мүмкүнчүлүктөрүнөн билинет.<br>Басма сөз эркиндиги – бул жарандардын басма сөз каражаттарын эркин уюштурууга, ар кандай басма сөз продукциясын басып чыгарууга жана таратууга болгон жеке жана саясий укугу.<br>Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 33-беренесинин 1-бөлүгүндө белглинген маалымат эркиндигине укук дегенди туунду катары, ошол эле учурда, пикирди билдирүү эркиндигине жана сөз эркиндигине болгон кошумча кепилдик катары кароо керек.<br>Пикирин билдирүү эркиндигине, сөз жана маалымат эркиндигине болгон укук шайлоо алдындагы үгүт иштерине болгон укук менен эч шайкеш келбейт. Үгүт иштери катуу белгиленген тартипте, алдын ала үгүт иштери мезгили ичинде гана жана жеке шайлоо укуктук мамилелер алкагында жүзөгө ашырылат (КР ЖС КПнын 2015-жылдын 14-январындагы чечиминде). |
| | Пикирлерди билдирүү эркиндигине болгон кепилдик адамды эркин жана көз карандысыз ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгүн чектөөдөн коргоодо турса, ой- пикирди эркин айтуу мүмкүн болбосо ал эркин билдирилбейт; сөз эркиндиги адамдын эл алдында эркин сүйлөө, ашкере кылуу, өзүнүн ойлорун, пикирлерин жана ишенимдерин тоскоолдуксуз билдирүүдө, кандай гана жол менен болбосун аны жайылтууда турат (КР ЖС КПнын 2015-жылдын 27-ноябрындагы чечиминде). |
| | Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 33-беренесинин 1-бөлүгүнө киргизилген маалымат эркиндигине болгон укукту туунду катары ошол эле учурда ой-пикирлерди билдирүү эркиндигине жана сөз эркиндигине болгон кошумча кепилдик катары кароо керек (КР ЖС КПнын 2015-жылдын 27-ноябрындагы чечиминде). |
| Эркиндикке жана жеке кол тийбестикке укук | Кыргыз Республикасынын Конституциясы мамлекет менен адамдын кадыр-баркын таануудан улам анын автономия тармагына өз алдынча кийлигишүүгө мүмкүн эместикти алдын ала аныктайт, адамдын ар тараптан өнүгүүсү үчүн дагы, ошондой эле коомдун демократиялык түзүлүшү үчүн шарттарды түзгөн эркиндикке болгон укукту жана жеке кол тийбестикти адамдын негизги укугу катары тааныйт (КР ЖС КПнын 2015-жылдын 4-мартындагы чечиминде). |
| Жеке турмуштун кол тийбестигине укук;<br>Купуя кат алышуу укугу, телефон жана башка сүйлөшүүлөргө, почто, телеграф, электрондук жана башка билдирүүлөргө укук;<br>Адамдын жеке турмушу жөнүндө жашыруун маалыматты топтоого, сактоого, пайдаланууга жана аны жайылтууга тыюу салуу | Жеке турмушунун кол тийбестигине болгон укук юридикалык категория катары жаранга мамлекет жана коомдон автономия абалында туруу мүмкүнчүлүгүн камсыздаган укуктардан, ошондой эле бул укукту ишке ашырууга кийлигишпөөнүн юридикалык кепилдиктеринен турат.<br>Жеке турмушунун кол тийбестигинин маанилүү шарттары болуп саналган укуктардын катарына Кыргыз Республикасынын Конституциясы кат-кабар алышуу, телефон жана башка сүйлөшүүлөр, почта, телеграфтык, электрондук жана башка маалыматтардын купуялуулук укугун киргизет (29- берененин 2-бөлүгү). Сүйлөшүүлөр жана кат-кабар алышуулардын купуялуулук укуктары – бул ар бир адамдын башка адамдар менен цензура жана кийлигишүүсүз коммуникацияны орнотууга болгон укугу, ошол эле учурда бир адам тарабынан экинчи адамга байланыш каражаттары аркылуу (адамдардын пикир алышуусунун ар кандай каражаттары) берилген кайсы гана болбосун маалыматтар алардын мазмунуна карабастан, купуя маалымат болуп саналат жана негизсиз жана абонент-адамдын уруксаты жок жарыялануга тийиш эмес. Мындай маалыматтын кол тийбестиги анын ушул гана адамдарга белгилүү экендигин камтыйт, Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана улуттук мыйзамдар менен корголот жана кепилдик берилет (КР ЖС КПнын 2015-жылдын 22-апрелиндеги чечиминде). |
| | Мыйзамсыз кирүү, пайдалануу, купуялуулук маалыматты жана жеке жашоо жөнүндө маалыматты жарыялоо жеке адамдын укуктарына жана мыйзамдуу кызыкчылыктарына зыян келтирет же анын келтирилиши боюнча коркунуч жаратат. Ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Конституциясы мыйзамда белгиленген учурлардан тышкары адамдын макулдугусуз анын жеке турмушу тууралуу маалыматты, жашыруун маалыматты жыйноого, сактоого, пайдаланууга жана жайылтууга тыюу салат, ошону менен бирге жеке турмушунун кол тийбестик укугунун жалпы кепили болот (29-берененин 3-бөлүгү) (КР ЖС КПнын 2015-жылдын 22-апрелиндеги чечиминде). |

| | |
|---|---|
| Жеке турмуштун кол тийбестигине укук; Купуя кат алышуу укугу, телефон жана башка сүйлөшүүлөргө, почто, телеграф, электрондук жана башка билдирүүлөргө укук; | Кыргыз Республикасынын Конституциясы тарабынан мыйзамда белгиленген учурлардан тышкары адамдын макулдугусуз анын жеке турмушу тууралуу маалыматты, жашыруун маалыматты жыйноого, сактоого, пайдаланууга жана жайылтууга жол берилбейт.<br>«Жеке турмуш» түшүнүгү адамдын өздүк ыктыярынын чөйрөсүнө таандык болуп эсептелет, укуктук көз караштан караганда ал материалдык эмес мүнөздөгү баалуулук болуп саналат, ал сырттан атайылап кол салуудан мыйзам тарабынан коргоого жатат, ошондой эле ал мамлекет тарабынан жол берилген, легитимдүү басып кирүүнүн чегин орнотуу жолу менен коргоого алынат. Жеке турмуштун кол тийбестикке болгон укуктук коргоосу баарынан мурда конституциялык кепилдиктерди орнотуу аркылуу ишке ашырылат. Кепилдүүлүктүн деңгээлинен жана жарандардын жеке турмушунун кол тийбестигин сактоодон жеке инсандын мамлекеттеги эркиндигинин деңгээли, андагы конституциялык түзүлүштүн демократиялуулугу жана гумандуулугу аныкталат (КР ЖС КПнын 2015-жылдын 14-сентябрындагы чечиминде). |
| Адамдын жеке турмушу жөнүндө жашыруун маалыматты топтоого, сактоого, пайдаланууга жана аны жайылтууга тыюу салуу | Мыйзам менен белгиленген учурлардан тышкары адам жөнүндө жашырын маалыматты, анын жеке турмушу жөнүндө маалыматты анын макулдугусуз жыйноо, сактоо, пайдалануу жана жайылтууга тыюу салуу жеке турмуштун кол тийбестикке болгон укугунан келип чыгат жана аны ишке ашыруунун зарыл болгон укуктук каражаты болуп эсептелет. Өзүнүн маңызы жана мааниси боюнча Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 29-беренесинин 3-бөлүгүнүн жоболору, мамлекет, бир тарабынан өзү жөнүндөгү маалыматтарды көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгүнө кепилдик берет жана жеке өзүнө таандык мүнөздөгү маалыматтарды жайылтууга тыюу салат, башка тарабынан – мыйзамдуу негизде кийлигишүүгө жол берет (КР ЖС КПнын 2015-жылдын 14-сентябрындагы чечиминде). |
| Жарандык институту | Кыргыз Республикасы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган эгемендик принцибин жетекчиликке алып, жарандык маселе боюнча укуктук жөнгө салууну тандоодо эркин (КР ЖС КПнын 2016-жылдын 11-октябрындагы корутундусунда). |
| Биригүү эркиндигине укук | Свобода объединения включает в себя право стать членом объединения без получения на то специального разрешения; как объединять других лиц, так и присоединяться к уже существующему объединению и выходить из него; участвовать в деятельности объединения.<br>Особенность права на объединение включает в себя не только полную свободу волеизъявления граждан на объединение, но и такие неотъемлемые составляющие как самостоятельность в вопросе определения целей и задач, выработке путей их решения и множество других признаков, основанных на самостоятельности (КР ЖС КПнын 2015-жылдын 14-сентябрындагы чечиминде). |
| Адвокаттын укуктук статусу; Адвокатура институту | Адвокаттар дайыма жалпыга маанилүү укуктук мүнөзгө ээ, анткени сот адилеттигин ишке ашырууга катышкандан сырткары, алар өз алдынча ар кимдин кызыкчылыктарын, укуктарын жана эркиндиктерин коргойт жана өкүлчүлүк кылат, ал эми алар бузулган учурда, мыйзамда каралган чараларды колдонуп, укуктарды калыбына келтирет. Ушундай коомдун алдындагы өзгөчө маанидеги милдеттери, көздөгөн максаттары, аткарган ишинин тартиби менен Адвокатура коомдук бирикмелерден айырмаланып турат жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 4 жана 35-беренелери камтыган биригүү эркиндигинин принциби Адвокатурага колдонууга жатпайт (КР ЖС КПнын 2015-жылдын 11-мартындагы чечиминде). |

| | |
|---|---|
| Салык жана салык эмес төлөмдөрдүн принциптери | Салыктык эмес төлөмдөр салыктар сыяктуу эле ачык мүнөздөгү мыйзам менен бекитилген жана милдеттүү түрдө төлөнгөн конституциялык жол берилген төлөмдөр болуп саналат.<br>Адилеттүүлүк принциби, коомдук мамилелердин укуктары жана милдеттери мазмуну боюнча да, социалдык баалуулугу боюнча да бирдей болушу керек экендигин түшүндүрөт, ал жеке жана коомдук кызыкчылыктарды камсыздоого багытталган.<br>Адилеттүүлүк принцибинин юридикалык аспектиси салыктарды жана милдеттүү салыктык эмес төлөмдөрдү адилеттүү администрлөө камсыз кылууга багытталган. Бул принциптин экономикалык аспектиси, салык жүгүн бирдей бөлүштүрүүнү болжолдойт, анда ар бир салык төлөөчү мамлекеттин керектөөлөрүн мамлекеттин колдоосу алдында жана анын колдоосу менен алып жаткан кирешелерге өлчөмдөш каржылоодо материалдык катышууга ээ болот.<br>Салык тутумунун кыймылдуулук принциби, салыктык жана салык эмес төлөмдөр мамлекеттин социалдык-экономикалык жагдайынан жана мамлекеттин мүмкүнчүлүктөрүнөн улам өзгөрүшү мүмкүн экендигин билдирип турат. Бул учурда бул принцип жаңы салыктарга жана салыктык эмес төлөмдөргө кайтарым күчтү берүүгө жол бербейт.<br>Ошентип, аталган принциптер жаңы салыктарга жана салыктык эмес төлөмдөргө кайтарым күчтү берүүнүн мүмкүн эместигин орнотот, ал эми аларды киргизүү мамлекеттин социалдык-экономикалык жагдайы менен шартталат, анда мамлекеттин, коомдун жана салык төлөөчүлөрдүн кызыкчылыгы эске алынат (КР ЖС КПнын 2015-жылдын 5-октябрындагы чечиминде). |

Долбоор Европа Биримдиги тарабынан каржыланат

Rule of Law

german cooperation
DEUTSCHE ZUSAMMENARBEIT

Аткаруучу:
giz Deutsche Gesellschaft für Internationale Zusammenarbeit (GIZ) GmbH